**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*

**УДК: 370:371:3:371:302.2:372.3:894.341.**

**МААТАЗИМОВА ГУЛЗАТ ЭРМАМАТОВНА**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БАЛДАР ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ҮЙРӨТҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ (3-4 КЛАСС)

**13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)**

**Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи: КР УИАнын мүчө-корреспонденти, п.и.д., профессор**

**Н.И. Ишекеев**

**Жалал-Абад – 2021**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ............................................................................................... 3**

**I ГЛАВА. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БАЛДАР ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ҮЙРӨТҮҮ ПРОБЛЕМАСЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.......................................................9**

1.1. Кыргыз балдар адабиятынын этнопедагогикалык мазмуну, таалим-тарбиялык функциялары жана алардын азыркы шарттагы маани-маңызы.........................................................................................................11

1.2. Кыргыз балдар адабиятын башталгыч класстарда окуп-үйрөнүү проблемасынын изилденишине тарыхый обзор.................................................23

1.3. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методологиялык негиздери .................40

1.4. Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын таалим-тарбия берүүчү функциялары жана ал аркылуу окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетентүүлүктөр...........................................................48

Биринчи глава боюнча корутунду..........................................................61

**II ГЛАВА. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БАЛДАР ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ҮЙРӨТҮҮ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ......................................................69**

2.1. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун материалдары.......................................69

2.2. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча методдор......................................81

2.3. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча педагогикалык эксперимент методу.........................................................................................................89

Экинчи глава боюнча корутунду..........................................................106

**III ГЛАВА. КЫРГЫЗ БАЛДАР ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ҮЙРӨТҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ ........................................................109**

3.1. III класстарда балдар жазуучуларын чыгармаларын элдик педагогика менен байланыштуу окуп-үйрөнүүнүн жолдору жана ыкмалары......................109

3.2. IV класстарда балдар жазуучуларын чыгармаларын окуп үйрөнүүнүн каражаттары, окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруунун формалары жана методдору..................................131

Үчүнчү глава боюнча корутунду....................................................................141

**КОРУТУНДУ..................................................................................................145**

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР......................................................................147**

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР..............................................................149**

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы ааламдашуу жана технологиялашуу доорунда билим берүү процессине кыргыз элинин улуттук мурастарын, рухий-адептик баалуулуктарын киргизүү жана аларды өсүп келе жаткан муунга жеткирүү милдеттери алдыга коюлду. Кийинки жаштардын массалык маданияттын агымына өзгөчө тартылышы, туш тараптан кысып келе жаткан, элибиздин менталитетине ылайык келбеген көз караштар болочок муундун көзүн тумандатып, көкүрөгүн сокур кылууну көксөөдө. Билим берүү тармагынын эң башкы милдеттеринин бири – ошол сырттан келген жагымсыз көрүнүштөргө туруштук бере алуучу элдик тарбиянын өзөктүү идеяларын өзүнө сиңдирүү менен жалпы адамзаттык гуманисттик ойлорду кабыл ала билген ар тараптуу инсандын тарбияланышын ишке ашыра билгендигинде. Учурдагы жаштарда баңгичилик, ичкилик ичүү, тамеки тартуу, рэкеттик кылуу, бирөөлөрдү басынтуу сыяктуу терс сапаттар күчөп, интернетомания оорусу менен ооруп жаткандыгы жалпы коомдун дарты болуп саналат. Мындай көрүнүштөргө каршы туруу үчүн бирдиктүү мамлекеттик идеологиясынын таасиринин төмөндүгү, мектеп – ата-эне – социум байланышынын бекем эместиги, педагогика илимибиздин коомдук күчүнүн жоктогу кадыресе байкалат.

Улуттук негиздеги таалим-тарбия берүүнүн азыркы учурдагы актуалдуулугу КР Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгында жана «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» өзгөчө белгиленген. «Мына ушундан улам бүгүн эгемендүү Кыргызстан экономиканы көтөрүү озуйпасы менен катар эле, биринчи иретте, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоонун зарылдыгына келип такалып отурат. Биздин маалыматтуулугубуз, билимдүүлүгүбүз, кесипкөйлүгүбүз, материалдык-экономикалык өнүгүүбүз

тунук адеп-ахлак, цивилизациялуу жүрүм-турум, ички рухий маданият менен коштолууга тийиш. Коом, Ата-Мекен деген ар бир атуулдун абийири жана жоопкерчилиги аркылуу гана жакшырары анык болуп калды. Таза ыйман, айкөл рух болсо коомубузда таза башкаруу, таза жаратмандык эмгек, тынчтык, ынтымак жана стабилдүүлүк болмок. Демек, бүгүн биринчи иретте, жарандардын, келечек муундарыбыздын рухий-адептик тарбиясын колго алуу, анын концепциясын, стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке чегүү өлкөбүздүн масштабындагы кечиктирилгис милдет жана коомубуздун зарыл социалдык муктаждыгы» болуп отурат [135].

Ушундай мамлекеттик маанилүү ишти турмушка ашыруу үчүн кыргыз жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеялардын ордун, ал идеяларды башталгыч класстардын адабий окуу предметинде үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Элдик педагогиканын идеяларын пайдалануу тууралуу ойлор Я.А.Коменскийдин «Байыркы чехтердин акылмандыгы», К.Д.Ушинскийдин «Эне тили», «Балдар дүйнөсү» деген эмгектеринде, классикалык педагогдордун (Ш.А.Амонашвили, Я.А.Коменский, А.С.Макаренко, И.Г.Песталоцци, Ж.Ж.Руссо, В.А.Сухомлинский, Л.Н.Толстой ж.б.) окууларында өзгөчө басым жасалуу менен белгиленген. Кыргыз жазуучуларынын чыгармалардагы этнопедагогикалык ойлорду ачып берген этнопедагог окумуштуулар жана методисттер (Р.А.Абдыраимова, Б.А.Апышев, А.А.Алимбеков, С.О.Байгазиев, Ж.Б.Бешимов, Г.Н.Волков, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, С.И.Иптаров, А.Ж.Муратов, А.Т.Калдыбаева, Ж.И.Койчуманов, М.Р.Рахимова, Т.О.Ормонов ж.б.) жана балдар адабиятын изилдөөчүлөр (К.А.Абакиров, К.А.Исаков, Ү.Б.Култаева, М.С.Сулайманов, О.С.Сооронов, М.Түлөгабылов, Г.Орозова ж.б.) тарабынан методологиялык негиз болгон идеяларды андан ары тереңдеттик жана бул маселелерди дагы конкреттештирип, жалпы билим берүүчү мектептердин III-IV класстарында кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын иштеп

чыктык. Бул багытта фольклордук чыгармаларды этнопедагогикалык багытта окуп-үйрөнүү методикасы С.К.Рысбаевдин докторлук диссертациясында чагылдырылган, биздин диссертациябыздын ал иштен айырмасы биз профессионал жазуучулардын негизинен прозалык чыгармаларынын мисалында теманы ачып берүүгө аракет кылдык. А.Т.Саттарованын докторлук диссертациясы болсо биздин темага бир кыйла жакын, бирок негизги айырмасы – биз изилдөөбүздө балдар жазуучуларынын прозалык чыгармаларын объект кылып алсак, ал кыргыз балдар акындарынын ырларын объект кылып алган.

Башталгыч класста адабий чыгармаларды окутуу проблемасы бир катар методисттердин эмгектеринде (Б.А.Абдухамитова, С.С.Сакиева, А.Д.Токтомаметов ж.б.) теориялык жана практикалык жактан изилденгени менен аларды этнопедагогикалык багытта үйрөнүү методикасы ырааттуу иликтөөгө алынган эмес.

Аталган теманы тандообуздун башкы себептери жана *карама-каршылыктары* булар болду: азыркы кезде жаш муундарды жетилген инсан катары калыптандырууда элдик педагогиканын салттары аркылуу тарбиялоого болгон талаптын өсүшү жогору болсо да, аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин практикага толук киргизилбей жаткандыгы; кыргыз жазуучуларынын балдар үчүн чыгармаларынын бай мазмуну жана идеясы адабияттаануу багытында изилденсе да, аларды азыркы мектеп окуучуларынын билимин, тарбиясын жогорулатууга толук тарта албай жаткандыгыбыз; башталгыч класстарда балдар адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мугалимдердин бир топ тажрыйбалары топтолсо да, алардын илимий багытта жыйынтыкталбагандыгы, буларга илимий баа берилбегендиги. Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечүү изилдөөнүн **проблемасын** аныктап, темабызды **«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)»** деп атадык. 1-класста негизинен алиппе окутулуп, тамга үйрөтүүгө көңүл бурулуп, 2-класста ошол милдет улантылса, көркөм

тексттерди окуу, талдоо 3-4-класстарда тереңдей баштайт, ошон үчүн да биз изилдөөгө ушул эки классты – 3-4-классты алдык.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» аттуу нормативдик документтин идеяларын ишке ашыруу жана ЖАМУнун Педагогика жана психология кафедрасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн объекти** – окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин III-IV класстарындагы адабий окуу курсунун мазмуну.

**Изилдөөнүн предмети** – башталгыч класстарда кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу процесси.

**Изилдөөнүн максаты:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык багытта окутуунун методикасынтеориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, иштелип чыккан сунуштардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этнопедагогикалык мазмунун, таалим-тарбиялык функцияларын жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-маңызы аныктоо.
2. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн тарыхына жана анын изилденишине обзор берүү.
3. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын (3-4 класс) изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана илимий методдорун аныктоо.
4. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн формаларын жана методдорун иштеп чыгуу, аларды эксперименттен өткөрүп, жарактууларын практикага сунуштоо.

**Изилдөөнүн божомолу:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын өркүндөтүүгө болот,эгерде:

- балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизге таянып окуп-үйрөнүүнүн методологиялык, педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык негиздери туура табылса;
- кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын жанрдык бөтөнчөлүктөрү, темалары, идеялары, поэтикасы окутууда эске алынса;
- кыргыз жазуучуларынын балдар темасындагы чыгармаларын окутуу ошол элдин башынан өткөн тарыхый окуялары, улуттук менталитети, улуттук тили, улуттук психологиясы жана педагогикасы менен байланышта жүргүзүлсө;
- окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүндө салттуулук менен жаңычылыктын катышы натыйжалуу пайдаланылса;
- балдар жазуучуларын 3-4-класстарды окутуу процессинде окуучулардын кызыгуулары, аймактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү эске алынса.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** төмөнкүлөр менен аныкталат: Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы заманбап шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип ырааттуу түрдө алгачкы жолу иштелип чыкты; башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасынын тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши, методологиясы жана методикасы алгачкы жолу атайын максатта анализденди; балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык багытта үйрөтүүнүн натыйжалуу методдору, жолдору жана каражаттары аныкталды; илимий изилдөөдө аныктаган натыйжалуу методдор, жолдор, каражаттар педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы илимий-педагогикалык жактан ар тараптуу иштелип чыккандыктан ал сунуштар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө жана университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда жардам берет.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасынын тарыхый эволюциясы, өзгөчөлүктөрү, азыркы абалы, проблемалары;
- этнопедагогикалык негиздеги балдар жазуучуларынын чыгармаларынын башталгыч класстардын окуу программаларында, окуу китептеринде, усулдук колдонмолордо берилиши;
- башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп үйрөнүү аркылуу окуучулардын этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикалык негиздери;
- башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу процессинде мугалимдер ээ болуучу этнопедагогикалык компеттенттүүлүктөр, ошол компетенттүүлүктөргө жеткирүү үчүн зарыл болуучу педагогикалык-дидактикалык негиздер;
- башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү ишмердүүлүгүн мындан ары өркүндөтүү боюнча ойлор жана сунуштар ж.б.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча оптималдуу методикалык ыкмалардын табылгандыгы; аталган багытта окутуунун тарыхы, өзгөчөлүктөрү, изилдөөнүн абалы аныкталгандыгы; балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн салттуу жана инновациялык технологияларынын иштелип чыккандыгы жана практикага сунушталгандыгы жана ал методикалык ыкмалардын натыйжалуулгу педагогикалык эксперимент аркылуу далилденгендиги ж.б.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо)**: Диссертациялык тема боюнча 2015-2018-жж. ЖАМУнун илимий-техникалык кеңешмелерге докладдар даярдалып, отчеттор берилип турду, тема боюнча 8 макала жазылган жана иш аткарылган жерде – ЖАМУнун Педагогика жана психология кафедрасынын отурумунда, Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасында, Сузак районунун №89 П.Жуманазаров, №75 К.Эрматов, №83 З.Жамашев, №51 С.Жээнбеков атындагы орто мектептеринде, Жалал-Абад шаарындагы №16, №4, №21, №5 орто мектептеринде диссертациялык иш талкууланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Илимий иштин негизги материалдары жана анын сунушталган жоболору республикалык, эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, кафедранын жыйындарында баяндама катарында окулган. Диссертация боюнча 10 макала КР УАК талап кылган журналдарда басылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Эмгектин жалпы бети – 174, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 308, таблицалар – 11, сүрөттөр – 5. Тиркемелер.

# I ГЛАВА

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БАЛДАР ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ҮЙРӨТҮҮ ПРОБЛЕМАСЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Кыргыз балдар адабиятынын этнопедагогикалык мазмуну, таалим-тарбиялык функциялары жана алардын азыркы шарттагы маани-маңызы

Адабияттын курамы жалпысынан элдик оозеки чыгармачылык, жазуучулардын көркөм чыгармачылыгы деген эки чоң бөлүктөн турат. Ал аркылуу ошол элдин тарыхы, маданияты, салт-санаасы, менталитети, географиялык жайгашкан аймагы, ой жүгүртүүсү, турмушту кабылдоо жана аны чагылдыруу өзгөчөлүктөрү билинет. Адабият – көркөм сөз өнөрү, анын курулуш матариалы – сөз. Ал эми балдар адабияты ошол жалпы адабияттын бир бутагы.  Мына ошол жалпы адабияттын ичинде балдар адабияты өзгөчө орунда турат. Балдар жазуучусу – балдар адабиятына иштеген, балдар үчүн чыгарма жазган автор. Мындай авторлорго коюлган талаптар да өзгөчө: ал педагог болушу керек, б.а., чыгармасы педагогикалык чыгармага айланганда гана балдар жазуучусу аталат; экинчиден, бала менен балача сүйлөшө билиши керек, ансыз чоң киши катары жазуу, балдарга акыл үйрөтө берүү аны окурман балдарынан алыстатат; үчүнчүдөн, андай авторлордун чыгармаларынын өзгөчө балдарга түшүнүктүү тили болбосо балдар жазуучусуна айлана албайт.

Балдарга арналып жазылган чыгармалардын төмөнкүдөй спецификалык белгилери болот:

- чыгармаларда балдарга негизги ролду берүү, көбүрөөк учурда башкы каармандар катары балдарды катыштыруу;
- тематикасы боюнча балдардын курагына ылайык келиши;
- башка чыгармаларга салыштырмалуу алганда көлөмүнүн кыскалыгы;
- тилинин жөнөкөйлүгү, түшүнүктүүлүгү;
- диалогдорду көбүрөөк коюу;

•сүрөттөөлөрдү чексиз созо бербөө;

•кызыктуу окуялардын (приключение) арбындыгы;

•сюжетинде кескин бурулуштардын, чексиз ретроспекциялардын кездешпеши, сюжетинин чыңалууда, жыйнактуу алып барылышы;

•окуялардын тезирээк алмашып, биринин ордуна улам экинчисинин келип турушу;

•каармандардын мүнөзүнүн предметтүү жана көз алдына алардын иши жана жүрүш-турушу менен ачылышы;

•бактылуу бүтүмү (кара ниеттиктин үстүнөн ак ниеттиктин салтанат курушу);

•тарбиялоо максатынын түздөн түз көрүнүшү»[169, 18-б.].

«Жогорудагылардан улам айта турган нерсе – балдар адабиятынын эң башкы белгиси жана коомго пайдасы – анын дидактизми. Дидактизм болсо – идеялуулуктун көрүнүшү, идея – адабияттын каны, идеясыз жазуучу да, адабият да жок, демек, адабияттын балдарга арналган салаасы өзгөчө идеялуу болгондо гана анын дидактикалык мааниси артат» [169, 22-б.].

Мына ошол дидактизм ал чыгармалардын эң биринчи кезде этнопедагогикалык маани-маңызы менен байланышат. Кыргыз эли байыртадан бери эле балдарды тарбиялоодо сөз өнөрүнө өзгөчө маани берген: баланын эң биринчи уккан чыгармасы бешик ыры болгон; чоң ата-чоң энелер небере-чөбөрөлөрүн атайын ээрчитип жүрүшкөн, улуулардын сөзүн угушсун, ошолордон таалим-тарбия алсын дешкен; манасчылар, төкмөлөр, санжырачылар кайсыл конушка, кимдикине келген болсо да, ошол жерге балдарды чогултуп беришкен; балдар оюндары ар кандай сөздөр, ырлар менен коштолгон; ар бир түнү жатаар маалда улуулар балдарга жомок, табышмак, жаңылмач айтып беришкен; балдарды бешикке бөлөө, кыркын чыгаруу, сүннөткө отургузуу, тайга мингизүү ж.б. салттары элдик ырлар менен коштолгон ж.б.

Мына ушул салт советтик учурда профессионал жазуучулардын чыгармачылыгында да андан ары улантылган. Алар кыргыз элинин оозеки адабиятынын педагогикалык салттарына негиздешип көркөм чыгармаларын жазган. XX кылымдан 20-30-жылдарында кыргыз совет жазма адабияты пайда болушу үчүн жаңыдан чыгып келе жаткан жаш жазуучулар элдик оозеки чыгармалардын сюжетине кайрылып, айрымдарды аларды кайра иштеп чыгып оригиналдуу чыгарма жазса, айрымдары фольклорду тууроо, көчүрүү, же стилизациялоо менен чектелген. А.Токомбаев «Курманбек» эпосун кара сөзгө айлантып жазып, ал 1923-жылы Ташкенттен чыккан китепке кирген. 1926-жылы К.Баялиновдун «Балдар аңгемелери» деген китеби жарык көрүп, ага кыргыз элинин ичинде оозеки айтылып жүргөн «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» деген эки аңгемеси кошулган. Мына ушул кыргыз балдар жазуучуларынын алгачкы чыгармалары улуттук фольклорго таянган, ал эми улуттук фольклор өз боюна улуттук педагогикалык маданияттын салттарын сиңдирген.

Көчмөн турмушта жашагын эл кылымдар бою иштелип чыккан таалим-тарбия эрежелерин элдин кийинки муундарына өткөрүп берүү үчүн эң биринчи кезекте балдардын аң-сезимине бекем сиңирилген. Бул адабият аркылуу ишке ашырылган. Демек, көркөм адабият – элдик педагогиканын эң башкы каражаты, булагы, мектеби жана университети болгон. «Элдик педагогика – бул эл тарабынан иштелип чыккан жана элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санаада, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, оюн-шооктурдо, этнографиялык, тарыхый жана археологиялык материалдарда сакталып келген педагогикалык идеялардын жана тарыхый тарбиялык тажрыйбалардын чогуусу. Демек, элдик педагогика – бул улуттун сабаттуулугунун жана маданияттуулугунун башаты, анын уюткусу. ...Элдик педагогиканын жоболору элдин өзүнүн турмуштук зарылчылыгынан келип чыгып, илимий педагогика пайда болгонго чейин эле ошол элдин башын кошуп, өнүктүрүп, өстүрүп, тарбиялап окутуп, ошол калктын өзүнүн жүзүн, өзүнүн наркын башка элдердин катарында калыптанышын камсыз кылып келген. Кыргыз элдик педагогикасынын нукура

үлгүлөрүн, нукура жоболорун, кыргыздын улуттук педагогикалык (тарбия-таалим) берүүчү эрежелерин «Манас» эпосунан көрүүгө болот», - деп И.Б.Бекбоев элдик педагогиканын башаты элдик оозеки чыгармачылык экендигин баса белгилейт [63].

Ошол элдик оозеки чыгармачылыктын традициялары, б.а., алардын сүрөттөө каражаттары, турмушту чагылдыруу өзгөчөлүктөрү, эне тилдин байлыктарын пайдалануу маданияты XX кылымдын 20-жылдарынын пайда болгон профессионалдык жазма адабиятка, анын ичинен балдар жазуучуларынын чыгармачылыгына түздөн-түз өтүшкөн. Алардын ичинде оозеки адабияттын таалим-тарбия берүүчү функциясын кыргыз окумуштуулары да кеңири пайдаланып келишет. Советтик учурда эң алгачкы окуулук катары 1924-жылы Ташкент шаарынан Ишеналы Арабай уулунун «Кыргыз алиппеси» деген китеби жарыкка чыккан, ал китепти кайра баскан учурда баш сөз жазган С.Рысбаев китеп тууралуу «өзүнүн ички маани-мазмуну боюнча алганда да кыргыз баласына өзүнүн эл-жерин, анын мүнөзүн, жашоо-турмушун, тил байлыгын, бүткүл руханий-материалдык дүйнөсүн чагылдырып турганы менен, ал аркылуу кыргыз баласын куралдандыруу максатын көздөгөнү менен баалуу. Ушундай мазмуну менен ал – өзүнөн кийинки бүткүл кыргыз китептеринин улуттук кайталангыс үлгүсү бойдон калды жана да кала бермекчи» [63], - деп белгилеген.

Ырасында эле бул китепте «Эмгекчил эл кем болбос», «Эринчээк эр оңбос», «Эрегишкен журт болбос», «Тегин ачканды теңтуштары сүйбөс», «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет», «Учу бирге жазылат», «Түбү бирге кошулат», «Эксең эгин, ичээрсиң тегин», «Бир көргөн – билиш, эки көргөн – тааныш», «Бүлүнгөн элден бүлдүргү алба», «Төшөгүңө карап, аягыңды соз» деген сыяктуу элдик педагогикалык материалдар киргизилген.

Улуулар сөз өнөрү аркылуу өздөрүнүн жакшылык жана жамандык сапаттарды бөлүп көрсөтүп, «бул жакшы, ал эми бул жаман» деп балдарга насааттарын айтышкан. Мына алардын айрымдары: «Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт», «Жакшынын пайдасы, жамандын кесепети тиет»,

«Жакшы бала – тил алчаак, жаман бала – уялчаак», «Жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы жигит – көктөгү жылдыз», «Жакшы жигит эл камы үчүн жүгүрөт, жаман жигит өз камы үчүн жүгүрөт» ж.б. Ошон үчүн «Жакшыга – жанаш, жамандан – адаш», «Уста менен бир жүрсөң – нар кескенин аларсың, жаман менен бир жүрсөң – бир балээге каларсың» деп этикалык жүрүм-турумдун элдик эстетикасын иштеп чыгышкан, аларда улам кийинки муундарга өткөрүп турган.

Ушундай тарбия – улуулар тарбиясы болгон, ал улуулар ага-эже, ата-эне, чоң-ата-чоң эне, таята-таене, аксакалдар, байбичелер, өрнөктүү адамдар катары тарбиячылык милдет аткарган. Алардын сөзүн өсүп келе жаткан муундар да жогору баалап, «Аталар сөзү – акылдын көзү», «Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат», «Аккан арыктан суу агат», «Жатыны жаман жарыбайт», «Ата сөзү – ар намыс», «Атаны көрүп уул өсөт, энени көрүп кыз өсөт», «Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны» деп тарбиялык нускаларды алып калууга аракет кылган. Мына ушул процессте улуттук балдар фольклору, аны жаратуучу элдик акындардын чыгармачылыгы жана профессионалдык жазма адабияты өзгөчө орунда турган.

«Кыргыз акындарынын таалим-тарбия берүү идеяларын баштан аяк карап көргөндө, - деп жазат А.Калдыбаева [119], - аларда тарбиянын азыркы дүйнөлүк педагогика аныктап чыккан бардык түрлөрү бирдей каралып, алардын бири менен экинчиси сөзсүз байланыштырылгандыгын көрөбүз. Мисалы, санат-насыят, терме, үлгү ырларында бир катар тарбиянын түрлөрү саптан – сапка насааталып айтылат. Алар:

Патриоттук – адеп-ахлактык.

Экологиялык – адеп-ахлактык.

Эмгекти сүйүү – адеп-ахлактык.

Демократиялык – укуктук.

Экологиялык – эмгекти сүйүүчүлүк.

Патриоттук – экологиялык.

Дене тарбиялык – патриоттук.

Адеп-ахлактык – денетарбиялык.

Эстетикалык – адеп-ахлактык.

Патриоттук – эстетикалык.

Экологиялык – эстетикалык жана башкалар». Мына ушул тарбиянын көп кырдуу тараптарынын карым-катышы ар тараптан жетилген инсанды өстүрүүгө таасирин тийгизген. Ал эми ар тараптан жетилген инсандын модели азыркы критерий менен караганда төмөнкүдөй болот:




*Сүрөт 1.1. Жетилген инсандын идеалдуу модели.*

Буга дагы кошулуучу сапаттар: чынчыл, ак ниет, таза, камкор, сезимтал, сергек, акылдуу, парасаттуу, билимдүү ж.б.

Жетилген инсанды казак этнопедагогдору «Сегиз кырлуу, бир сырлуу» деп айтышат, демек, алардын адамдык кырлары көп. Ал адам көп кырлуу болуп тарбияланат. Аны үчүн элдик тарбиянын мазмунуна адеп жана дене тарбия, акыл-эс тарбиясы, сулуулукту сүйүүгө үйрөтүү, эмгек кылуу аркылуу анын мүнөзү, эрктин сапаттары кирет. Ал эми элдик тарбиянын негизги методдору: аңгемелешүү, пикирлешүү, кеңешип-кесүү, ишендирүү, түшүндүрүү, жазалоо, буйруу, жатыктыруу, түшүндүрүү, бата берүү, алкоо, уруу («какыс-кукус кылуу»), жемелөө, коркутуу, таарынуу, жалынып-жалбаруу, сөгүү ж.б. Дал

ушул методдор элдик көп жылдык тарбиялоо тажрыйбаларынан келип чыккан. Ушундай тарбиялоого чоң ата, чоң эне, таята, таяне, аксакалдар, бир туугандар, алыс жана жакын туугандар, уруулаштар, айылдаштар, өнөр адамдары, табият ж.б. жандуу жана жансыз каражаттар катышат.

Н.Г.Волковдун аныктоосу боюнча элдик педагогикада калктын негизги педагогикалык түшүнүктөрү: багуу, кароо, тарбиялоо, өзүн өзү тарбиялоо, кайра тарбиялоо, устатчылык, үйрөтүү, адаттандыруу болсо, ошол тарбиялоонун кызмат-милдеттери: эмгекке даярдоо, мүнөздүн моралдык-эрктик белгилерин калыптоо, акыл-эсти өнүктүрүү, ден соолукка кам көрүү, сулуулукту сүйүүгө үйрөнүү, ошол тарбиялоого жаратылыш, оюндар, сөз, баарлашуу, салт, иш, тиричилик, искусство, дин, мисал-үлгү (инсан-символдор, окуя-символдор, идея-символдор) сыяктуу факторлор таасир эткен. Максат – ар тараптан үлгүлүү инсанды жетилдирүү. Ага жетишүү үчүн тарбиялоонун ишендирүү, үлгү тутуу, буйруу, түшүндүрүү, кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү, каалоо жана алкоо, жалынып-жалбаруу, ант, өтүнүү, кеңеш, белги берүү, жактыруу, кубаттоо, зекүү, жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним, осуят, убада, өкүнүү, үгүт-насаат, тыюу, коркутуу, каргыш, тилдөө, жазалоо, келтектөө ж.б. усулдарын колдонушкан [84].

Ал эми ар тараптан жетилген инсан модели кыргыз элинде уул балдарды тарбиялоонун идеалы – байыркы доордон азыркы күндөргө чейин «эр жигит» деген түшүнүк менен туюнтулуп келгендигин, бул орус элиндеги «азамат уул» («добрый молодец»), жапан элиндеги «самурай», ангичандардагы «жентельмен» деген түшүнүктөргө туура келерин А.Алимбеков белгилеп [18], аларга мүнөздүү сапаттар катары төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

албеттүүлүк;

эр жүрөктүүлүк;

тайманбастык;

кичи пейилдик;

калыстык;

шайыр-шайдооттук ж.б.

Бул албетте, көчмөн турмуштан, жоокерчилик замандан келип чыккан жетилген инсандын кыргыздык модели. Мына ошол моделдеги инсанды

калыптандырууга балдар жазуучуларын чыгармалары чоң салым кошот. Алардын этнопедагогикалык маани-маңызы күчтүү чыгармаларынын духунда тарбияланган балдар:

тентектик кылбайт;

калп сүйлөбөйт;

ата-энесин угат;

тил алчаак болот;

көп уктабайт;

ата-энесине жардам берет;

бөбөктөрүнө каралашат;

малга карамдуу болот;

ыйлабайт;

бир туугандарын сыйлайт;

коркпойт ж.б. азыркы замандын балдарына мүнөздүү оң сапаттарга ээ болот.

Кыргыз совет адабияты пайда болуп жатканда эле балдар жазуучуларды иштеп чыккан эң негизги чыгармалар элдик жомоктор болгон. К.Тыныстанов, А.Токомбаев, К.Баялинов, К.Жөнтөшов, С.Сасыкбаев, К.Эсенкожоев ж.б. жазуучулар элдик жомокторго кайрылуу менен, биринчиден, өздөрүнүн профессионалдык жазуучулук жолун табууга, жазуучулукту үйрөнүүгө жардам алган; экинчиден, кыргыз балдарын ата-бабалардын руханий мурастары менен тааныштырган; үчүнчүдөн, жаңы доордун балдарына – советтик балдарга элдик педагогикалык маданияттын идеяларын сиңдиришкен. Бул жол, албетте, эң туура жана келечек муундарга тарбия берүү ишине зарыл жол болгон. Жомоктордун этнопедагогикалык маани-маңызын, тарбиялык функциясын жана ар бир доордо колдонуунун зарылдыгын классик педагогдор жана жазуучулар, акындар жогору баалашкан. Мисалы, Г.Н.Волковдун пикири боюнча элдик жомоктор – адабий чыгарма, фольклор, ошол эле кезде алар элдик педагогиканын мурастары, дээрлик алардын баарында таалим-тарбиялык ойлор камтылган. Орус сынчысы В.Г.Белинский орус эл жомокторунун

элдүүлүгүн, аларда элдик мүнөздүн берилишин жогору баалаган, кыялый нерселер менен ойдон чыгарылган окуялардын ары жагында реалдуу турмуш, социалдык мамилелер турат деп эсептешкен. Ал балдар табиятынан кыялый нерселерге умтулат, аларга абстрактуу идеялар эмес, конкреттүү образдар, боёктор, үндөр керек деп эсептеп, мына ошол бөксөлүктү элдик жомоктор толтурарына ишенген. Н.А.Добролюбов болсо эл тарабынан чыгарылган жомоктордо ошол элдин турмушка жана учурга мамилеси, психологиясы чагылдырылат деп, жомокторду элдин тирүү физиономиясы деп эсептеген. К.Д.Ушинский өзүнүн педагогикалык эмгектерине, окуу китептерине элдик жомокторду кеңири киргизген, алардын стилине салып, өзү да эне тилинин эң сонун байлыктарын колдонуп жомокторду токуп чыккан. Педагогдун ою боюнча табиятынын орус педагогдору орус мешинин үстүндө отуруп алып, балдарды тарбиялап жаткан чоң эне, чоң аталар деген. Албетте, алардын тарбиялоо каражаттарынын башында элдик жомоктор турганы айтпаса да түшүнүктүү. К.Д.Ушинскийдин педагогикалык идеялы – балдарды акыл-эс жана адептик-эстетикалык жактан гармониялык тарбиялоо болгон, ал эми мындай ишти аткаруунун эң чоң мүмкүнчүлүктөрү жомоктордо экендиги белгиленген. Ал балдардын психологиясына жомоктордун таасири катуу тийерин айтуу менен элдик жомоктор педагогикалык басылмаларда чыгып жаткан азыркы аңгемелерден алда канча бийик турат деп белгилеген, жомок аркылуу баланын логикалык ой жүгүртүүсү анын көркөм табити менен айкалышып, кыялы жана сезимдери өсөт деп белгилеген. Балдар жана жомоктор – ажырагыс, алар бири-бири үчүн жаралган, андыктан аларды кеңири колдонуу керек деген ойго келген [85].

Балдар фольклорунун таасирин нянясы Арина Радионовна алган А.С.Пушкин кийин ал жомокторду жатык тилге салып, орус адабиятын бийик деңгээлге көтөргөн («Падыша Салтан, анын даңктуу жана кайраттуу баатыр уулу князь Гвидон Салтанович жана сонун Каныша Аккуу тууралуу жомок», «Балык жана балыкчы тууралуу жомок»), Татьяна Филипповна аттуу карапайым аялдан орус балдар фольклорунун керемет көрүнүштөрү менен

таанышкан Ясная Поляна кыштагында туулган бала дүйнөлүк прозасынан бийик чокусу Л.Н.Толстойго өсүп жетти. Урак аттуу думана-манасчынын кебине канган кичинекей Аалыдан кийин кыргыз акыны жана жазуучусу А.Токомбаев чыкса, Айымкан аттуу кошокчу, жамакчы аял улуттук прозанын алпы Т.Сыдыкбековду тарбиялады. Бала Чыңгыз атасы репрессияланып кеткен соң оозеки мурастарды көөнөртпөй сактаган Шекер айылында Айымкан, Карагыз, Досаалы деген адамдардын чөйрөсүндө чоңоюп, ааламды таңдандырган улуу жазуучу болуп чыга келди. Ал «Менин Мекеним» деген макаласында мындай жазат: «Биздин айылдын аксакалдары ар бир баладан «Кана, жети атаңды айт!» деп катуу талап менен сурашат эле. Элдик акыл-эс мурасы да, муундардын байланышы да мына ушуга негизделген. Бул жөнүндө мен «Ак кеме» повестимде бала менен машина айдаган казак жигит экөөнүн аңгемелешүүсүндө айтууга аракеттенем» [14], - дейт. Анын «Гүлсарат», «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт», «Кылым карытар бир күн», «Тоолор кулаганда» деген чыгармаларында бала чакта уккан кептер азыркы замандын көйгөйлүү проблемалары менен үндөштүрүлүп, жалпы адамзаттык маселелерди көтөрүп чыгууга көмөк берет.

Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын башкы функциясы мурдагы доорлордо да, азыркы заманда да адептүү инсанды жетилдирүү болуп келди. Илимий педагогикада адептик жактан тарбиялангандыктын ченин тогуз өлчөм менен караган пикир бар, алар:

- адептүүлүктү билүү;
- адептик компетенттүүлүктөргө ээ болуу;
- адамдарды жана дүйнөнү, жашоону сүйүү;
- достошуу;
- эмгек кылуу (мээнеткеч болуу);
- күрөшө алуу;
- сактоо;
- жардамдашуу;
- жаратуу [141].

Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этикалык-моралдык сабактары бардык жагынан азыркы дүйнөлүк педагогика талап кылган инсанды калыптандырууга ылайык келет. Жогоруда Б.Лихачев көрсөткөн тогуз чен өлчөм менен караганда кыргыз балдар жазуучулары учурдагы коомдук тарбиялуу инсанга болгон заказын аткарып келген.

Изилдөөлөр боюнча адепсиз адам мындай сапаттарды өздөрүндө алып жүрөт:

●аманатка кыянат кылуу;

●адамдарга,

●айлана-тегерекке кайдыгер кароо;

●жалганчылык;

●кара ниеттик;

●ач көздүк;

●жакшылыкка жамандык жасоо;

●жалкоолук;

●ыкшоолук;

●эки жүздүүлүк;

●алдамчылык;

●кошоматчылык;

●бой көтөрүүчүлүк;

●көшөкөрлүк;

●өз ишениминин жоктугу;

●жалганчылыкка макул болуу;

●өз каталарын моюнга албоо;

●кекирейүүчүлүк;

●келжиректик;

●жүзү каралык;

●досторунан кечип кетүү;

●адамга ишенбөө;

●өң карамалык;

●табалоо;

●тooба келтирбөө

●ырайымсыздык кылуу;

●өз камын ойлоочулук;

●сорготук;

●көңүл чөгүүчүлүк;

●сарандык ж.б.

Мына ушул оң жана терс сапаттар кыргыз эл педагогикасына көркөм адабият аркылуу да сиңдирилген. Ал адабиятты балдар жазуучулары жараткан. Бул адабияттан башталгыч класстын окуучулары төмөнкүдөй түшүнүктөрдү үйрөнүүгө тийиш:




**Сүрөт 1.2. Балдар жазуучулардын чыгармалары аркылуу башталгыч класстын окуучулары өздөштүрүүчү адепке байланыштуу карама-каршы түшүнүктөр**

Балдар жазуучуларынын чыгармаларынын жана аларды үйрөтүүчү мугалимдин милдети балдарды бул карама-каршы түшүнүктөрдүн ичинен терс сапаттардан арылтып алардын мүнөзүндө, жүрүш-турушунда, идеалында оң сапаттарды пайда кылуу.

Ал эми азыркы ааламдашуу доорунда кыргыз балдарын интернет, телевидение, кино, түнкү клубдар, музыка ж.б. күчтүү таасири бар, анын

ичинде терс таасирин көрсөтүүчү каражаттар курчап турат. Булар аркылуу балдардын аң-сезимине пайдасыз, терс жактарга үгүттөгөн идеялар тынымсыз кирип, ал идеялар көркөм адабияттан алыстатат. Ушундай шартта учурдагы коомго азык катары жардам көрсөтө турган башкы күчтөрдүн бири – балдар адабияты, балдар жазуучуларынын чыгармалары, алардагы элдик педагогикалык ойлор.

Ошентип, жыйынтыктай айтканда, кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларына элдик педагогикалык бай идеялар топтолгон, алар улуттун кылымдар бою жыйналып, тазаланып келген руханий байлыгы болуп эсептелет, ошол байлык башталгыч класстын окуучуларына өз деңгээлинде үйрөтүлүүгө тийиш.

## 1.2. Кыргыз балдар адабиятын башталгыч класстарда окуп-үйрөнүү проблемасынын изилденишинин тарыхый обзору

Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын же жалпы эле балдар адабиятын окуп-үйрөнүүнүн тарыхы жалпы эле дүйнөлүк маданияттагы, илимдеги, анын ичинде адабияттаануу илиминдеги «балдар адабияты» деген түшүнүк менен байланышат. Балдар адабиятынын узакка созулган тарыхый жолу бар. Мисалы, Орусияда Дмитрий Герасимов 1491-жылы балдар үчүн атайын кол жазма китептерин чыгарган да, аларга балдарга ылайык деп эсептеген чыгармаларды киргизген. Китеп басуу иши колго алынгандан тартып эле XV кылымда Иван Федоров балдар үчүн китептерди басып чыгарат. Бул китептердин негизги өзгөчөлүгү – балдар түшүнө ала турган деңгээлдеги майда жана кызыктуу тексттердин берилиши.

«Кызыл Шапкечен», «Өтүкчөн мышык» деген жомокторду жазган француз жазуучусу Шарль Перро (1628-1703), «Түлкү менен каздар» аттуу чыгармасын калтырган немец бир туугандар Якоб (1785-1863) жана Вильгельм (1786-1895) Гриммдер, «Кар ханышасы», «Дюймовчка» аттуу китептери дүйнө кыдырган даниялык жомокчу Ганс Христиан Андерсен (1805-1875) балдар

адабияты деген түшүнүктүн дүйнөлүк маданиятта биротоло орун алып калышына мүмкүнчүлүк жаратып, адабияттын бул түрүнүн практикалык жактан кандай боло тургандыгын көрсөттү. Орусияда А.С.Пушкин, Л.Н.Толстой, К.Д.Ушинский эл арасында айтылып келген жомокторду балдарга ылайыктап иштеп чыгып, кайра элге таратты, Л.Н.Толстой жана К.Д.Ушинский аларды жана андай чыгармаларга окшотуп аңгемелерди жазып, аларды окуу китептерине киргизип, мектептерде апробациядан өткөрүп, орус балдар адабиятына классикалык мыкты чыгармаларын калтырган.

Мына ошол XIX кылымда орус адабиятчылары, сынчылары, эстетиктери В.Г.Белинский (1811-1848), Н.Г.Чернышевский (1828-1889), Н.А.Добролюбов (1836-1861) ж.б. прогрессивдүү көз караштагы интеллигенттер балдар адабиятын спецификасын иштеп чыгышкан жана андай чыгармалардын идеялык, көркөмдүк, эстетикалык концепциясы эмнеде экендигин белгилешкен.

В.Г.Белинский «О детских книгах» деген макала жазып, ал 1840-жылы «Отечественные записки» деген журналга басылат. Мына ошол макаласында балдарды тарбиялоо жана анын ичинде балдар китептери аркылуу тарбиялоо тууралуу ойлорун айтат. Начар жана көркөмдүүлүгү аз китептерди окугандан көрө окубай койгон артык, балдар үчүн китептер жогорку көркөмдүккө, эстетикалуулукка, адептүүлүккө тарбиялоонун булагы болушу керектигин белгилейт. Ал балдар үчүн жазылган китептердин элдүүлүгү, таанытуучук функциясы жогору болушу керек деп эсептейт [65].

Мына ушул орус адабиятчыларынын балдар үчүн чыгармалар тууралуу көз караштары, К.Д.Ушинский «Детский мир» (1860) жана «Родное слово» (1984) деген окуу китептериндеги үлгүлөр кыргыз совет балдар адабиятынын жана анын теориясынан пайда болушуна методологиялык негиз болуп берген. Мына ошол китептердин таасиринде XX кылымдын 20-жылдарынын экинчи жарымынан тартып кыргыз совет балдар жазуучулары профессионалдык деңгээлде чыгармаларды жазууга аракеттер баштаган. «Балдар китепканасы» деген түрмөк негизделип, 1929-жылы К.Баялиновдун «Балдар аңгемелери»

(ичинде «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» деген чыгармалары кирген) [56] жана «Мурат» [57] деген китептери чыгып, эки жыл ичинде он сегиз миң нускада жаңы гана сабатка жетишип жаткан балдарга сунушталган. А.Токомбаевдин «Курманбек» (1924), «Жетим» (1929) деген жомок-тамсилдери жазылган. С.Нааматовдун «Жөжөлөр» (1924) [177], А.Чынгышевдин «Менин балдарым аянтчада» (1929) [295], К.Эшмамбетовдун «Жаратылыш сырлары» (Өспүрүм балдар аңгемеси) [301] аттуу китептер балдар адабиятынын алгачкы прозалык карлыгачтары болуп эсептелет.

Мындай чыгармаларды жазуучунун башатында тилчи, «кызыл профессор», эл агартуу иштерин уюштуруучу Касым Тыныстанов турган. К.Тыныстанов окуу китептерин [283] жазуу менен балдар жазуучусу катары да таанылган. Ал кыргыз тилинин жана адабияттын терминологиясын иштеп чыккан жана практикага киргизген. Алгачкы окуу китептерине атайын чыгармаларды балдардын окуп-үйрөнүүсүнө, сабатсыз элдин кат сабатын ачууга ылайыктап жазган. Анын «Сонун үй», «Кичинекей акылман», «Дайыр менен Набек», «Адам тууралуу», «Куштар», «Аялдар», «Малдар», «Өткөөл», «Жарыш», «Талаага тай өнүптүр», «Тергөө», «Малдардын талашы», «Арпа менен буудай», «Ууру», «Таштанды ит», «Алдар көсө жана шайтан», «Калпычы» ж.б. аңгемелери биринчиден, таанып билүүчүк, экинчиден, тарбия берүүчүлүк, үчүнчүдөн, тил үйрөтүүчүлүк максатта жазылган. К.Тыныстановдун бир өзгөчөлүгү бул же тигил окуяны аңгеме катары баяндап берип келип, ошондон бир накыл кеп, же макал чыгарат. Бул жагынан ал К.Д.Ушинскийдин салтын улайт. Мына ушундай өзгөчөлүктөрдөн улам Касым Тыныстановду эң алгачкы профессионал балдар жазуучусу деп айтуу менен ошол жазгандарын балдарга ылайыктап иштеп чыккандагы, окуу китептерин киргизгендиги, окутууга боло тургандыгын анализдегендиги менен балдар адабиятынын алгачкы изилдөөчүсү деп айтууга толук болот.

К.Сартбаев 1929-жылы биринчи жолу жарыкка чыккан К.Тыныстановдун «Жаңы айыл» аттуу окуу китебине мындай баа берет: «Аталган окуу китеби негизинен бир нече бөлүмдү түзөт. Анын алгачкы бөлүмүндө окуучулардын үй-

бүлөдө тарбияланышы, мектепте окушу, алардын тартиби, тазалыгы, жүрүш-туруш мамилелери, ата-энелеринин аткарган иштери жөнүндө баяндаган материалдар жолугат. Аларга: «Абылдын үйү», «Абылдын мектепке барганы», «Бала менен чымчык», «Мектепте балдар тартиби» өңдүү аңгемелерди атоого болот. Окуу китеби – ошол мезгилдеги элибиздин башынан өтүп жаткан турмуш-тиричилиги, жаңы заманга ылайык өзгөрүүлөр, сабатсыздыкты жоюу, бөбөктөрдү тарбиялоо өңдүү маанилүү маселелерди да өз кучагына камтыган» [249].

Демек, ал китептер жаңы замандын өзгөрүүлөрүн чагылдырып, балдарды социалисттик түзүлүштү туура түшүндүрүүгө жардам берген. Бирок, тилекке каршы, 30-жылдардагы сталиндик репрессия К.Тыныстановдун китептерин, анын ичинде балдар үчүн жазган мыкты тексттерин жокко чыгарып, өзүнүн атын атоого да тыюу салган.

XX кылымдын 30-жылдарында кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармалары жалпы советтик адабият менен бирге калыптануу процессин баштан өткөрдү. Бул үчүн коммунисттик партия жана совет өкмөтү өзгөчө кам көргөн. 1931-жылы ВКП (б) БК «Молодая гвардия» басмасы тууралуу»деген токтом чыгарган. Анда балдар, өспүрүмдөр, жаштар үчүн китептерди чыгаруунун мааниси жогору экендиги белгиленип, жазуучуларды ушул тармакка тартуу үчүн алардын китептерин тез жана көп нускада чыгаруу пландары белгиленген. Эл агартуу комиссарлыгына балдар адабиятынын сынын жана библиографиясынын иштеп чыгуу милдеттендирилген. Мына ошол милдетке ылайык советтик балдар адабият таануусу жана сыны пайда болду.

1933-жылы 9-сентябрда ВКП (б) БК «Детская литература» басмасын уюштуруу жөнүндө» деген токтом чыгып, анда дагы бир жолу советтик коомду курууда келечек ээлери болгон балдарды туура тарбиялоо проблемасына өзгөчө көңүл буруунун зарылдыгы айтылып, балдар үчүн гана адабияттарды баса турган атайын басмага чоң каржылык көмөк көрсөтүү иш чаралары бекитилген. Советтик жетекчилер Эл агартуу комиссары А.В.Луначарский, көрүнүктүү

агартуучу Н.К.Крупская, пролетариат жазуучулардын уюмун түзгөн А.М.Горький балдар адабиятын жаратуунун, жайылтуунун стратегиялык программаларын иштеп чыгып, идеологиясын сунуш кылган.

Ушул жылдарда Кыргыз АССРинде, 1936-жылдан кийинки Кыргыз ССРинде балдар жазуучуларынын чыгармаларын чыгарууга, жайылтууга чоң маани берилген.

Т.Данияровдун «Колхоз балдары» (1932), С.Сасыкбаевдин «Кичинекей жумушчу» (1932), К.Маликовдун «Сарала козу» (1935), «Бактылуу кыз» (1935) деген чакан китептеринде советтик кыргыз балдарынын – жаңы заман каармандарынын образын ачкан. Ушул 30-жылдарда Т.Сыдыкбековдун Москвага лыжа менен барган кыргызстандык жигиттер тууралуу «Ала-Тоодон алтоо», улуу акын Т.Сатылганов жөнүндө «Эки акын», «Кербез» очерктери, кыргыз жеринин табияты, жаратылыш жана адам тууралуу К.Эшмамбетовдун «Жаратылыш сырлары», Р.Шүкүрбековдун «Аңчынын аңгемелери», С.Сасыкбаевдин «Көк музоо», «Чабандын баласы» деген чыгармалары, азыркы заман тууралуу К.Эшмамбетовдун «Ашым менен Саткын», кыргыз элинин тарыхый басып өткөн турмушу, андагы эр жүрөк адамдар тууралуу Р.Шүкүрбековдун «Тоо элинин баатыры» повести ж.б. прозалык чыгармалары жарык көргөн. Бул мезгилде адабияттын карасөз формасында активдүү иштеген А.Токомбаев болгон, ал фольклордук чыгармаларды колдонуу менен «Акай мерген», «Даат», «Акылмандын жообу», «Күүнүн сыры» деген аңгемелерди жазган. Бул багытта К.Эшмамбетовдун «Апенди», «Адыл мерген» аттуу аңгеме-жомоктору чыккан.

1931-жылы 18-январда М.Элебаевдин «Сынчылар тобун уюштуралы» деген макаласы «Кызыл Кыргызстан» газетасына басылат, анда адабий сынды өнүктүрүү маселеси көтөрүлөт, ушул эле жылы «Чабуул» журналы чыга баштайт, журналдын ноябрь айындагы санына М.Дөгдүровдун «Акын, жазуучулар жана көркөм адабият тууралуу» деген макаласы чыгат.

1932-жылы 8-январда КырАППтын партиялык, комсомолдук уюмдар менен бириккен жыйналышы болуп, анда «Марксисттик-лениндик сын жөнүндө» М.Дөгдуров,«КирАППтын коомдук уюмдар менен байланышы тууралуу» А.Идрисов доклад жасаган. 1933-жылдын 1-февралдан баштап «Кыргызстан пионери» газетасы чыга баштайт, бул болсо балдар адабиятынын өсүшүнө өзгөчө салым кошкон.

Кыргыз балдар адабиятына Кусейин Эсенкожаев кошулат, анын 1937-жылы «Саякатчы бала», 1938-жылы «Үчүнчү шар», 1939-жылы «Родинанын уулу» жана «Шарше» деген китептери чыгат.

Мына ушундай чыгармалардын чыгышы балдар адабияты боюнча изилдөөлөрдүн да пайда болушун шарттады. Кыргыз ССРинин жазуучулар союзу, комсомолдун борбордук комитети, агартуу министрлиги биргелешип 1936-жылы 30-мартта балдар адабияты боюнча атайын кеңешме өткөргөн. Анда А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, Т.Үмөталиев ж.б. жазуучулар, комсомолдук кызматкерлер чыгып сүйлөгөн. Жазуучулар союзунун төрагасы А.Токомбаев «Билим фантазиясын түзүү үчүн» деген баяндамасы «Кызыл Кыргызстан» газетасынын 1936-жылдын 2-апрелдеги санына басылып чыккан. Кеңешмеде Ж.Бөкөнбаев «Балдар үчүн кандай адабият керек, алар үчүн чыккан китептер кандай болууга тийиш?» [77] деген темада баяндама жасап, ошол кездеги балдар адабиятынын абалын бир кыйла билгичтик менен анализдеп чыккан.

Балдар адабиятына арналган республикалык экинчи кеңешме 1940-жылы 10-январда өткөн. Анда С.Сасыкбаев, Кошбаев, Мамбетов чыгып сүйлөгөн. Кыргыз ССРинин жазуучулар союзунун секретары акын Т.Үмөталиев «Убададан – ишке», республиканын комсомолунун секретары К.Сооронбаев «Толук баалуу балдар адабияты үчүн», жаш талапкер К.Эсенкожоев «Жакшы китептер керек» деген темаларда докладдарды жасашкан. Бул жыйында айтылган ой-пикирлердин негизги тезистери: кыргыз балдар жазуучуларынын али мыкты чыгармалары жазылбай жаткандыгы; айрым авторлордун балдар адабиятынын спецификасын толук өздөштүрө албай атышы; адабияттын бул

багытында идеялык тазалыктын сакталбай калган учурлардын кездешүүсү; орус балдар адабиятынын традициясын өздөштүрүүдөгү кашаңдык ж.б.

Андан кийин 1947-жылы февраль айында Кыргызстан Жазуучулар союзунда балдар адабияты тууралуу маселе талкууланган, 1948-жылдын 13-февралдагы «Кызыл Кыргызстан» газетасына Т.Абдумомуновдун «Балдар адабияты эмне үчүн артта калды?» деген проблемалуу макаласы басылат.

1950-жылы апрель айында Кыргызстан ЛКСМ БК «Республикада балдар көркөм адабиятынын абалы жана аны жакшыртуунун чаралары жөнүндө» токтому чыгат, ошонун негизинде Кыргызстан Советтик Жазуучулар союзунун «Кыргыз балдар адабиятын өнүктүрүүнүн чаралары жөнүндө» VIII пленумун өткөрөт. Жазуучулар союзунда Т.Абдумомунов «Балдар адабияты үчүн жоопкерчилик күчөтүлсүн» деген темада баяндама жасап, ал баяндамасы «Кызыл Кыргызстан» газетасынын 12-майдагы санына жана «Советтик Кыргызстан» журналынын №6 санына басылат. 1950-1951-жылдарда мезгилдүү басма сөзгө Я.Шиваза, Т.Үмөталиев, Ж.Таштемиров ж.б. жазуучулар балдар адабиятын өнүктүрүү, ага атайын көңүл буруу керектиги тууралуу макалаларын жарыялашат.

1952-жылдагы февраль айында Кыргызстан Жазуучулар союзу, Кыргызстан ЛКСМ БК, Кыргызстан Агартуу министрлиги биргелешип дагы бир балдар адабиятына арналган кеңешме өтүп, андаТ.Абдумомунов баяндама жасайт. Бул кеңешмеде балдар адабиятынын жогору идеялуулугуна өзгөчө маани берүү маселеси каралган. Мына ошол жыйындын чечиминин негизинде балдарга жана өспүрүмдөргө арналган китептерди чыгаруучу«Мектеп» басмасы уюштурулат, Кыргыз ССР ИАда атайын балдар адабиятын изилдөө үчүн М.Түлөгабыловго атайын тема берилет.

Ошентип, XX кылымдын I жарымынан кыргыз балдар адабияты пайда болуу, калыптануу процессин башынан өткөрсө II жарымынан тарта ар тараптуу өнүгүүгө багыт алат. Балдар адабиятын жараткан балдар жазуучуларынын чыгармалары башталгыч класстарда окутууга киргизилген

жана алардын деңгээли, мазмуну, формасы, окутуу методдору изилдөөгө алынып турган.

Совет өкмөтү 30-жылдарда башталгыч мектепте билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өзгөчө көңүл бурган. 1931-жылы «Башталгыч жана орто мектеп жөнүндө», «СССРде башталгыч жана орто мектептин структурасы жөнүндө», 1932-жылы «Башталгыч жана орто мектептеги программа жана тартип жөнүндө» деген токтомдор чыккан. Алардын негизги мазмуну 1-4-окуу жылдары эми башталгыч класстар деп аталган, «класс» деген түшүнүк жаңыдан кирген. 1935-жылы «Баштооч, толук эмес орто жана орто мектептерде окуу ишин уюштуруу жана ички тартип жөнүндөгү» токтому жарыяланып, ал мектептерде окуу иштерин уюштуруунун жана жүргүзүүнүн формаларын, мазмундарын аныктаган.

Эгер башталгыч класстарга арналган программа 1924-жылы кыргыз тилине которулуп басылган болсо да, анда кыргыз тили, адабий окуу боюнча материалдар киргизилген эмес. Демек, окуу программасында бул предметтер жок болгондон кийин эне тили, адабий окуу боюнча окуу китептери тууралуу сөз да болгон эмес. Бул нормативдик документ айрым толуктоолор менен 1929-жылы кайрадан басылып, бирок анда да эне тилине, адабий окууга орун берилген эмес.

1930-жылы гана Эл агартуу комиссарлыгы башталгыч мектептердин программасын иштеп чыгып, аны «Жаңы маданият жолунда» журналына (1930, №3-4) басылган, мында да адабий окуу киргизилген эмес, бирок кыргыз тили боюнча грамматикалык эрежелер комплекстүү тема менен кошулуп берилген. 1932-жылы А.Токомбай уулу жооптуу редактору болгон алгачкы окуу программасы [15] түзүлгөн (жооптуу редактору Аалы Токомбай уулу). Ошол «Айыл-кыштак башталгыч мектептеринин программасында» [55] (анын 2-басылышы 1934-жылы жарык көрөт) кыргыз акындарынын чыгармалары бериле баштаганы менен балдар жазуучуларынын прозалык чыгармалары киргизилген эмес. У.Абдукаимовдун 30-жылдардагы 3-окуу жылына [4;5;6], М.Абдукеримовдун 4-окуу жылына арналган хрестоматияларында

[7;8;9;10;11;12] балдар жазуучуларынын чыгармалары орун ала баштайт. Алар К.Маликовдун «Сарала козу», С.Сасыкбаевдин «Учкучтар» аңгемелери ж.б. чыгармалар окутууга сунушталган.

Балдар жазуучуларын чыгармаларын окутуу проблемаларынын изилдениши, методикалык макалалар 1928-жылдын май айынан тарта чыга баштаган «Жаңы маданият жолунда» аттуу журналдын басылышы менен байланышат. Журналдын №1 санына Айыжман деген автордун «Окуу-окутуу ишин уюштуруу системасы» [14], №6-7 санына С.Шамырза уулунун «Комплекс жолу менен сабак берүү» [297] деген макалалар жарык көрүп алар мугалимдерге жаңы тартип менен окуу ишин уюштуруу жолдору тууралуу айтып берет.

XX кылымдын 20-30-жылдарында башталгыч класстар үчүн окуу китептерин түзгөн, балдар жазуучуларынын чыгармаларын изилдеген жана аларды окутуунун методикасын иштеп чыккан Сатыбалды Нааматов болду. Анын окуу китептеринде [178] жана методикалык колдонмо эмгектеринде [179;180;181] балдар үчүн адабий тексттерди сунуш кылуунун чен-өлчөмдөрү иштелип чыккан жана сынактан өткөрүлгөн.

1936-жылдан Кыргыз ССРи түзүлүп, өз алдынча республика болуу менен башталгыч билим берүү жети жылдык мектептерге айландырылган. Жаңы мектептердин ачылышы тез темп менен өстү. Адабий окууга А.Токомбаев, К.Баялинов, Ж.Жамгырчиев, К.Эсенкожоев, М.Элебаев, К.Баялинов, Т.Сыдыкбеков, С.Сасыкбаев ж.б. жазуучулардын балдар үчүн чыгармалары киргизилген. Ушул жылдарда акын А.Осмонов М.Кырбашев менен окуу хрестоматиясын түзгөн [192] жана анда дагы жаңы чыгармалары киргизилген. Бирок, 20-30-жылдардагы окуу китептеринде жалпы кыргыз адабиятынын материалдары 7-8% гана болгон. Анын башкы себеби – окуу китептери орус жазуучуларынын чыгармаларына өзгөчө көңүл буруп, котормо чыгармаларды көп киргизген. Сталиндик репрессия кыргыз жазуучуларынан көп чыгармаларды жазуусунан коркуткан.

1930-1940-жылдарда М.Жаңыбаевдин «Окуу сабагын жүргүзүү жөнүндө» [98], К.Акылбеков «Адабият сабагын окутуу методикасы» [16], «Адабият методикасынан» [17] деген макалаларында балдар адабиятын окутуунун усулдарын сунуш кылган. Бул мезгилде Н.Макешовдун эмгектери [147] өзгөчө белгилөөгө татыктуу, ал башталгыч класстардын окуу китептерин түзүү, аларга балдар жазуучуларынын чыгармаларын сунуштоо, ошол чыгармалары талдоо жана алар аркылуу окуучулардын кеп маданиятын калыптоо проблемасын изилдеген жана практикалык жактан ишке ашырган.

Согуштан кийинки мезгилде, 1946-1949-жылдарда, жаңы программаларды түзүүгө жана окуу китептерин жазууга өзгөчө көңүл бурулган. 1946-жылы З.Бектенов, Х.Карасаев, У.Абдукаримов жазган 4-класс үчүн «Эне тил» окуу китеби [64] окутууга сунушталып, ага балдар жазуучуларынын чыгармалары бир кыйла жеткиликтүү киргизилген. Бул мезгилде Э.Бердибаев методикалык эмгектерин жазган [66; 67], ал эмгектерде мугалимдер китептерди пайдалануу проблемасын үйрөнүшкөн.

50-60-жылдарда адабий сынчылардын жаңы мууну келип, алар балдар жазуучуларынын чыгармаларына жогорку талаптарды коё баштаган. К.Укаев «Кыргыз прозасындагы илимий-фантастикалык чыгармалардын өнүгүшү»[287], «Эң кичинелердин жанры жөнүндө» [288] деген макалаларын жазды. Бул макалаларда ал өзүн балдар чыгармаларынын спецификасын түшүнгөн кылдат эстетик катары көрсөткөн.

Ушул жылдарда Т.Сыдыкбеков «Тоо балдары» романын жазды (1953), К.Жантөшовдун «Ашуу ашкан суу» деген фантастикалык повести жарык көрдү (1955). Балдар жазуучуларынан Ш.Бейшеналиев активдүү иштеп, 1955-жылы «Ак тайлак» [58], 1956-жылы «Кычан» [59], 1960-жылы «Табышмакчы Чынара» [60], 1965-жылы «Мүйүздүү козу» [61] деген китептерин чыгарды. Бул чыгармалар жарыяланары менен эле башталгыч класстардын окуу китептеринен орун алып, балдардын акыл-сезим, сөз байлыктарын өстүрүүгө, аларды оң сапаттарга тарбиялоого өз салымын кошту.

Балдар жазуучуларынын чыгармачылыгын, анын ичинде Ш.Бейшеналиевдин повесть-аңгемелерин талдап, ондогон макалаларды жазып, атайын 1963-жылы «Кыргыз балдар адабияты» аттуу китеп чыгарган М.Түлөгабылов болгон [282].

Кыргыз жазуучулар союзунун IV съезди 1966-жылы 12-14-июлда Фрунзе шаарында чакырылып, анда ар түрдүү жанрлар боюнча докладчылар бекитилет, балдар адабияты боюнча М.Түлөгабылов доклад жасайт. Ошол докладда балдар жазуучуларынын бир катар чыгармалары талдоого алынган, бирок дале болсо адабияттын бул тармагы өнүгө албай жаткандыгы белгиленген.

КПСС БК менен СССР Министрлер Совети 1969-жылы 8-апрелде «Советтик балдар адабиятын мындан ары өнүктүрүүнүн чаралары жөнүндө» токтом чыгарат. Москванын ал токтому жер-жерлерде кызуу колдоого алынып, аткаруу иштери белгиленчү.

Мына ошол 60-жылдардын аягында 70-жылдарда балдар жазуучуларынын катарына Т.Касымбеков, Ш.Садыбакасов, А.Айтбаева, К.Каимов, С.Өмүрбаев ж.б. авторлор кошулуу менен алардын чыгармалары мектеп окуулуктарынан орун алды. Алардын окутулушу тууралуу методикалык эмгектер көп жазыла баштады. Ж.Мукамбаев жетектеген мугалимдер жазган окуу китеби [162] жана методикалык колдонмо [163, 164], А.Маткеримовдун «Окуу сабагынын эффективдүүлүгү жөнүндө» [167], А.Мамбеталиевдин «Жаңы доордун жаралышы сабакта» [148] деген макалаларында башталгыч класстарда адабий билим берүүнүн жолдору жана ыкмалары сунушталат. Балдар жазуучуларынын чыгармалары адаптациялап окуу китептерине сунуштоодо, алар тууралуу пикир айтууда Б.Рысбекованын эмгектери [224, 225], К.Сартбаевдин изилдөөлөрү [249; 250; 251] өзгөчө маанилүү болгон.

К.Сартбаев «Бакыттын ачкычы – эмгек» аттуу макаласында [258] Биринчи класстын «Эне тили» китебиндеги «Телегей апа» (Ш.Садыбакасов), «Энесине жардам» (С.Сасыкбаев), «Менин бакчам» (Ж.Таштемиров) өңдүү аңгемелердеги, экинчи класстын окуу китебинде «Коллектив», «Кичинекей жардамчылар», «Жаңы түшүм», «Пахта терүүчү машина», «Терели пахта биз

дагы»,»Чыныгы достук», «Уулдар», «Колхоздогу кышкы эмгек», «Кубатбек азаматтык кылды», «Аткарылган убада», «Кызылчадан мол түшүм», «Ак-Сай десанты», «Мен өстүргөн жемиш бак» өңдүү ондогон аңгемелерди окутуу процессинде көркөм сөз аркылуу окуу менен жаш өспүрүмдөр дал ошолордой эмгекчил болууга тарбиялоо тууралуу анализ жүргүзөт. Окуу китебинде Чыңгыз Айтматовдун «Эрте жаздагы каркыралар» деген чыгармасынан «Ак-Сай десанты» деген үзүндү киргизилгенин, анда Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде мектеп окуучулары Эргеш менен Кубаткулдун, Султанмурат менен Анатайдын, Эркинбектин жаз чыгар менен колхоздун жерин айдоого көрсөткөн жардамы аркылуу окуучуларга эмгекке тарбиялоо кандай ишке ашырыларын түшүндүрүлүүгө тийиштигин белгилейт.

3-класстын «Эне тили» китебинде да «Жемиш багы» (Т.Сыдыкбеков), «Кичинекей койчу» (А.Токомбаев), «Жаңы төл» (К.Эшмамбетов), «Баатыр чабан» (К.Жумагазиев) өңдүү чыгармаларда эмгек темасы курч чагылдырылгандыгын айтып, башталгыч класстарда эне тилин окутууга байланыштуу окуучуларды эмгекке тарбиялоо боюнча алдыңкы мугалимдердин педагогикалык иш тажрыйбасы мектептерде кеңири топтолгон. Алар башталгыч класстарда окуучуларды сабатка үйрөтүү, эне тили жана класстан тышкаркы окуу сабактары боюнча өткөргөн ар бир сабактарды өтүлүүчү материалдын ыңгайына карата эмгекке тарбиялоо иши менен тыгыз байланыштырып окутууга өзгөчө көңүл бурушат деп айтып Ноокат районунун Ленин атындагы № 2 орто мектептин мугалими Бурул Шагданованын, Кочкор районунун «Эпкин» орто мектебинин башталгыч классынын окутуучусу, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Асыранбек Мааткеримовдун башталгыч класста окуучуларды сабатка үйрөтүү сабактарын эмгекке тарбиялоо менен ойдогудай байланыштырып өткөн тажрыйбасын жогору баалайт.

Адабий окуу китептериндеги балдар жазуучуларынын чыгармаларын талдоо, аларга баа берүү жана аларды окутуунун методикасын иштеп чыгуу С.Кондучалованын «Балдардын өз бетинче окуусу» аттуу макаласында [129],

А.Жолдошованын кандидаттык диссертациясында [99], мугалим А.Курбанбаеванын иш тажрыйбасында [131] чагылдырылды.

Башталгыч класстардын мугалими жана илимий кызматкер болуп иштеген З.Маразыкова өткөн кылымдын 70-90-жылдарында бул багытта активдүү иштеп, өзгөчө алиппени окутуу, класстан тышкаркы окуу боюнча методикалык «1-класста сабат ачуу жолдору» [154], «Экинчи класстагы класстан тышкаркы окуу» [155], «Үчүнчү класстагы класстан тышкаркы окуу»[156] деген эмгектерин жазды. Бул эмгектер практикага жакындыгы менен мугалимдердин ишмердүүлүгүнө кеңири колдонулду.

Балдар жазуучулары, алардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, бул чыгармаларды башталгыч класстарда окутуу технологиялары С.Рысбаевдин эмгектеринде терең чагылдырылган. Ал бир катар китептеринде балдар адабиятына теориялык анализ берип, бул адабияттын спецификасын белгилеген, кээ бир балдар жазуучуларынын адабий портретин жазган [209; 218]. Анын эмгектеринин ичинде башталгыч класстар үчүн окуу китептери да орчундуу орунду ээлейт, бул китептеринде ал кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын иргеп, адаптациялап, сөздүк жумуштарын жана дагы башка методикалык аппараттарын иштеп чыккан [215]. Окумуштуунун дагы бир багыты баланы көркөм сөз менен тарбиялоонун жана балдар адабиятынын педагогикалык идеяларын иштеп чыккандыгында [210; 211;213;214;].

С.Рысбаев жетекчилик кылган топ балдар жазуучуларынын чыгармаларынын антологияларын, хрестоматияларын [217; 219] түзүп, адабий окуу сабагын окутууга чоң жардамдарын көрсөттү. Чыгармаларды окутуу процессинде окуучулардын жазуу жана сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн эффективдүү методикасын иштеп чыкты [220]. Анын изилдөөлөрү балдар жазуучуларынын чыгармаларын башталгыч класстарда үйрөнүүнүн системалуу изилдегендигинде, ал система төмөнкүлөрдөн турат: а) окуу китептерине өзү да аңгемелерде, жомокторду, уламыштарды жазып киргизген; в) «Алиппе», «Адеп алиппеси» сыяктуу окуу китептерин жазган; г) окуу китептерин пайдалануунун методикалык колдонмолорун иштеп чыккан; д) кошумча окуу үчүн зарыл

болгон көркөм чыгармалардын жыйнактарын түзгөн; ж) балдар адабиятынын педагогикалык идеяларын изилдеген; з) балдар жазуучуларынын чыгармаларын үйрөтүү технологияларын сунуштаган.

Башталгыч класстарды балдар үчүн жазылган чыгармалардын нарк-насилин, педагогикалык ойлорун изилдеген жана аларды окутуу боюнча жолдорду жана ыкмаларды көрсөткөн дагы бир окумуштуу С.С.Сакиева. Ал адегенде XX кылымдын 90-жылдарында балдарды көркөм чыгармаларга кызыкпай жаткандыгы, мектепте адабий билим берүүнүн кемчилдиктери тууралуу илимий публицистикалык мазмундагы «Балдар адабиятынын жетишсиздиги окуу-тарбия ишиндеги өксүктөрдү пайда кылат» [229], «Күнөө балдардабы, же биздеби?» [230], «Биринчи класстан баштайлы» [231] деген сыяктуу макалаларын мезгилдүү басма беттерине жарыялайт. Ал проблемаларды айтып гана калбай, 2004-жылдан баштап, адабий окууну уюштуруунун, балдар жазуучулардын чыгармаларын окутуунун методикасы боюнча «Адабий чыгармаларды окутуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгү» [232], «Адабий окуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн булактары» [233], «Адабий окуудагы традиция жана инновация» [234], «Адабий окуунун өнүгүү тенденциялары» [235], «Башталгыч класста адабиятты окутуунун актуалдуу маселелери» [236], «Проблемы обучения и воспитания литературного чтения в начальных классах (1-ая статья)» [237], «Проблемы обучения и воспитания литературного чтения в начальных классах (2-ая статья)» [238], «Новые интерпретация проблем и воспитания литературного чтения в начальных классах» [239], «Башталгыч класста адабий окууга үйрөтүүнүн проблемалары»[240] ж.б. илимий-методикалык макалаларын жазат. Бул макалалар адабий окууга үйрөтүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө башталгыч класстын мугалимдерине методикалык жардам гана көрсөтүп калбай, балдар жазуучуларынын чыгармаларына баа берилет, мектепте балдар адабиятынын окутулуш тарыхы, проблемалары анализденет.

С.Сакиева теориялык билимдерин, мектепте жана жогорку окуу жайында, илим изилдөө институтунда алган тажрыйбаларын жыйынтыктап, «Башталгыч

мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери»деген темадапедагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасы боюнча диссертациясын [228] коргойт жана ушул эле аталыштагы монографиясын чыгарат [228; 241]. Изденүүчү башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздерин иштеп чыгуу максатында башталгыч класстагы адабий окуу китептеринин ордуна жана ролуна аныктама берет, адабий окуунун функциясын, адабий окууга үйрөтүүнүн майнаптуу каражаттарын методдорун жана жолдорун сунуш кылат, адабий билим берүүнүн жана «Адабий окуу» предметтеринин компетенттүүлүккө негизделген концепциясын түзөт, адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык маани-маңызын, мазмунун, принциптерин анализдөө менен бир катар учурларын жаңылайт, жаңы шарттарга ылайык адабий окуунун илимий-методикалык табиятын тактайт, адабий окууга үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн жолдорун иштеп чыгат жана ушул иштелип чыккан окутуунун методикасын жана билгичтиктердин, көндүмдөрдүн системасын, дидактикалык материалдарды практикада педагогикалык экспериментте сыноодон өткөрүлөт.

А.Т.Саттарова «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» деп аталган докторлук диссертациясында [259] «балдар адабияты» түшүнүгүн кеңири чечмелеп, ааламдашуу доорундагы балдар ырларынын таалим-тарбия берүүчүлүк функциясын көрсөтүп, андай чыгармаларды азыркы мектептин 2-7-класстарында окутуу технологияларын чагылдырат.

Башталгыч класстарды адабий окуу предметине кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын талдап, тандап киргизген окуу китептерин жазган дагы бир автор А.Токтомаметов. Анын «Адабий окуу» аталышындагы 2-класстар үчүн [269], 3-класстар үчүн [270], 4-класстар үчүн [271] окуу китептеринде балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуу китептерине сунуштоонун принциптери, методикалык өзгөчөлүктөрү практикалык максатта иштелип чыккан. Ошол эле учурда ал адабий окуу китептери боюнча методикалык колдонмо [271] иштеп чыгып, адабий окуунун дидактикалык негиздери боюнча педагогикика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргогон [273].

Ошентип, кыргыз балдар адабиятын башталгыч класстарда окуп-үйрөнүү проблемасынын изилденишинин тарыхы бир топ узак жана проблемалуу болсо, азыркы абалында да бир катар көйгөйлөр, тактоого тийиш маселелер бар. Алар төмөнкүлөр:

Биринчиси, кыргыз адабиятында балдар жазуучуларынын чыгармаларынын өтө көп эместиги, башталгыч мектептин 3-4-класстарына ылайыктуу мыкты прозалык чыгармалардын жетиштүү эместиги, демек, окуу китептерине тексттерди тандоонун кыйынчылыктары.

Экинчиси, балдар адабияты боюнча кыргыз адабият таануусунун жана адабий сынынын анчалык өнүкпөгөндүгү, анын кесепетинен балдар үчүн жазылган чыгармалардын идеялык, көркөмдүк, эстетикалык баалуулугунун же баасыздыгынын толук талдоого алынбай келе жатышы, натыйжада, окурмандар балдар жазуучулары жана алардын чыгармалары тууралуу кеңири маалыматка ээ боло албай калышууда.

Үчүнчүдөн, жазуучулардын балдар адабиятында туруктуу иштеп, көптөгөн чыгармаларды системалуу жазып келбегендиги, адабияттын бул татаал жана жооптуу тармагына «тийип-качып» мамиле кылышы.

Төртүнчүдөн, башталгыч класстардын окуу китептерине балдар жазуучуларынын чыгармаларын киргизүүнүн узак жылдар саясатташып келиши, мисалы, XX кылымдын 20-30-жылдарында тап душмандарына каршы күрөшкө үндөгөн, коллективдүү чарбаларга кирүүгө чакырган, бай-манаптарды жек көрүүгө чакырган, В.И.Ленин, И.В.Сталин, партия, комсомол, пионер жөнүндө, Совет өкмөтү менен большевиктер партиясынын идеологиясын колдогон чыгармалар окуу китептерине кирсе, Улуу Ата мекендик согуш жылдарында баатырларды даңазалаган, баатырдыкты идеализациялаган чыгармалары, анын ичинде очерктер башкы орунга чыгат, 50-жылдардан тартып балдар адабиятынын темасы социализмди курууга салым кошкон, коммунизмди куруучулардын моралдык кодексине ылайык жакшы окуган, тартиптүү, таза жүргөн балдардын турмушун чагылдырууга оогон. Мына ушул тематикалык чектелгендик, саясатка кызмат кылган балдар адабияты окуу китептеринде да чагылдырылган. XX кылымдын аягында келип, Кыргыз

Республикасы эгемендүү мамлекет статусуна жетишкенде экономикалык кыйынчылыктан, бюджеттик тартыштыктан улам маданиятка, көркөм өнөргө, анын ичинде адабиятка көңүл бурулбай, мамлекеттин эсебинен китептер чыкпай, XXI кылымга келип, эски саясатташкан чыгармалар окуу китептеринен орун алууга моралдык укугу жок болуп калып, окуу китептерин түзүүчүлөр жаңы чыгармаларга муктаж болушту. Мына ушул муктаждыкты канааттандыруу үчүн айрым авторлор (С.Рысбаев, А.Муратов, Б.Абдухамитова, А.Кармышаков ж.б.) өздөрү көркөм чыгармаларды жазууга мужбур болушту.

Бешинчиден, XX кылымдын 20-30-жылдарынан берки бир кылымдай убактагы балдар жазуучуларынын башталгыч класстардын окуу китептерине киргизилген чыгармалары тарыхый жана педагогикалык жактан ырааттуу изилденип чыккан эмес. Бул багытта С.Рысбаевдин докторлук диссертациясы [213] жазылган. Анда негизги көңүл окумуштуунун максатына ылайык кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү проблемасын улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен жүргүзгөн. Ал эми биздин изилдөө мына ошол темага жакын, бирок биз балдар жазуучуларынын, б.а., профессионал жазуучулардын прозалык чыгармаларынын мисалын алдык. Экинчи бир С.Сакиеванын «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери»деген темадагы докторулук диссертациясы [228] адабий окуу предметинде сунуш кылынган балдар адабиятынын чыгармаларын талдоого, алардын этнопедагогикалык маани-маңызын ачып берүүгө арналган эмес, докторанттын максаты адабий окууга үйрөтүүнүн методикасын иштеп чыгууга багытталган. Ал эми А.Токтомаметовдун кандидаттык эмгегинин [273] максаты адабий окуунун дидактикалык негиздери иштеп чыгуу эле, ал диссертацияда да негизги максат балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этнопедагогикалык идеялары жана аларды окуучуларга жеткирүүнүн методикасы башкы орунга чыкпайт. Ал эми биздин изилдөө балдар жазуучуларынын чыгармаларын талдоо, алардын этнопедагогикалык маани-маңызын көрсөтүү, ошолор аркылуу азыркы 3-4 окуучуларынын этнопедагогикалык компентенттүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат.

### 1.3. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методологиялык негиздери

«Методология» грек сөзүнөн алынган, «methodos» – таанып билүү же изилдөөнүн жолу, теория, окуу, «logos» – сөз, түшүнүк дегенди билдирет. Ал – ишмердүүлүктүн структурасы, логикалык уюштурулушу, методдору жана каражаттары жөнүндөгү окуу; илимдин методологиясы – илимий таанымдын түзүлүү принциптери, формалары жана ыктары жөнүндөгү окуу.

Дагы тагыраак айтканда, ал:

- теориялык жана практикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн принциптеринин жана ыктарынын, жолдорунун системасы;
- таанып билүү ишмердүүлүгүнүн илимий методу жөнүндөгү окуу;
- тигил же бул илимге колдонуучу бардык методдордун жыйындысы.

Методологиянын пайдаланышына байланыштуу: гносеологиялык (а), алдын ала билүү, айтуу (б), кайра түзүү (в) жана уюштуруу (г) милдеттери бар.

Илимде методологиянын иерархиясы бар экендиги да таанылган. Илимдин структурасында төрт деңгээл бөлүнүп көрсөтүлөт:

1. философиялык
2. жалпы илимий
3. конкреттүү-илимий
4. технологиялык.

Методологиянын бардык деңгээли белгилүү учурларда бири-бирине багынып турат жана татаал системаны уюштурат.

Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү аракетин ичине алган методология абстрактуу түшүнүктөрдөн эмес, үйрөнүү ишмердүүлүгүн ичине алган окуу жана аны ар бир окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө ылайык үйрөтүү, машыктыруу жараянын боюна сиңирген окутуу сыяктуу айкалышкан конкреттүү ишмердүүлүктөн турат. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү, аны ар бир окуучуга жеткире түшүндүрүү адабият мугалиминин эле эмес, окуучунун да

философиялык ой жүгүртүүсүн, логикалык кабылдоосун, көркөм чыгарма сүрөттөп берген турмуш чындыгын өздөштүрүүдө таанып-билүү аракетин талап кылат» [51].

Демек, методология методдордун жыйындысы, таанып-билүүнүн илимий жолун көрсөтүүчү система, бул же тигил эмгекти жазууда, бул же тигил ой-пикирди айтууда таяныч боло турган, мурда практикадан өткөн изилдөөлөр, теориялык жоболор.

Бардык илимдердин эң негизги методологиялык негизи философия эсептелет. Философиянын негизги концепциясы – таанып-билүүнүн жалпы мыйзамдарын үйрөтүү. В.Ф.Асмус «Вопросы теории и истории эстетики» [37] деген китебинде адабий чыгармаларды эстетикалык көрүнүш катары карап, анын теориясын жана байыркы учурдан берки тарыхын көрсөтүп берет. М.М.Бахтин «Вопросы литературы и эстетики», «Творчество Франсуа Рабле и народная культура Средневековья и Ренессанса», «Эстетика словесного творчества» [52; 53; 54] ж.б. эмгектеринде сөз өнөрүнүн эстетикасын философиялык аспектиден талдап берет. Орустун көрүнүктүү философу Н.А.Бердяев эмгектеринде [68; 69; 70] адабиятты элдин руханий маданиятын көтөрүүчү күч экендигин далилдеп, коомду өзгөртүүдөгү жазуучулардын ролун белгилейт [71; 72]. Кыргыз философу А.А.Салиев адамдын ой жүгүртүүсү, көркөм адабият жана психология, адабияттын эстетикалык тарбияты тууралуу эмгектерин [242; 243; 244; 245; 246; 247] жазган. Философдордун, анын ичинен эстетиктердин эмгектери бизге адабий чыгарма турмуш чындыгын кандайча чагылдырып жатат, көркөм образ жана образдуулук, адабияттагы көркөм шарттуулук ж.б. сөз өнөрүнүн эстетикасын үйрөтөт.

Эгер биз ар кандай чыгармаларга, анын ичинде балдар жазуучуларынны чыгармаларына философиялык-эстетикалык аспектиден карабасак, биздин ал чыгармага берген баабыз, көз карашыбыз жалган болуп калат.

Экинчи бир методологиялык негизди педагогиканын классиктеринин эмгектери берет. Чех педагогу Я.А.Коменский (1952-1670) «Улуу дидактика» (1633-38), «Тилдерге ачык эшик» (1631), «Энелер мектеби» (1632) ж.б.

китептеринде чехтердин балдарды көркөм чыгармалар менен тарбиялоо маданиятын көрсөтөт, баланын дилин ачып, тилин байытууда элдик тилдин баа жеткис ордун белгилейт [127]. Адабиятын гуманизмин, демократизмин, таанытуучулук жана тарбиялоочулук жагын И.Г.Песталоции (1746-1827) жогору баалайт [197]. Ал эми орус педагогу К.Д.Ушинский (1824-1871) «Детский мир» (1861), «Родное слово» (1864) деген окуу китептеринде [288], жазуучу Л.Н.Толстой (1828-1910) «Азбука» (1872), «Новая азбука», «Книги для чтения» (1875), «О народном образовании» (1874) аттуу эмгектеринде [280] жаш балдарды сөз дүйнөсүн тартуунун теориясын айтып, өздөрү ал ойлорун практика жүзүндө ишке ашырган. А.С.Макаренко, Н.К.Крупская, В.А.Сухомлинский, Г.Н.Волков, Ш.А.Амонашвилинин идеяларында да советтик балдарды атайын адис жазуучулар тарабынан жазылган чыгармалардын таасиринде тарбиялоонун зарылдыгы белгилейт. Алардын окуулары да биздин эмгекке методологиялык таяныч болуп берди.

XX кылымда советтик, орус жана кыргыз дидактары тарабынан окутуунун принциптери, каражаттары, методдору иштелип чыкты, алар Ю.К.Бабанский [40, 41, 42], И.Б.Бекбоев [63], В.П.Беспалько [73, 74], В.К.Дьяченко [96], И.Я.Лернер [137, 138], М.И.Махмутов [158], Г.К.Селевко [266] ж.б. педагог окумуштуулар, булардын эмгектери башталгыч класстар балдар жазуучуларынын чыгармаларын үйрөтүү методикасын иштеп чыгууга жардам берди. Окутуунун жана тарбиялоонун теориялары педагогика боюнча жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китептеринде [141, 142, 194, 195, 196, 198 199, 200] ар тараптуу каралган. Башталгыч класстын мугалимдери жогорку жана орто окуу жайларында бул эмгектер менен таанышканы менен алар үстөл үстү китептерге айланууга тийиш.

Адабий чыгарманы үйрөтүү, үйрөнүү мугалим менен окуучунун татаал психологиялык байланышына, окуучулардын индивидуалдуу жана курактын өзгөчөлүгүнө байланышат, биздин эмгекте ошол өзгөчөлүктөр эске алынуу менен жазылды, аны үчүн педагогикалык психологиялык теорияларын терең изилдеп чыккан Л.С.Выготский [92], психиканын өнүгүш мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берген А.Н.Леонтьев [139, 140], жалпы психологиянын

окуусун илимге кеңири тараткан С.Л.Рубинштейн [208], балдар психологиясын, анын ичинде кенже мектеп жашындагы окуучулардын психикалык өзгөчөлүктөрүн, көркөм адабиятты кабылдоо маданиятын изилдеген Д.Б.Эльконин [301,302,303,304,305] ж.б. психологдордун эмгектерин пайдаландык.

Биздин темада адабият, анын ичинде балдар адабияты тургандыктан адабият таануу багытындагы эмгектер эң башкы методологиялык негиз болду. Орус жана соевттик адабиятчылардын ичинен балдар жазуучуларынын чыгармаларынын идеялык-тематикалык багытын, эстетикалык-көркөмдүк салмагын, таалим-тарбиялык күчүн изилдеген С.М.Лойтердин монографиялары [143, 144], И.Г.Минараловanын [159], Е.О.Путилованын [202], И.Н.Арзамасцев менен С.А.Николаевдин [34], А.И.Шигаевдин [296] ж.б. илимпоздордун, педагогдордун окуу китептери жазылды.

Кыргыз адабиятчыларынын ичинен балдар жазуучуларынын чыгармаларына талдоо берүү жумуштары М.Түлөгабыловдун жогорку окуу жайлары үчүн жазган окуу китебинде [282], М.Сулаймановдун «Балдар аңгемелери жөнүндө» (1976) [264], «Азыркы балдар прозасы» (1980) [265], «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» (1992) [266] деген китептеринде, «Азыркы кыргыз балдар прозасы» (1971) деген темада кандидаттык, «Кыргыз балдар адабиятын тарыхы» (1995) деген темадагы докторлук диссертацияларында ишке ашырылган. Ал эмгектердин баалуулугу биринчиден, кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармалары жалпы советтик коомдун өнүгүшү менен бирге каралган; экинчиден, кыргыз балдар адабиятына советтик балдар адабиятынын бир бутагы катары түшүндүрүлгөн; үчүнчүдөн, балдар жазуучуларына портреттик мүнөздөмө берилип, ар биринин балдар адабиятындагы орду көрсөтүлгөн.

Балдар адабияты боюнча дагы бир окуу китебине кошумча колдонмону А.Муратов менен К.Исаков жазган. «Кыргыз балдар адабияты» деп аталган ал китептин [169] кириш сөзүндө балдар адабияты боюнча бирдиктүү окуу китебинен жоктугу, кыргыз балдар адабиятынын теориялык-методологиялык негиздери системага салынбагындыгы белгиленет.

Канткен менен жогорудагы окуу китептеринда кыргыз балдар жазуучуларынын урунтуу чыгармаларына баа берилип, балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү, негизги тематикалары, жанрлары, көркөм образдары көрсөтүлгөн.

1924-1956-жылдардагы кыргыз балдар адабиятынын жанрдык өз алдынчалыгы жана жаңы каармандын калыптануу процесси К.Абакировдун кандидаттык диссертациясында [1] чагылдырылган. Ал адабияттын бир тармагы болгон балдар адабиятынын калыптануу процессин жанрлар боюнча диалектилик эволюция менен көрсөтүп, коомдук өзгөрүүлөргө карата каармандардын иш-аракеттери, идеалдары өзгөрүп тургандагын көрсөтөт.

В.Вакуленконун «Детская литература в Киргизии» (1976) [78] аттуу китебин чыгарды жана анын докторлук диссертациясы жазылды [79]. Бул эмгектердин айрым бөлүктөрү чакан китепчелер[80] түрүндө орус тилинде жарык көрүп, «Детская литература» журналына басылып, кыргыз балдар адабиятынын айрым чыгармаларын эл аралык масштабда таанытууга салым кошту.

О.Соороновдун «Балдар адабияты» деген обзордук макаласында[262] кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча жазылган китептин бир бөлүмү катары улуттук балдар жазуучуларынын чыгармачылыгы да талдоого алынат. Анда адабиятчы XX кылымдын башынан тартып XX кылымдын 85-жылдарында чейинки аралыктагы адабий процесске баа берет, балдар прозасын балдар поэзиясы, балдар драматургиясы менен байланышта карайт. Обзордук макала болгондуктан ондогон балдар жазуучуларынын эң барандуу чыгармалары тууралуу пикирлерин айтат.

Балдар адабиятынын теориясы жана практикасы боюнча биздин эмгекке методологиялык негиз болуучу эмгектерди С.Рысбаев. Анын «Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер» [209] жана «Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо» [210] деген китептеринде мектеп окуучуларын ааламдашуу доорунда тарбиялоодо, алардын акыл-сезимин, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн жогорулатууда балдар

жазуучуларынын ролу, алардын чыгармаларындагы идеялар маанилүү экендиги көрсөтүлөт.

А.Т.Сатарова «Кыргыз балдар фольклору: жанрдык түзүлүшү жана көркөм өзгөчөлүктөрү» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон [253]. Г.Орозованын эмгектеринде [190] кыргыз балдар адабиятынын классификациясы, спецификалык өзгөчөлүктөрү, жанрдык-тематикалык ар түрдүүлүгү талдоого алынды.

Кыргыз балдар жазуучуларын чыгармалары ар кыйсыл жылдарда чыккан антологияларда жана хрестоматияларда толук, же адаптацияланган формаларда берилди, аларды сунуштоонун методологиялык жол-жоболору иштелип чыкты. Буга кыргыз совет балдар прозасынын (түзгөндөр Ш.Бейшеналиев, А.Кыдыров, баш сөзүн жазган Т.Аскаров) антологиясын, мектеп жашына чейинки балдар үчүн М.Рахимова түзгөн «Хрестоматия для чтения в детском саду» (1974), «Киргизские писатели – детям» (1978), «Бүчүр» (1983), «Детский сад» (1999), «Мөл булак» (2000) деген хрестоматияларды, А.Акматалиев ж.б. адабиятчылар, жазуучулар түзгөн «Кыргыз балдар адабиятынын антологиясы» (2004) деген китепти, кыргыз адабиятынын 10 томдук антологиясынын 4-томун [299], «Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга: балдар үчүн окуу хрестоматиясы» деген китептин экинчи томун [219] көрсөтүүгө болот. Жогорудагы эмгектер, адабият таануу багытында болуп, балдар адабиятынын теориялык проблемаларын (жанр, стиль, идея, тема, сюжет, композиция, образ, поэтика ж.б.) изилдеп, биздин эмгекке методологиялык таяныч болду. Орус адабиятын окутуунун методикасы илиминде башталгыч класста лириканы окутуу боюнча 1968-жылы Е.Л.Глинская, ошол эле лириканы окутуу менен окуучулардын көркөм кабылдоосун өстүрүү боюнча 1998-жылы Э.В.Гуткина, 2005-жылы О.В.Кияйкина кандидаттык диссертациясын коргогон. О.В.Джежелей окуу сабагында балдардын окурмандык өз алдынчалыгын калыптандыруу, 1983-жылы Н.М.Дружинина таанып билүү багытындагы китептер менен мугалимдердин иштөөсү тууралуу, 1985-жылы Л.Д.Мали окуу сабактарында жүргүзүлгөн чыгармачылык жумуштарды өткөрүү боюнча, 1988-жылы

Л.А.Павлова окуу сабактарында көркөм окуу аркылуу адептик жана эстетикалык тарбиялоо багытында, 1988-жылы Л.С.Сильченкова башталгыч класстарда көлөмдүү чыгармаларды окутуунун методикасы боюнча, 1995-жылы Е.А.Швайкина адабий окуу сабактарында XIX кылымдагы орус поэзиясынын мурастарын окутуу тууралуу кандидаттык диссертацияларын жазган.

Ал эки кыргыз адабиятын окутуу илиминде балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу багытында педагогикалык багытта да бир катар эмгектер биздин иште пайдаланылды. Айталык, А.Саттарова балдар адабиятын окутуу боюнча макалаларын[254, 255], китептерин [256,257, 258] жана докторлук диссертациясын [259] жазды. Ал өз эмгектеринде балдар адабиятын окутуунун дидактикалык технологиялык негиздерин иштеп чыгып, инновациялык жана салттуу окутуу методдорун мектеп мугалимдерине сунуш кылды. Балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу жалпы эле кыргыз адабиятын окутуунун теориясы жана практикасы менен байланышат.

Кыргыз адабиятын орто мектепте окутууга байланыштуу Б.Алымовдун жогорку окуу жайларынын болочок мугалимдер үчүн окуу китептери [23, 24, 25], мектептердин окуу китептерине карата колдонмолору [26] жана методикалык куралдары [27, 28] жазылып, докторлук диссертациясы [29] корголгон. С.Байгазиевдин [43, 44, 45, 46, 47], С.Т.Батаканованын [50, 51], К.Иманалиевдин [103,104,105,106,107,108], Б.Исаковдун [109,110,111,112], Н.И.Ишекеевдин [113,114], С.Момуналиевдин [160,161], А.Муратовдун [170,171,172,173], С.Рысбаевдин [211, 213, 214] ж.б. методисттердин эмгектери окутуунун ыкмаларын, каражаттарын, жолдорун аныктоодо бизге методологиялык база болуп берди.

Изилдөөбүз балдар жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеяларды табуу, аларды окуучуларга жеткирүү, окутуунун этнопедагогикалык жактарын өркүндөтүү болгондуктан этнопедагог изилдөөчүлөрдүн эмгектери методологиялык жактан баалуу материалдарды көрсөтүп, ишибизге багыт берди. Бул багытта советтик этнопедагог, этнопедагогика илиминин негиздөөчүсү Г.Н.Волковдун адабий

чыгармалардагы элдик тарбиялоо тууралуу ойлоруна байланыштуу окуусу [84,85,86,87,88,89,90,91] көптөгөн этнопедагогикалык изилдөөлөргө таяныч болгондой эле биз да эмгекке жол көрсөттү.

М.Манликова бир катар эмгектеринде [151,152,153] кыргыз мектептеринде орус адабиятын этномаданий аспектиден окутуунун теориялык маселелерин иштеп чыкты.

А.Алимбековдун [19,20,21,22,23], Ш.М.Арсалиевдин [35], А.Б.Афанасьевдин [39], З.К.Дахужеванын [94], Ж.Ж. Наурызбайдын [182], В.А.Николаевдин [183,184], А.С.Шаалынын [304] ж.б. этнопедагогдордун эмгектеринде адабий чыгармалардын этнопедагогикалык маани-маңызы тууралуу теориялык ойлор айтылган.

Бул багытта Г.А.Абдымомунова [2], Р.А.Абдыраимова [3], Х.Ф.Анаркулов [30,31] Б.Апышов [32,33], А.Т.Аттокуров [38], Б.Байсеркеев [48], Г.Байышова [49], Ж.Бешимов [75], И.Даминова [93], Н.К.Дюшеева [95], К.Жаныгулов [97], Н.И.Имаева [101], А.Т.Калдыбаева [116, 117,118,119,120], Г.Ж.Карагозуева [121], Т.Н.Каранова [122,123], Ж.И.Койчуманов[124,125,126], Т.А.Коңурбаев [130], Р.А.Кутанова [132], К.Кыдыралиев [133,134], М.Х.Манликова [149], А.Муратов [165,166,167,168,169], Б.Муратбаев [175], Ж.М.Найманбаев [176], Т.Ормонов [185,186,187,188], Ж.М.Орозбаев [189], Ч.Т.Осмонова [190], Т.В.Панкова [193], М.Р.Рахимова [204,205,206,207], С.К.Рысбаев [209, 210, 211,212,213,214], С.М.Саипбаев [226, 227], К.К.Тусубекова [276], Ж.Ж.Тургунбаева [275], Т.Э.Уметов [285, 286] ж.б. окумуштуулар изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Жогорудагы эмгектер биздин башталгыч класстарда (3-4-класстары) балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүү багытындагы эмгектерге философиялык-эстетикалык, педагогикалык, психологиялык, адабияттаануучулук, окутуунун теориясы жана педагогикасы боюнча методологиялык негиз болду.

## 1.4. Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын таалим-тарбия берүүчү функциялары жана ал аркылуу окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетентүүлүктөр

Кыргыз балдар адабияты, анын ичинен балдар жазуучуларынын чыгармалары эл тарыхын көрсөткөн тарыхый-этнографиялык, дүйнөнү жана адамды тааныткан таанытуучу, тил байлыктарын, элдик тарбия маданиятын үйрөткөн булак. Аларды мектептин башталгыч класстарында окутуу менен биз төмөнкүлөргө жетишебиз:

- биринчиден, ата-бабалардын байыртадан келе жаткан турмушун, жашоосун азыркы муунга ачып беребиз;
- экинчиден, улуу муундун кичүү муунга берген педагогикалык насааттарын, ибарат-сабактарын көрөбүз;
- үчүнчүдөн, элдик тилдин, ой жүгүртүүнүн, көз караштын эң сонун үлгүлөрүн таба алабыз;
- төртүнчүдөн, жазуучулардын чыгармачылыгын, руханий маданиятын башка жазуучулардын чыгармачылыгы, руханий маданияты менен салыштырууга мүмкүнчүлүк алабыз;
- бешинчиден, окуучулардын эстетикалык табитин өстүрүүгө шарттар түзүлөт.

Ал таасирлерди төмөнкү сүрөттөн карап көрөбүз.



**Сүрөт 1.3. Адабияттын башталгыч класстын окуучуларына таасир этүүчү функциялары**

Дал мына ушулардан окуучулар ээ болуучуэтнопедагогикалык компетенцияларды белгилөө милдети турат. Проблеманы тактоо үчүн адегенде «компетенциялар», «компетенттүүлүк» деген түшүнүктөрдүн маани-маңызын карап чыккан жөндүү.

Компетенттүүлүк – бул же тигил тармактагы жеке адамдын, аткаруучунун (биздин изилдөө боюнча башталгыч класстарда окуп жаткан окуучунун) компетенцияларынын жетишкендик деңгээли. Компетенттүүлүк – бул же тигил тармак боюнча билим, тажрыйба жана аларды колдоно билүүгө жетишүү мүмкүнчүлүгүнө өсүп чыгуу. «Компетенттүүлүк – кандайдыр бир тармакта, чөйрөдө белгилүү бир натыйжага жетишүү, кадыр-баркка ээ болуу, кимдир-бирөөнүн кесиптик чеберчилигинин, жетишкендигинин көрсөткүчү. Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору.

Компетенттүүлүк: «предметтик тармактардагы конкреттүү аракеттерди эффективдүү аткарууга жөндөмдүү болуунун өзгөчө жолу» (Дж.Равен, англис психологу).

«Адамдын социалдык-профессионалдык турмуштук ишмердүүлүгүндө интеллектуалдык жана инсандык тажрыйбасына алып келүүчү негизги билим» [100].

Ал «сапаттын белгиси болуп, ишмердүүлүктүн конкреттүү тармагында таасир этүүнү талап кылат», «окуучунун болгон инсандык сапаттары жана

белгилүү бир тармактагы ишмердүүлүк боюнча минималдык тажрыйбасы», т.а. «окуучулардын белгилүү даражада компетенцияга ээ болуусу» [287].

«Адистин белгилүү даражадагы билимге жана тажрыйбага ээ болуу деңгээли гана эмес, аларды профессионалдык кызматында керектүү учурда ишке киргизе алуусу» (Э.Ф.Зеера).

«Инсандын өзүн өзү иштетүү (реализациялоо) үчүн, тарбиялануучунун бул дүйнөдөн өзүн табуусу үчүн билимдин, ык-машыгуулардын жашап турушунун жолу» (В.В.Сериков).

«Компетенттүүлүк дидактикада педагогикалык ишмердүүлүктүн үзүрүн көрсөтүүнүн бир чен-өлчөмү катары кабыл алына баштады. Мурда билим алуучулук, билим берүүчүлүк мамиленин ордуна келген компетенттүүлүк окуу процессинде балдардын билим алуусу, алардын билим топтоосу менен гана чектелбейт, аларды колдоно билүүгө жетишүүсү менен байланышат. Азыр компетенттүүлүк көп өлкөлөрдө, мисалы, Орусияда жалпы мамлекеттик, федералдык стандарттарда борбордук, түйүндүү маселелердин бирине көтөрүлүп чыкты.

Компетенттүү мамиле кылуу бул коом талап кылган билим берүү ишмердүүлүгүнө ылайык таанып билүүнүн жана аны ишке ашыруунун өзгөчө формасы. Бул мамиле орус педагог-дидактиктеринде (М.Н.Скаткин, И.Я.Лернер, В.В.Краевский, Г.П.Шедровицкий, В.В.Давыдов ж.б.) мурда эле көтөрүлүп келген. Мисалы, адабиятты окутууда окуучуларга билим, ык-машыгуу, көндүмдөрдү берүү керек, дал ошол нерсе алардын адабий-теориялык компетенттүүлүгүн негиздейт. Ошондой компетенттүүлүккө ээ болгон мектеп бүтүрүүчсү ар кандай адабий чыгармаларды түшүнүү, талдоо, интерпретациялоо жөндөмдүүлүгөнө ээ болуп гана калбастан, чыгармадан алган эстетикалык, катарсистик, этикалык байлыктарды жеке турмушунда колдоно билүүгө жетишет» [173].

Дидактардын эмгектеринде [203] компетенция менен компетенттүүлүктү көбү туура эмес ажыратып жүргөнүн белгилешет, *компетенция* – бул же тигил ишмердүүлүктө умтулган нерсе, *компетенттүүлүк (компетентность)* – бул багытта жеткен ийгилик деп карашат.

Мына ушулардын ичинен этнопедагогикалык компетенциялар кайсылар?

«Бардык эле педагогика – бул эң алды менен социалдык этнопедагогика (О.И.Давыдов), демек ал көп маданияттуу (полиэтнической) билим берүү мейкиндигинде жашаган кыргыз студенти, болочок мугалим үчүн этномаданий дөөлөттөрдү түшүнүүгө, барктоого, аларды башкаларга жеткирүүгө жетишүү. Этнопедагогикалык компетенцияларге ээ болуу азыркы мугалимдин жалпы адистик компетенцияларга жетүүсүнүн бир багыты. Орус дидакттары «маданий компетенттүүлүк» («культурная компетентность»), «этнопедагогикалык маданият» («этнопедагогическая культура»), «этнопедагогикалык компетенттүүлүк» («этнопедагогическая компетентность») деген түшүнүктордү маанилеш, же бири-бирине жакын карайт. В.А.Николаев «этнопедагогикалык маданият» («этнопедагогическая культура») деген түшүнүктү айтып чыгат (1998) [183], Г.Н.Волков «элдин педагогикалык маданияты» («педагогическая культура народа») деген түшүнүктү киргизет (1999) [84] жана буларды бул же тигил элдин педагогикалык маданияттын балдарды тарбиялоо салттары жана аларды азыркы учурда колдонуу менен байланышкан социалдык-педагогикалык феномен катары карашат.

М.Г.Харитонов «этнопедагогикалык маданият» («этнопедагогическая культура») деген түшүнүктү «этнопедагогикалык компетенттүүлүк» деген термин менен ашташтырып, маанисин бир топ кеңейтет (1999) [297].

Бул проблеманы А.В.Кайсарова [115], В.А.Комелина [128], С.Ю.Лаврентьев [136], В.А.Николаев [183], Т.В.Поштарева [201], Т.К.Солодухина [263], М.Г.Харитонов [291, 292], А.В.Хуторский [293,294] ж.б. окумуштуулар изилдеп, орус педагогикасында теориялык-методологиялык базасы бир топ эле ар тараптуу каралды. Ал эми кыргыз педагогикасында бул проблема анчалык иликтөөгө алынган эмес. «Таалим-тарбия терминдеринин чечмелеме сөздүгүндө» [267] этномаданий таалим-тарбия деген түшүнүккө мындай аныктама берилет: «Эне тили жана маданий салттарга үйрөтүү, ошондой эле дүйнөлүк маданий дөөлөттөргө байыр алдыруу аркылуу инсандын этномаданий иденттүүлүгүн сактоо-өнүктүрүүнү көздөгөн таалим-тарбия».

Демек, этномаданий тарбиянын курамын эне тилине жана маданий салттарга үйрөтүү гана эмес, дүйнөлүк маданий дөөлөттөрдү да урматтоо ишмердүүлүгү түзөт экен.

Башталгыч класстардын окуучуларынын этномаданий компетенттүүлүгүн адабий көркөм чыгармалар аркылуу жогорку даражада калыптандыруу үчүн аларга жогорку окуу жайларында ошол багытта даярдоо ишмердүүлүгүн туура уюштуруу зарыл. «Мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу дегенде эң оболу бул маселедеги эки нерсени – «этномаданий» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн ачык тактап кеткенибиз оң. Бул эки түшүнүктөрдүн орчундуусу жана Кыргызстандагы таалим-тарбия процессинин жалпы багытына, мазмунуна, билим берүү жана окутуу технологияларына түздөн-түз таасир этүүчү социалдык жана маданий феномен катары «этномаданият» түшүнүгүнө токтолмокчубуз. «Этномаданият» феномени өзүнүн түпкү маанисинде коомдук өсүп-өнүгүүнүн ажырагыс руханий көрсөткүчтөрү болуп эсептелген эки түшүнүктүн – «этнос – улут» жана «маданиятты» өз ичине камтып турат. Бул эки түшүнүктүн ортосунда кайсы гана коом болбосун анын тарыхый өсүп-өнүгүүсүн шарттап турган кылымдардан бери келе жаткан биримдик жатат. Себеби бардык коомдук түзүлүштөрдө алардын тарыхый өсүп-өнүгүүсүнүн көрсөткүчү катары ар дайым маданият эсептелген. Латынча «маданият»«culture» деген сөз менен берилип, түпкү маанисинде табигый натуралдуу нерсени кайрадан иштетүү же маданиятташтыруу дегенди билдирет. Маданиятташтырылгандан кийин пайда болгон нерсе мурдагы табигый абалына караганда алда канча жакшырган, өзгөргөн абалга келип, жаңыча кызмат кыла баштаашы күтүлөт. Руханий маданияттын (илим, билим, тарбия, алеп-ахлак эрежелери, адабият ж.б.) жетишкендиктерин түздөн түз өлчөп же баалоо кыйындыкка турганы менен андай руханий дөөлөттөрсүз коомдук өсүп-өнүгүүнү, өзгөчө жаштарга туура тарбия берүүнү элестетүү кыйын» [36].

Демек, этномаданий, этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр:

- таалим-тарбия процессинин жалпы багытына;

- мазмунуна;
- окутуу технологияларына таасир этет;
- ал социалдык феномен;
- ал маданий феномен ж.б.

Жалпысынан булар этномаданий, этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдүн көп кырдуулугун, татаалдыгын шарттоочу көрүнүштөр.

Этномаданий компетенттүүлүк тууралуу А.Алимбеков пикири төмөндөгүдөй: «Түпкүлүгүндө универсалдуу идеалдарды этномаданий бөтөнчөлүктөр менен айкалыштыруу жаштардын «өз ата мекенинде бөтөн адам» болуп калбашын камсыз кылат, жеке адамдын, ошондой эле бүтүндөй этностун өзүнө таандык рухий, маданий автономдуулугунан ажырап, ара жолдо калбашына бөгөт коюп, дүйнөлүк цивилизациянын теңтайлаш субъекти катары өнүгүп, калыптанышына өбөлгө болот.

Педагогика илиминин алп аалымы Г.Н.Волков таамай белгилегендей, «Эс-тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт». Ошондой болсо да, азыркыга чейин мектеп окуучусунун «Этномаданий компетенттүүлүгү» деген түшүнүктүн маани-маңызы, мазмундук түзүмү айкындалып иштелип чыга элек. Биздин оюбузча, «Этномаданий компетенттүүлүк» – бул тарыхый эс-тутуму, инсандык нарк-нускасы жетик, өз улутунун рухий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү дымагы жогору, өзүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим-туйгулары, жүрүм-туруму менен айырмаланган окуучунун инсандык сапаттарынын көрсөткүчтөрү. Окуучулардын этномаданий сапаттары – анын негизги компетенцияларынын ажырагыс звеносу, компоненти.

Окуучулардын этномаданият чөйрөсүндөгү көп кырдуу көрсөткүчтөрүнүн ичинен төмөндөгүлөрдү өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот»

[22], - деп аларга буларды көрсөтөт: когнитивдик (таанымдык) компонент; көз караштык дөөлөттүк компонент; жүрүм-турумдук компонент.

Этномаданий компотент башталгыч класстарда, биздин изилдөө боюнча, 3-4-класстарда окуучулардын бир топ сапаттарын калыптандырат, ал сапаттар элдин кылымдардан бери келе жаткан маданий салттарын үйрөнүү, аларды турмушунда колдонуу менен байланышат. Мисалы, 3-класстын окуу китебинде Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинен үзүндү «Жети ата» деген ат менен киргизилген. Анда каармандар жети ата түшүнүгү тууралуу ойлорун айтат, Бала үчүн түпкү теги Бугу эне, ошол бугу эненин балдарыбыз деп айтып келишет жана тотем катары сыйынышат. Ал эми чыгармадагы башка каарман солдат өз уруусунун башталышы гана эмес жети атасын да билбеген адам болуп чыгат. Мунун кесепети – жалпы адамдардын адебинин кетиши менен таанышат, же мурда тааныш болсо дагы терендетет. Мындай этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестинен алынган текст педагогикалык шарттарды түзүп берет. Повесттин бүт идеясы да өткөн ата-бабаларынын тарыхын билбей, ата-тегине кол салуу башкы каарманды трагедияга кириптер кылып, адам коомун таштап, «балык болуп сүзүп кетүүгө» мажбур кылат. Бул жерде мугалимдин милдети жогорудагы текстте солдат айткандай жети атасын билбей дале эл катары жашай берсе болот, бирок ата-бабанын салтын, маданиятын унутуу акыры трагедияга алып келет. «Жети атасын билбеген – жетесиз» дейт элдик макалда.

А.Алимбеков ар бир компонет, алардын идеялары жана окуучуларга таасир этүүчү компененттүүлүктөр тууралуу мындай пикирин билдирет: «Когнитивдик (таанымдык) компонент окуучулардын этномаданий идеяларга жана идеалдарга негизделген түшүнүктөрүнүн, билимдеринин өнүгүш деңгээлин мүнөздөйт. Ал окуучуда төмөнкүдөй сапаттардын калыптанышын талап этет:

•өз үй-бүлөсүнүн генеологиясын (жети ата), тарыхын, ата-бабаларынын мекенди, улутту өнүктүрүүдөгү өрнөктүү иштерин жеткилең билүү;

•эне тилинин дараметин оозеки жана жазуу кебинде жеткилең колдоно алуу;

•Ата мекенинин, өз элинин тарыхый жактан өнүгүшүнүн бардык этаптарын жакшы билүү;

•этникалык маданиятка, этнографияга, фольклорго тиешелүү түйүндүү түшүнүктөрдүн маанисин, адептик-ыймандык көтөргөн жүгүн билүү;

•күндөлүк турмушта кеңири колдонулуп келе жаткан каада-салттардын, үрп-адат, ырасым-жөрөлгөлөрдүн, түшүнүктөрдүн дурус-буруш жактарын туура аңдап, айырмалай билүү;

•элдин тарыхый-маданий тажрыйбасы, адептик-этикалык салттары жөнүндө жетиштүү билимге ээ болуу;

менен байланышат. Окуу китебинде окуучуларга да жети атасын билүү жана айтып берүү тапшырмалары берилет. Мына ушул тексттин окуу жана талдоо процессинде азыркы балдар кыргыз этномаданиятындагы жети ата түшүнүгү элдик оозеки чыгармаларды бир гана көркөм сөз үлгүсү эмес, өткөндөн калган осуят-насыяттардын казынасы катары түшүнүү жана талдай билүү;

•кичинекей кыргыз калкынын башка журтка акырындап сиңип жок болуп кетпей, эл-журт катары сакталып калышында, анын улуттук аң-сезиминин кыйын мезгилинде өчпөй, жанып турушундагы «Манастын» ордун, маанисин билүү;

•мекенчил болуунун түпкү маани-маңызын түшүнүү менен бирдикте «улуттук «менменсинүү», «толеранттуулук» сыяктуу түшүнүктөрдүн айырмалуу жактарын жеткилең аңдоо.

*Көз караштык дөөлөттүк компонент.* Көз караштык дөөлөттүк компонент окуучулардын этномаданий дөөлөттөргө карата көз караштарын, ишенимдерин, ынанымдарын мүнөздөйт:

•ата мекен жана аны түзгөн тарых, эне тил, маданият, санжыра, элдик өнөр сыяктуу дөөлөттөр менен өзүнүн ортосундагы ажырагыс биримдикти, байланышты тереңдетүүгө, өркүндөтүүгө тынымсыз умтулуу;

•өз элинин рухий-маданий мурастары менен сыймыктануу;

•элдик өрнөктүү каада-салт, үрп-адат, ырасым-жөрөлгөлөрдү урматтоо, барктоо, аларды өзүнүн жашоо-турмушунун эреже-мыйзамына айландырууга умтулуу;

•элдик адептик жана руханий-ыймандык нарк-дөөлөттөрдү сактоого, окуп-үйрөнүүгө, иликтеп-изилдөөгө жана жайылтууга ынтызар болуу;

•элдин рухий асыл нарктары аркылуу өзүн өзү көрүү, өзүн өзү таануу, өзүн өзү баалоо, өзүн өзү тарбиялоого карата чыныгы ыклас;

•өз элинин, мамлекетинин турмушунда болуп жаткан өзгөрүүлөр үчүн тарыхый жоопкерчиликти туюу.

*Жүрүм-турумдук компонент.*

•муундар аралык руханий-ыймандык жана маданий-тарыхый уланмалуулукту бекемдөөгө, ата мекен тарыхын, эне тилди, элдик салттарды сактоого изгилик жана күйүмдүүлүк;

•улуттук ыйык дөөлөттөрдү жана символдорду сыйлоо, коомго жана мамлекетке жан аябай татыктуу кызмат кылууга чын ыкластуу иш-аракет;

•«Манас» эпосун жана анын мазмунуна ширетилген даанышман осуят-насыяттарды, инсандык өрнөктөрдү окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүгө карата жигердүү аракет;

•ата мекенди, эне тилди, ата-баба салттарын коргоо, өнүктүрүү үчүн зарыл болгон билгичтик, көндүм жана тажрыйбалардын калыптангандыгы;

•ата журттун гүлдөп-өнүгүүсү, мекендештеринин бейпил, жыргал турмушу үчүн патриоттук иш-аракеттердин субьекти катары социалдык активдүүлүгү;

•«Этноцентризм» илдеттеринен четте болуу, чыдамкайлык, кечиримдүүлүк, башка улуттун өкүлдөрү менен мунасада жашай билүү, ар кандай кырдаалда өзүнүн эмоционалдык маанайын башкара билүү» [22].

Ошентип илимий булактарга негизденип жыйынтыктаганда этнопедагогикалык компетенттүүлүк төмөнкүдөй сапаттарга жетишүүсү:

•интеграцияланган (ар тараптуулуктардын биримдигинен түзүлгөн) сапаты;

•өз элинин өткөн маданиятын түшүнүү, сыйлоо, башкаларга жеткирүүгө даяр туруу сапаты;

•этнопедагогикалык идеяларды жана азыркы педагогикалык теорияларды айкалыштырууну ишке ашырууга жөндөмдүү болуу сапаты;

•көп этникалык чөйрөдө башка маданияттарга толеранттуу мамиле кылуу сапаты ж.б.

Бул сапаттар окуучулардын таанып-билүү, руханий-тажрыйбалык татаал процессинде анын инсандыгынын когнитивдик, адептик-эрктик, ишмердүүлүк, эмоционалдык жактары аркылуу калыптанат. Ал калыптануунун деңгээли социалдык, маданий, психологиялык, педагогикалык шарттарга байланыштуу болот.

С.К.Рысбаев «Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери» аттуу эмгегинде [218, 197-198] балдарга арналган чыгармаларды окутуу аркылуу алардын компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча бир катар теориялык ойлорун, практикалык сунуштарын айтат. Анын пикири боюнча «компетенттүүлүк» кыргызчага которгондо «тиешелүүлүк», «жөндөмдүүлүк» дегенди туюнтат, бул түшүнүктүн маңызы окуучулардын теорияда алган билимин практикада колдоно билүүсү, практикалык көндүмдөрүн түрдүү турмуштук кырдаалдарда пайдалана билүүнүн жолдоруна жатыгуусу, сабакта алган машыгууларын колдонуп, турмуштук кырдаалдардан

чыга билүүсү. Буга жетишүү үчүн мугалим менен окуучунун адабиятты окуп-үйрөнүүсү талаптарга шайкеш келиши керек.

Ал талаптар кандай талаптар? Биздин изилдөө боюнча кыргыз балдар прозасын *этнопедагогикалык негизде окутуунун негизги талаптары* төмөнкүлөр:

- окуп-үйрөнүү үчүн тандалган (программага сунуш кылынган) чыгарманын окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк жарата алышы;
- окулуучу тексттин мазмунунда жана формасында кыргыз элинин педагогикалык маданияты, улуттук руханий баалуулуктары камтылышы керек;
- адабий чыгарманы окутуп жаткан мугалимдин этнопедагогикалык билими жана элдик педагогикалык маданият тууралуу кеңири маалыматтары болушу зарыл;
- тексттин тилдик курамында, анын ичинде лексикасында, фразиологияларында улуттук тилдин бай казынасынан алынган материалдар болгону кажет ж.б.

С.К.Рысбаев бул процесстин үч жагдайын белгилейт:

- **биринчиден,** компетенттүүлүк түшүнүгү окуучунун адабий окуу сабагынан алган программалык теориялык билиминен жана практикалык машыгууларынан жетишилген деңгээл камсыз болушу зарыл;

- **экинчиден,** программага кирген окуу материалдарынын негизинде билим-билгичтиктерге окуучунун ээ экендигинин далили жана ошол маселелердин алкагындагы теориялык-практикалык окуу милдеттерин чече алуусундагы жөндөмдүүлүк;

- **үчүнчүдөн,** сабакта алган теориялык гана билимдеринин белгилүү бир топтомуна ээ болбостон, анын деңгээлиндеги ээ болгон практикалык машыгууларынын жана тажрыйбаларынын бар экендиги болуп саналат [218, 197].

Жазуучулар эл ичинде кылымдар бою оозеки айтылып келген жомокторду кайра иштеп чыгып, профессионал адабияттын талаптарына ылайыктап жазып чыккан (А.Токомбаев, К.Маликов, Ч.Айтматов, Т.Сыдыкбеков, К.Жантөшов, С.Сасыкбаев ж.б.). Мына ошол чыгармалар мектептерде окуу-үйрөнүлүп келет. Аларды окуп-үйрөнүү менен азыркы окуучулар кандай компетенттүүлүккө ээ болот:

- жомоктордогу жакшылык жана жамандык, ак ниеттик жана кара ниеттик тууралуу идеяларды үйрөнүү менен өзүн жакшы жолго баштап, ак ниет болуп, башкаларды да жакшылыкка, ак ниеттикке үндөө жолуна түшөт;
- жомоктор аркылуу эл турмушун үйрөнөт, эл турмушун үйрөнүү анын турмушта туура жашоого көнүктүрөт;
- ар кандай элдик жомоктордо элдик идеалдагы оң сапаттагы каармандар жана элге жек көрүмдү терс сапаттагы каармандар болот, мына ошол каармандардан сабак алып, өз балдарын тарбиялоодо алардын жүрүш-турушун, оң-терс жактарын айтып берип жүрөт;
- элдик жомокторго элдик тилдин бай казынасы сиңдирилген, мына ошол тилдик байлыктар окуучунун сөздүк-фразеологиялык запасына кошулуп, аларды алар өмүр бою пайдаланып жүрөт ж.б.

Кыргыз адабияты сабактарында окуучулар ээ болуучу предметтик компетенттүүлүктү ар түрдүүчө карашат.

С.К.Рысбаев:

- адабий-теориялык компетенттүүлүктөр;
- маданий компетенттүүлүктөр;
- когнитивдик (т.а., таанып-билүүчүлүк) компетенттүүлүктөр [219, 20].

Б.К.Оторбаев:

- жалпы маданий;
- окуп-таанып билүүчүлүк;
- маалыматтык;

- коммуникативдик;
- социалдык-эмгектик;
- инсандык өзүн өзү өркүндөтүү [184, 162-163].

«Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-9-класстар үчүн «Кыргыз адабияты» боюнча предметтик стандартта» [306, 457] «Компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү. Компетенция – (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү) – окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси)» экендиги айтылып, төмөнкүдөй компетенттүүлүктөр белгиленет:

*Окурмандык компетенттүүлүк* – адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү.

*Баалуулук-дүйнө таанымдык компетенттүүлүк* – адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө тааным категорияларды түшүнүү, ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин аныктоо жана негиздөө, гуманисттик адеп-ахлактык позицияларга бек туруу.

*Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк* – ар түрдүү типтеги дил баяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк.

3-4-класстардын «Адабий окуу» предметинде жазуучулардын прозалык чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн *негизги багыттары* изилдөөдө төмөнкүдөй аныкталды:

1. Көркөм чыгармалардын идеясындагы элдик мотивдерди, элдик ойлорду таап чыгуу. Мисалы, кыргыздар баатыр боло турган балдарды кандай элдик тарбиялык салттары менен жашоого, турмушка үйрөткөн.
2. Адабий каармандардын образындагы (анын мүнөзү, сырткы портрети, башкаларга кылган мамилеси, менталитети ж.б.) улуттук белгилерди табуу жана аларды талдоо.
3. Чыгармалардын тилиндеги (лексикасы, стилистикасы) кыргыз тилинин байлыктарын табуу, авторлор аларды кандай максатта, кайсыл учурда колдонгонун анализдөө.

«Адабий окуу» предметинде кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу менен окуучулар ээ болгон *компетенттүүлүктөрүн баалоонун чен-өлчөмдөрү (критерийлери)* биздин аныктоо боюнча мындайча болду:

- тексттин мазмунунан элдик идеяларды таба алуу;
- тексттен кыргыз элинин маданиятына байланыштуу учурларды туура түшүнүү жана түшүндүрө алуу;
- азыркы учурда кеңири колдонулбай жаткан кыргыз сөздөрүн (архаизм, тарыхый сөздөр ж.б.) талдоо;
- элдин идеалы болгон каармандарды ажыратуу;
- тексттеги элдик мотивдерди түшүнүү;
- тарыхый инсандардын иш-аракеттерин жашаган доору менен байланышта карай алуу ж.б.

## Биринчи глава боюнча корутунду

**«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү проблемасынын изилдениши жана**

**методологиялык негиздери»**деп аталган диссертациянын 1-главасы теориялык аспектиде жазылган. Анын биринчи параграфы *«Кыргыз балдар адабиятынын этнопедагогикалык мазмуну, таалим-тарбиялык функциялары жана алардын азыркы шарттагы маани-маңызы»*деп аталат. Илимий изилдөөнүн логикасына ылайык адегенде адабияттын адам турмушундагы, коомдогу мааниси тууралуу ой жүгүртүлүп, ошол адабияттын бир бөлүгү болгон балдар адабиятына мүнөздөмө берилет. Балдар адабиятынын жалпы адабияттын ичиндеги спецификалык өзгөчөлүктөрү адабият таануу багытындагы эмгектерге таянылып көрсөтүлөт. Балдар үчүн жазылган чыгармалардын башкы өзгөчөлүгү – анын дидактикалык, таалим-тарбия берүүчүлүк функциясы.

Кыргыз эли байыркы замандан тартып эле этнопедагогикалык маани-маңызы күчтүү чыгармаларды жаратып, аларды оозеки формада муундан муунга өткөрүп, бала төрөлгөндө бешик ыры менен оозандырып, акыркы сапарга кошок менен узаткан. Ушул традициялуу дидактизм, этнопедагогикалык идеяларга таянып чыгармаларды жазуу советтик кыргыз балдар адабиятында да андан ары улантылып, тарбиялык функциясы жогору, окуучулардын адептик жана мекенчилдик сапаттарын, акыл-оюн, эстетикалык табитин жогорулатууга салым кошууга татыктуу чыгармалар жаратылган жана алар адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык окуу программаларына киргизилген. Андыктан ошол жазуучулардын балдар үчүн ылайыкташтырылып жазылган чыгармалары «Адабий окуу» предметинин негизги мазмунун түзөт.

XX кылымдан 20-30-жылдарында кыргыз совет жазма адабияты пайда болушу менен эле анын калыптанышы үчүн улуттук фольклор биринчи булак болуп берди, А.Токомбаев «Курманбек» эпосун кара сөз түрүндө жазган (1923), К.Баялиновдун «Балдар аңгемелери» деген китебине (1926) «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» деген эл арасында айтылып жүргөн жомокторду кайра иштеп чыккан эки чыгармасы кирип, алар аркылуу жаш окурмандар улуттук педагогикалык маданияттын салттарын өздөрүнө кабыл

ала баштаган. Ошентип, кыргыз эл педагогикасынын башкы каражаты катары көркөм адабият окутуу жана тарбиялоо процессине тартылган. Эмгекте 1924-жылы Ишеналы Арабай уулунун авторлугунда чыккан«Кыргыз алиппеси» деген алгачкы окуулуктагы этнопедагогикалык мазмун талдоого алынат. Этнопедагогика түшүнүгүнө жана анын адабий чыгармаларда интерпретацияланыш өзгөчөлүгүнө карата айрым ойчулдардын, окумуштуулардын (А.Алимбеков,В.Г.Белинский, Г.Н.Волков, Н.А.Добролюбов,А.Т.Калдыбаева, К.Д.Ушинский ж.б.) пикирлери да ушул бөлүмдө көрсөтүлөт.

*«Кыргыз балдар адабиятын башталгыч класстарда окуп-үйрөнүү проблемасынын изилденишинин тарыхый обзору»*деген экинчи параграфдүйнөлүк маданияттагы, илимдеги, анын ичинде адабияттаануудага«балдар адабияты» деген түшүнүктүн эволюциясын анализдөөгө багытталат. Адабияттын бул тармагынын өнүгүшүндө Шарль Перро (1628-1703), бир туугандар Якоб (1785-1863) жана Вильгельм (1786-1895) Гриммдер, Ганс Христиан Андерсен (1805-1875) ж.б. жазуучулардын ишмердүүлүгү айтылып келип, XIX кылымда В.Г.Белинский (1811-1848), Н.Г.Чернышевский (1828-1889), Н.А.Добролюбов (1836-1861) ж.б. прогрессивдүүорус адабиятчыларынын балдар адабиятын спецификасын иштеп чыгууга кошкон салымы конкреттүү эмгектеринин мисалында көрсөтүлөт.

Кыргыз совет адабиятында К.Баялиновдун «Балдар аңгемелери», «Мурат» (1929), А.Токомбаевдин «Курманбек» (1924), «Жетим» (1929), С.Нааматовдун «Жөжөлөр» (1924), А.Чынгышевдин «Менин балдарым аянтчада» (1929), К.Эшмамбетовдун «Жаратылыш сырлары» (1930) аттуу китептери эң биринчи балдарга арналган прозалык китептер болгон.

Диссертациянын 1-главасында андан ары К.Тыныстановдун окуу китептериндеги балдар үчүн жазылган чыгармаларына кеңири анализ берилип, алардын элдин сабатын, окуу маданиятын, тарбиялык таасирин көтөрүүдөгү ролу белгиленет. Т.Данияровдун «Колхоз балдары» (1932), С.Сасыкбаевдин «Кичинекей жумушчу» (1932), К.Маликовдун «Сарала козу» (1935), «Бактылуу

кыз» (1935) деген китептеринде советтик балдардын образы ачылат, 1933-жылдын 1-февралдан чыга баштаган «Кыргызстан пионери» газетасы балдар адабиятын өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошкон. К.Эсенкожоевдин «Саякатчы бала» (1937), «Үчүнчү шар» (1938), «Родинанын уулу» жана «Шарше»(1939) деген китептеринин чыгышы – кыргыз балдар адабиятынын тарыхындагы өзгөчө окуя катары кабылданган.

Балдар адабиятына көрүлгөн мамлекеттик камкордук тууралуу Кыргыз ССРинин жазуучулар союзу, комсомолдун борбордук комитети, агартуу министрлиги биргелешип 1936-жылы 30-мартта балдар адабияты боюнча атайын кеңешме өткөргөндүгү, анда А.Токомбаевдин«Билим фантазиясын түзүү үчүн», Ж.Бөкөнбаевдин«Балдар үчүн кандай адабият керек, алар үчүн чыккан китептер кандай болууга тийиш?» деген темадагы баяндамалары, 1940-жылы 10-январындагы балдар жазуучуларынын экинчи кеңешмеси жана андагы докладдар тууралуу маалыматтар берилет. 1947-жылы февраль айында Кыргызстан Жазуучулар союзунда балдар адабияты тууралуу маселе талкуулангандыгы, 1948-жылдын 13-февралдагы «Кызыл Кыргызстан» газетасына Т.Абдумомуновдун «Балдар адабияты эмне үчүн артта калды?» деген проблемалуу макаласы басылгандыгы, 1950-жылы апрель айында Кыргызстан ЛКСМ БК «Республикада балдар көркөм адабиятынын абалы жана аны жакшыртуунун чаралары жөнүндө» токтомунун чыгышы ж.б. иш-чаралар тууралуу эмгекте балдар адабиятын өнүктүрүү, ага атайын көңүл буруу багытындагы мамлекеттик камкордуктар тууралуу эволюциялык планда изилдөөлөр жүргүзүлөт.

Иште XX кылымдын 30-жылдарынан тартып окуу программалары талдоого алынат, конкреттүү окуу программаларына жана хрестоматияларына балдар жазуучуларынын кандай чыгармалары киргизилгендиги айтылат. Балдар жазуучуларынын чыгармачылыгын тарыхый, портреттик аспектиден талдаган, атайын ушул багыттагы адабият тарыхы жана теориясы боюнча биринчи китеп М.Түлөгабыловдун авторлугунда 1963-жылы «Кыргыз балдар адабияты»деген ат менен жарыяланган. Кыргыз балдар жазуучуларынын

чыгармаларын окутуу боюнча, окуу жана жазуу ишмердүүлүгү багытанда Б.Рысбекованын, К.Сартбаевдин изилдөөлөрү өзгөчө мааниге ээ болгон. Адабий окуу китептериндеги балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуунун методикасын иштеп чыгуу С.Кондучалованын «Балдардын өз бетинче окуусу» аттуу макаласында, А.Жолдошованын кандидаттык диссертациясында, мугалим А.Курбанбаеванын иш тажрыйбасында чагылдырылды. Башталгыч класстардын мугалими жана илимий кызматкер З.Маразыкова өткөн кылымдын 70-90-жылдарында «1-класста сабат ачуу жолдору»,«Экинчи класстагы класстан тышкаркы окуу», «Үчүнчү класстагы класстан тышкаркы окуу» деген эмгектерин жарыялаган. Балдар адабиятынын табияты, балдар жазуучуларын чыгармаларын окутуу С.Рысбаевдин эмгектеринде терең чагылдырылган. Анын изилдөөлөрү балдар жазуучуларынын чыгармаларын башталгыч класстарда үйрөнүүнүн системалуу изилдегендигинде, ал система төмөнкүлөрдөн турат: а) окуу китептерине өзү да аңгемелерди, жомокторду, уламыштарды жазып киргизген; в) «Алиппе», «Адеп алиппеси» сыяктуу окуу китептерин жазган; г) окуу китептерин пайдалануунун методикалык колдонмолорун иштеп чыккан; д) кошумча окуу үчүн зарыл болгон көркөм чыгармалардын жыйнактарын түзгөн; ж) балдар адабиятынын педагогикалык идеяларын изилдеген; з) балдар жазуучуларынын чыгармаларын үйрөтүү технологияларын сунуштаган.

Башталгыч класстарда балдар үчүн жазылган чыгармалардын окутуу технологиялары С.С.Сакиеванын ондогон макалаларында, «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери»деген темадапедагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасы боюнча диссертациясында кенен изилденген. Диссертацияда бул изилдөөлөрдүн негизги мазмуну, кыргыз педагогикасы илиминдеги орду ачып берилет.

*«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методологиялык негиздери»*аттуу парагафта философтордун (В.Ф.Асмус, М.М.Бахтин, Н.А.Бердяев, А.А.Салиев

ж.б.) адамдын ой жүгүртүүсү, көркөм адабият жана коом, адабияттын эстетикалык тарбияты тууралуу эмгектерин жетекчиликке алгандыгыбыз көрсөтүлөт. Педагогиканын классиктери Я.А.Коменскийдин (1952-1670) «Улуу дидактика» (1633-38), «Тилдерге ачык эшик» (1631), «Энелер мектеби» (1632), К.Д.Ушинскийдин (1824-1871) «Детский мир» (1861), «Родное слово» (1864), Л.Н.Толстойдун (1828-1910) «Азбука» (1872), «Новая азбука», «Книги для чтения» (1875), «О народном образовании» (1874) аттуу эмгектеринде жаш балдарды сөз дүйнөсүнө тартуунун, жазуучу менен окурман байланышынын теориялык жолдору иштелип чыкса, А.С.Макаренко, Н.К.Крупская, В.А.Сухомлинский, Г.Н.Волков, Ш.А.Амонашвили балдарды адис жазуучулар тарабынан жазылган чыгармалардын таасиринде тарбиялоонун методологиясы көрсөтүлгөн. Ошондой эле бул бөлүмдө XX кылымда советтик, орус жана кыргыз дидактарынын, педагогикалык психологиялык теорияларын терең изилдеп чыккан Л.С.Выготскийдин, психиканын өнүгүш мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берген А.Н.Леонтьевдин, жалпы психологиянын окуусун илимге кеңири тараткан С.Л.Рубинштейндин, балдар психологиясын, анын ичинде кенже мектеп жашындагы окуучулардын психикалык өзгөчөлүктөрүн, көркөм адабиятты кабылдоо маданиятын изилдеген Д.Б.Элькониндин ж.б. психологдордун эмгектерин пайдаландыгыбыз чагылдырылат. Дагы бир методологиялык негиз балдар адабиятынын спецификасын, айрым жазуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн ачып берген адабият таануу багытындагы орус окумуштууларынын (С.М.Лойтер, И.Г.Минаралова, Е.О.Путилова, И.Н.Арзамасцев менен С.А.Николаев, А.И.Шигав ж.б.), кыргыз адабиятчыларынын (К.Абакиров, М.Түлөгабылов, М.Сулайманов, А.Саттарова, Г.Орозова, Ү.Култаева, А.Муратов менен К.Исаков ж.б.)балдар адабиятынын теориясын, тарыхын, портреттерин изилдеген эмгектери. Орус адабиятын окутуунун методикасы илиминде башталгыч класста лириканы окутуу боюнча 1968-жылы Е.Л.Глинская, ошол эле лириканы окутуу менен окуучулардын көркөм кабылдоосун өстүрүү боюнча 1998-жылы Э.В.Гуткина, 2005-жылы О.В.Кияйкина кандидаттык

диссертациясын коргогон. 1975-жылы О.В.Джежелей окуу сабагында балдардын окурмандык өз алдынчалыгын калыптандыруу, 1983-жылы Н.М.Дружинина таанып билүү багытындагы китептер менен мугалимдердин иштөөсү тууралуу, 1985-жылы Л.Д.Мали окуу сабактарында жүргүзүлгөн чыгармачылык жумуштарды өткөрүү боюнча, 1988-жылы Л.А.Павлова окуу сабактарында көркөм окуу аркылуу адептик жана эстетикалык тарбиялоо багытында, 1988-жылы Л.С.Сильченкова башталгыч класстарда көлөмдүү чыгармаларды окутуунун методикасы боюнча, 1995-жылы Е.А.Швайкина адабий окуу сабактарында XIX кылымдагы орус поэзиясынын мурастарын окутуу тууралуу кандидаттык диссертацияларын жазган. Андан ары кыргыз адабиятын окутуунун методикасы боюнча окумуштуулардын изилдөөлөрүнө токтолдук. Биздин багыт этнопедагогика болгондуктан көптөгөн этнопедагогикалык изилдөөлөрдү методологиялык таяныч катары пайдаландык. М.Манликова бир катар эмгектеринде кыргыз мектептеринде орус адабиятын этномаданий аспектиден окутуунун теориялык маселелерин иштеп чыккан.

*«Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын таалим-тарбия берүүчү функциялары жана ал аркылуу окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетентүүлүктөр»*деген параграфта адегенде балдар чыгармаларынын азыркы замандагы жаштарды тарбиялоодогу кызматы көрсөтүлөт, андан кийин «компетенциялар», «компетенттүүлүк» деген түшүнүктөрдүн маани-маңызы ачылып берилет. Орус дидакттары белгилеген «маданий компетенттүүлүк» («культурная компетентность»), «этнопедагогикалык маданият» («этнопедагогическая культура»), «этнопедагогикалык компетенттүүлүк» («этнопедагогическая компетентность») деген түшүнүктөрдүн маанилери илимий теориялык багытта чечмеленет. В.А.Николаев «этнопедагогикалык маданият» («этнопедагогическая культура»), Г.Н.Волков «элдин педагогикалык маданияты» («педагогическая культура народа») (1999), М.Г.Харитонов «этнопедагогикалык компетенттүүлүк»деген аныктамаларды берет, эмгекте ошол түшүнүктөрдүн

мааниси талдоого алынат. 3-класста Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинен үзүндү «Жети ата» деген ат менен берилет, бул главада ошол чыгарманы этнопедагогикалык аспектиден окутуунун үлгү-мисалы сунуш кылынат.

Ушул бөлүмдө окумуштуулардын кыргыз адабиятын окутуу процессинде окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча бир катар теориялык ойлорун мисалга тартып, башталгыч класстарда кыргыз балдар прозасын этнопедагогикалык негизде окутуунун негизги талаптарын, окуучулар кандай компетенттүүлүккө ээ болушун, ал компетенттүүлүктөрүн баалоонун чен-өлчөмдөрүн (критерийлерин) белгилеп бердик.

# II ГЛАВА

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БАЛДАР ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ҮЙРӨТҮҮ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун материалдары

*Изилдөөнүн объекти* окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарындагы (III-IV класстар) «Адабий окуу» предметиндеги балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү болгондуктан илимий-теориялык адабияттарды үйрөнүү, анализ жана синтез, алдыңкы тажрыйбаларды жыйноо жана илимий багытта жыйынтыктоо, педагогикалык эксперимент методдору менен илимий изилдөө ишке ашырылды.

*Изилдөөнүн предмети* – жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч класстарындагы (III-IV класстар) «Адабий окуу» предметиндеги балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү процесси болгондуктан ал чыгармалар илимий изилдөөбүздүн *негизги материалдары* да болуп эсептелет.

### *2.1.1. III класстардын «Адабий окуу» китептеринде балдар жазуучуларынын чыгармаларынын берилишинин анализи*

Башталгыч класстардын мектептин билим берүүдөгү орду өзгөчө: 1-класста окуучулар тамга таанып, муундап окуганды жана жазганды үйрөнөт; 2-класста ылдам жана шар окууга, окуган өтө чакан тексттердин маанисин айтып берүүгө үйрөнөт. Ал эми 3-4-класстарда тексттин маанисин түшүнүп, түшүнүгүн айтып берип, ошол текстиге таянып башка тексттерди түзө алуу

ишмердүүлүгүнө ээ болот. Андыктан бул класстарда окууга жана окуганын түшүнүүгө артыкчылык берилет.

Азыр 3-класста эки окуу китеби колдонулат.

*Биринчиси авторлору:* А.Токтоматов жана Б.Субанова, аталышы «Адабий окуу» [307] 1-басылышы 1997-жылы, 2-басылышы 2003-жылы, 3-басылышы 2009-жылы жарык көргөн.

*Экинчиси авторлору:* Б.А.Абдухамидова, С.К.Казыбаев, К.Ибраимова, аталышы «Адабий окуу» [308]. Бул китеп 2014-жылы чыккан.

3-класстарда «Адабий окуу» предметин окуп-үйрөнүүгө коюлган эң биринчи талап – окуучунун кептик маданиятын өнүктүрүү, өз алдынчалыгын өстүрүү. Бул негизги максатка жетүү үчүн балдар жазуучуларынын чыгармалары негизги каражат болуп эсептелет.

Бул класста балдар жазуучунун жазгандарын (көркөм тексттин) окуп гана калбайт, ошол тексттин тегерегинде сөз өстүрүү жумуштарын жүргүзөт, адамды жана турмушту таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптайт, адабият, көркөм чыгарма, адабий каарман сыяктуу түшүнүктөргө ээ болот. Текстти мурдагы класстардагы туура, ылдам, шар окуудан эми тереӊ түшүнүп окууга, чыгармага эстетикалык өңүттөн баа берип окууга көтөрүлөт. Бул процессте чыныгы окурманды жаратуу үчүн төмөнкү компоненттер (факторлор) тыгыз биримдикте аракетке өтөт.



Окурман

**Сүрөт 2.1. Окурманды калыптандырууга таасир эткен факторлор.**

Демек, жазуучунун идеясы чыныгы окурманга жетүү үчүн көркөм чыгарма болуп, ал окуу китебине кирип, анан мугалимдин сабактагы талдоосу аркылуу окуучуга жетет да, ошол окуучу окурман болуп калыптанат. Бул компоненттердин бирөөсү сапатсыз же туура эмес болуп калса биз күткөн окурманды ала албайбыз.

Андыктан 3-класстын окуу программасына жана окуу китептерине чыгармаларды тандоодо бир катар критерийлер талап кылынат. Алар:

- окуу программасына сунуш кылынган адабий чыгарманын жогорку идеялуулугу жана элдүүлүгү;
- автордун чыгармасын окуу китебине киргизүүдө окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык туура адаптацияланышы;
- тексттин тилинин балдарга жеткиликтүүлүгү, айрым түшүнүксүз сөздөргө комментарий же сөздүк берүү;
- окуу программасына сунуш кылынган чыгарманын авторунун улуттук балдар адабиятында белгилүү бир орду болушу;
- көркөм тексттин кыргыз адабий тилинен нормасында жазылышы;
- окуу китептериндеги жалпы адабий чыгармаларда кыргыз элинин ар түрдүү тарыхый мезгилиндеги турмушун чагылдырышы;
- жалпы автордук курамдын көп түрдүүлүгү, көз карашы, стили ар кыл авторлордун чыгармаларынын сунушталышы;
- чыгармалардын балдардын эстетикалык табитин көтөрүүгө кызмат кылышы;
- балдар жазуучуларынын чыгармаларынын окуучулардын талашып-тартышууга, баарлашууга ылайыктуулугу ж.б.

«Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын «Кыргыз адабияты» боюнча предметтик стандартында» [306] жана анын негизиндеги

окуу программасында 3-4-класстарда «Адабий окуу» окуу китеби менен иштөө процессинде текстти талдоодо мугалим менен окуучу ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- текстти диалогдор менен окууга;
- тексти ролдоштуруп окууга;
- тексттин негизинде жөнөкөй план түзүүгө;
- тексттин негизинде татаал план түзүүгө;
- тексттин ичиндеги подтексти түшүнүүгө;
- тексттен тышкары дагы текст түзө алууга;
- тексттин айрым учурларын эстен чыгарбай турган болуп жаттап алууга;
- тексттин автору тууралуу маалымат алып, текст менен автордун өмүр баянын жөнөкөй формада байланыштыра алууга;
- тексттеги көркөм сөз каражаттарын аңдай билүүгө ж.б.

А.Токтоматов жана Б.Субанова автор болгон 3-класстардын «Адабий окуу» китебинде [307] балдар жазуучунун чыгармаларынын берилиш тартиби төмөнкүдөй.

**Таблица 2.1. – 3-класстын «Адабий окуу» китебинде (авторлор А.Токтоматов жана Б.Субанова) балдар жазуучуларынын чыгармаларынын берилиши**

| **автору** | **чыгарманын аты** | **жанры** |
|---|---|---|
| Д.Сулайманов | «Эки дос» | аңгеме |
| Д.Сулайманов | «Ат менен эшек» | аңгеме-тамсил |
| З.Бектонов | «Ителгинин көз жашы» | жомок |
| С.Койкелов | «Дөөтү менен ителги» | жомоктун негизиндеги аңгеме |
| А.Токтомаметов | «Күз» | аңгеме |
| А.Мисиров | «Ай эмнеге тез чоңоёт? | аңгеме |
| Д.Сулайманов | «Апендинин журуктары» | юмористтик аңгеме |

| | | |
|---|---|---|
| Т.Сыдыкбеков | «Мээримдүү канаттуулар» | аңгеме |
| Д.Сулайманов | «Балапан» | аңгеме |
| А.Токомабаев | «Кичинекей койчу» | романдан үзүндү |
| Ж.Осмонкулов | «Байкашка» | аңгеме |
| К.Маликов | «Манас баатыр» | эпосту кара сөздө баяндоо аңгемеси |
| К.Тыныстанов | «Көмөч» | аңгеме |
| И.Абдувалиев | «Кылычын кайра алган көл» | уламыш |
| С.Рысбаев | «Гүл» | аңгеме |
| С.Кармышаков | «Ууру Үкү» | жомок |
| М.Мамазаирова | «Көз жаш» | жомок |
| А.Маделиев | «Көк асман» | аңгеме |
| Т.Самудинов | «Бешигин терметкенсип...» | аңгеме |
| М.Абакиров | «Күкүк-Зейнеп» | уламыш |
| С.Койкелов | «Нан жөнүндө уламыш» | уламыш |
| С.Рысбаев | «Ай, көк музоо, ай!» | аңгеме |
| К.Бобулов | «Согуштун тагы» | аңгеме |

Бул таблицадагы балдар жазуучуларынын прозалык чыгармаларын талдоо менен биз эмнелерди көрөбүз: биринчиден, жанрдык ар түрдүүлүк (аңгеме, жомок, уламыш, тамсил сакталган, көп чыгармалар кыска аңгеме формасында берилген; экинчиден, тематикалык ар тараптуулук эске алынган, ошентсе да көп чыгармалары мекендин жаратылышын көрсөтүүгө арналган; үчүнчүдөн, бир топ чыгармалардын автору көрсөтүлбөй «Кырчын» журналынан, «Байчечекей» журналынан деп берилип, окуу китептин жазуунун (түзүүнүн) принциби бузулган, төртүнчүдөн, орус жана Балтика боюндагы өлкөлөрдүн тилдеринен которулган чыгармалар да көп берилип калган, бешинчиден, автор тууралуу маалыматтар бир жерде берилсе, кайра бир жерде берилбей, ырааттуулук сакталбай калган; календарлык даталарды ээрчүү

принциби кээде жакшы чыгармаларды киргизүүгө терс таасирин тийгизгени көрүнүп турат.

Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуу китебинде сунуштоонун алгылыктуу жактары бул китепте төмөнкүлөр менен байланышат: тексттер сапаттуу жана балдардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык адаптацияланган; чыгармалар тематикаларга бөлүп берилген; сунуш кылынган текстти коштоо үчүн балдардын чыгармалары (мисалы, З.Бектеновдун «Ителгинин көз жашы» аңгемесинен кийин Илияздын аңгемеси) берилет; бир эле темадагы эки чыгарманын катар берилиши (мисалы, Токтогул Сатылганов тууралуу А.Токомбаевдин «Кичинекей койчу» деген аңгемесине улай акындын өмүр баяны жана ырлары сунушталат) ж.б.

Б.А.Абдухамидова, С.К.Казыбаев, К.Ибраимова автор болгон «Адабий окуу» [308]  китебинде балдар жазуучунун чыгармаларынын берилиш тартиби төмөнкүдөй.

**Таблица 2.2. – 3-класстын «Адабий окуу» китебинде (авторлор Б.А.Абдухамидова, С.К.Казыбаев, К.Ибраимовабалдар жазуучуларынын чыгармаларынын берилиши**

| автору | чыгарманын аты | жанры |
|---|---|---|
| Б.Асаналиев | «Ала-Тоо – Ата журтубуз» | аңгеме |
| Т.Касымбеков | «Туулган жер» | аңгемеден үзүндү |
| Б.Абдухамидова | «Эне жана бейиштин мөмөсү» | уламыш |
| Т.Абыкеев | «Кумурска менен жалкоо» | жомоктун негизиндеги аңгеме |
| Д.Сулайманов | «Балапан» | аңгеме |
| Т.Сыдыкбеков | «Мээримдүү канаттуулар» | аңгеме |
| А.Муратов | «Бул эмне?» | аңгеме |
| Г.Айтиев | «Жарык жол» | тарыхый аңгеме |
| Т.Үмөталиев | «Наристе чакта көргөнүм» | биографиялык |

| | | |
|---|---|---|
| | | аңгеме |
| Т.Байзаков | «Биз силердей кезибизде» | биографиялык аңгеме |
| Т.Байзаков | «Атам кызык киши эле» | биографиялык аңгеме |
| С.Байгазиев | «Манастын төрөлүшү» | эпосту кара сөздө баяндоо аңгемеси |
| С.Байгазиев | «Манастын бала кези» | эпосту кара сөздө баяндоо аңгемеси |
| С.Байгазиев | «Жолойдун жеңилиши» | эпосту кара сөздө баяндоо аңгемеси |
| К.Сейдакматов | «Ырыскы» | жомок |
| А.Мисиров | «Аяз ата» | аңгеме |
| Ч.Айтматов | «Жети ата» («Ак кеме» повестинен үзүндү) | повесттен үзүндү |
| А.Кыдыров | «Чоң ата менен небере» | аңгеме |
| Ч.Айтматов | «Кичинекей тилмеч» («Балалыгым» баянынан үзүндү) | аңгеме |
| К.Акматов | «Мансапкор күчүк» | аңгеме |
| С.Рысбаев | «Бир түйүнчөк акча» | аңгеме |
| С.Кармышаков | «Ууру Үкү» | жомок |
| Д.Арстанова | «Күн менен булуттун кармашы» | аңгеме |
| С.Рысбаев | «Үзүлбөй калган гүлдөр» | аңгеме |
| С.Рысбаев | «Ай, көк музоо, ай!» | аңгеме |
| М.Абакиров | «Күкүк-Зейнеп» | уламыш |
| С.Койкелов | «Жалганчы аюу» | уламыш |
| А.Муратов | «Тоос эмне үчүн куйругун түрлөнтүп, ачып, жаба берет?» | жомок |

| | | |
|---|---|---|
| С.Рысбаев | «Дыйкан менен мышык» | жомок |
| С.Койкелов | «Төө менен кумурска» | жомок |
| Ш.Садыбакасов | «Карышкыр» | аңгеме |
| М.Мамазаирова | «Көз жаш» | жомок |
| И.Абдувалиев | «Кылычын кайра алган көл» | уламыш |

Бул китепте адабий көркөм тексттер «Мекеним – алтын турагым», «Жаратылышты коргоо – Мекенди коргоо», «Өткөн турмуш элеси», «Бабалардан калган сөз», «Сыйкырдуу кыш», «Жаз мезгили – керемет», «Эне тилим – ырысым», «Алтын балалык», «Улуу Жеңиш күнү» дегендей тематикаларга бөлүнүп берилет.

Тематикалык принцип адабий чыгарма менен турмушту байланыштырууга оңтойлуу болуп, окуучулардын дүйнөнү, тарыхый окуяларды көркөм-эстетикалык кабылдоосуна педагогикалык шарттарды түзүп берген. Авторлордун дагы эки оптималдуу табылгасы – биринчиси, 3-чейректин башында «Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга» деген бөлүм киргизип, ал жерде 11 чыгарма сунушталганы; экинчиси – жыл соңунда «Окуу ылдамдыгын текшерүү үчүн тексттер» деген бөлүмдө сегиз чыгарманын кошулушу.

Авторлор окуу китебине кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын көбүрөөк кошууга аракет кылган, айрым чоңдор үчүн жазылган көлөмдүү чыгармалардын да (Ч.Айтматов, С.Байгазиев) балдар үчүн адаптациялап беришет.

Окуулук азыркы сабакка коюлуучу талаптарга ылайык төмөнкүдөй технологияларды аткарууга ылайыкталган:

- окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө;
- адабий тексттин маани-мазмунун, идеясын кыргыз тили, адеп сабактары менен интеграциялоого;
- чыгармалардын жанрына, тематикасына жараша окутуу технологияларын тандоого;
- текстти талдоо процессин, жалпы сабакты этнопедагогизациялоого;

- «акыл чабуулу» стратегиясын ишке ашырууга;
- тексттеги окуяларды, каармандарды ассоциациялоого;
- окуучулардын өз алдынча жана топтор менен иштөөсүнө мүмкүнчүлүк түзгөндүгүндө ж.б.

**2.1.2. IV класстардын «Адабий окуу» китептеринде балдар жазуучуларынын чыгармаларынын берилиши**

КР билим берүү жана илим министрлиги 4-класстар үчүн адабий окуу предмети үчүн жарыш окуу китептерин колдонууга уруксат берген. Биринчи «Адабий окуу» деген китептин автору А.Токтомаметов [274]. Экинчи китептин авторлору С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова[221]. Аталышы «Адабий окуу».

А.Токтомаметовдун китебиндеги прозалык чыгармаларды жайгаштыруунун төмөнкүдөй тартибин белгилеп, топтоштуруп көрсөтүүгө болот.

1. Кыргыз эл жомокторун балдар үчүн атайын жомок кылып жазып чыгуу, б.а., жазуучулар тарабынан кайра иштелип чыккан адабий жомоктор: Ж.Мукамбаев «Касиеттүү үрөн», Ж.Таштемиров «Алтын кумура».
2. Чоңдор үчүн жазылган көлөмдүү чыгармалардын чакан үзүндүлөрүн сунуштоо: Ч.Айтматов «Саманчынын жолу» повестинен үзүндү, А.Токомбаевдин «Мезгил учат» повестинен «Рават дарбаза» деген бөлүмү, К.Жусуповдун «Ата Журт» аттуу публицистикасынан үзүндү.
3. Элдик эпосторду балдарга ылайыктап баяндап жазып чыккан тексттер: К.Маликов «Манастын уулу Семетей», «Семетейдин уулу Сейтек».
4. Балдар үчүн жазылган көлөмдүү чыгармалардын чакан үзүндүлөрү: Ш.Бейшеналиевдин «Мүйүзүнөн айрылган сүзөнөөк» деген чыгармасынын «Сүзөнөөк Дондой» деген бөлүмү.
5. Таанып-билүүчү мааниге басым жасалган тексттер: А.Токтомаметов «Жыл ирээти».
6. Балдар үчүн атайын алардын курак өзгөчөлүгүнө ылайыкталып жазылган аңгемелер: Т.Сыдыкбеков «Уюкка тийбе!», «Энелик сезим», «Аман

калат эле», Ш.Садыбакасов «Короз», Б.Асаналиев «Шире», С.Рысбаев «Бир түйүнчөк акча», «Шабдалы», О.Айтымбетов «Желмогуз», М.Болотов «Жөргөмүштүн желеси».

7. Юмористтик аңгемелер: К.Бейшебаев «Керең кой», «Шектүү», А.Мисиров «Кыялбектин жоругу».

8. Тарыхый инсандар тууралуу баяндардан майда аңгемелер: Ш.Кулуев «Кожомкул балбан», «Мокотой айтат», «Сазга баткан төө», «Кожомкулдун ташы».

9. Фантастикалык чыгармалар: Ж.Таштемиров «А1» самолётунун учуруудагы менин жаңылыштыгым», «Самолётум кайда?», К.Эсенкожоев «Үчүнчү шар», К.Бейшебаев «Цереброскоп-2».

Китепте мурдагы 3-класстын китебиндегидей эле котормо тексттер көп кирип кеткен, алардын стилинде бир кыйла кенемтелер орун алган, алардын ордуна улуттук балдар адабиятынын чыгармалары кирсе жакшы болмок. Автордун мурдагы окуу китептердин авторлорунда жок ийгилиги – илимий-фантастикалык чыгармаларды киргизгендигинде.

«Адабий окуу» деген ат менен чыккан 4-класстар үчүн С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова автор болгон окуу китебинде [221] чыгармалар «Даңктана бер, эгемендүү, өнөргө бай мекеним!», «Ата Журтубузду тилибиз менен дилибиздин байлыгын коргойлу», «Күлкү бар жерде – өмүр бар», «Калптар», «Менин дүйнөм», «Ойлонолу, изденели, билип алалы», «Элибиздин улуу инсандары», «Бабалардан калган сөз», «Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга», «Ой, фантастика!», «Дүйнө элдеринин балдар үчүн чыгармаларынан» дегендей жалпы тематикаларга топтоштурулуп берилген.

**Таблица 2.3. – 4-класстын «Адабий окуу» китебинде (авторлору С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова) жазуучулардын чыгармаларынын берилиши.**

| Китептин бөлүмү (тематикасы) | Чыгарманын автору | Чыгарманын аты |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| Даңктана бер, эгемендүү, өнөргө бай Ата Мекеним! | К.Жусупов | «Ата Журтуна жеткен комуз» |
| | Ш.Эсенгулов | «Камбар-хан» |
| | К.Жусупов | «Тулпар кадырын сынчы билет» |
| Ата Журтубузду, тилибиз менен дилибиздин байлыгын коргойлу | К.Сабыров | «Токойдун кереметтери» |
| | С.Рысбаев | «Барсбек кагандын эрдиги» |
| | К.Баратбаев | «Эр Табылды баатырдын эстеликтери» |
| | К.Жусупов | «Чолпонбайдын эрдиги» |
| | С.Казыбаев | «Адамдын пейили» |
| | К.Жантөшов | «Ысык-Көл жөнүндө сөз» |
| Күлкү бар жерде – өмүр бар | О.Айтымбетов | «Желмогуз» |
| | Ж.Мукамбаев | «Биринчи калп», «Экинчи калп» |
| | С.Казыбаев | «Аты узун бала» |
| Менин дүйнөм | Ш.Бейшеналиев | «Ашар – көңүл ачар» |
| | К.Сабыров | «Бир көчөнүн балдары» |
| | Б.Абдухамидова | «Тыт» |
| | К.Акматов | «Күкүк» |
| | С.Казыбаев | «Торгой акын» |
| | Б.Абдухамидова | «Сиз кетирген жаңылыштыкты мен кайталабайын» |
| | Ж.Жапиев | «Кашка» |
| | А.Матисаков | «Биздин майрам эсиңиздеби?» |
| Ойлонолу, изденели, били алалы | А.Ашыров | «Робот деген эмне?» |
| Элибиздин улуу инсандары | Ч.Айтматов | «Улуу манасчы – Саякбай Каралаев» |
| | Т.Касымбеков | «Курманжан датка энебиздин насааты» |
| | Э.Өскөналиев | «Калк кадырлаган куудул |

| | | |
|---|---|---|
| | | Куйручук атабыз» |
| | Ш.Кулуев | «Айдалысы жерге тийбеген Кожомкул балбан» |
| Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга | А.Токомбаев | «Алгачкы кадам» («Мезгил учат» повестинен үзүндү) |
| | К.Баялинов | «Мурат» (үзүндү) |
| | Д.Сулайманов | «Карыя калыс айттыбы?» «Булбул менен жылан» |
| | С.Рысбаев | «Бакыт издеген бала» |
| Ой, фантастика! | К.Эсенкожоев | «Үчүнчү шар» |
| | Ж.Таштемиров | «А1» самолётунун учуруудагы менин жаңылыштыгым», «Самолётум кайда?» |
| | К.Бейшебаев | «Цереброскоп-2». |
| Дүйнө элдеринин балдар үчүн чыгармаларынан | З.Пасаңова | «Жылдыз карап жол тапкан мышык» |

Бул китептин артыкчылыгы – биринчиси, окуучу менен көркөм текстти байланыштыруучу методикалык аппараттын жакшы иштелгендиги, окуучу суроолорго жооп издөө процессинде тексттин мазмунун гана эмес, эстетикалык баалуугун да, этнопедагогикалык функциясын да өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алат; экинчиси, кыргыз элинин улуттук салт-санаасын, маданиятын, тарыхын, таанымал инсандарын үйрөнүүгө ылайыкталган тексттер көп киргизилген.

4-класс башталгыч класстарды жыйынтыктоочу, негизги мектепте өтүүгө даярдоочу класс болгондуктан авторлор балдардын ой жүгүртүүсүн, эмоционалдык-экспрессивдик сезимдерин жогорулатууга ресурстары бай тексттерди сунуш кылат. Бул класстагы балдардын кызыгуулары, дүйнө таанымы ар тараптуу боло баштагандыктан элдик эпосторун сюжетин интерпетациялап прозалык вариантта баяндап берген тексттерден тартып

илимий-фантастикага чейинки чыгармаларды киргизген. Балдар бул куракта жалган менен чындыктын, жомок менен аңгеменин айырмасын ажырата баштайт, аларды даңазалуу адамдардын өмүр жолу, айрым тарыхый окуялар кызыктыра баштайт, балдар үчүн жазылган чыгармаларды гана эмес чоңдор үчүн жазылган китептердин үзүндүлөрүн да окуй берет. Мына ушундай балдардын курактык, психологиялык, окурмандык өзгөчөлүктөрү окуу китептеринин авторлору тарабынан эске алынган. Мындай автордук жана чыгармалардын жанрдык-тематикалык көп түрдүүлүгү мугалимдин окутуу ишмердүүлүгүн да бай жана ар тараптуу кылууну талап этет.

Жалпысынан, башталгыч класстардын ичинде 3-4-класстардын окуу китептеринде балдар жазуучуларынын чыгармаларынын сунушталышы азыркы мектептин окутуу ишмердүүлүгү койгон талаптарга ылайык келет.

## 2.2. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча методдор

Изилдөөнүн методу туура табылып, эффективдүү пайдаланылганда гана илимий иштин натыйжасы биз күткөндөй болот. Методсуз чындыкка жетүү мүмкүн эмес, педагогикалык изилдөөлөрдүн теориялык методдору практикага жакын болот, анткени ал методдор окуу, окутуу процесси, мектеп, сабак жана мугалимдин ишмердүүлүгү менен байланышат. Метод – методологиянын натыйжасы. Методология болсо буга чейин илим тарабынан аныкталган теориялык ойлор жана алардын практикада текшерилген оң жыйынтыгы.

Илимий изилдөөбүздө педагогиканын тарыхында сыналган салттуу теориялык методдорду колдондук. Алардын бири – **аңгемелешүү методу.** Бул метод универсиалдуулугу, эч кандай кошумча техникалык жана материалдык каражаттарды талап кылбагандыгы, суроо берген адам менен жооп берген

адамдын психологиялык жактан кысылбай, тартынбай баарлашуусу менен пайдалуу.

Аңгемелешүүдө биз алдыга төмөнкүдөй максаттарды койдук:

1. Мугалимдер балдар жазуучулары дегенди кандай түшүнөт?
2. Мугалимдер этнопедагогика дегенди кандай түшүнөт?
3. Ата-энелер үй шартында балдар жазуучуларынын китептерин өздөрү окуйбу?
4. Үй-бүлөдө балдар үчүн китепканалар уюштурулганбы?
5. Мектептин жана айылдын китепканачылары менен окуучулар кандай чыгармаларды көбүрөөк окуп жатканы тууралуу аңгемелешүү ж.б.

Аңгемелешүүдөн аныкталган нерсе – а) окуучулар балдар жазуучуларынын китептерин таап, окуудан кыйналат; б) мектептин жана айылдык китепканалары азыркы балдардын кызыгууларын канааттандыруучу китептерге муктаж; г) ата-энелердин дээрлик жарымы балдары кандай китеп окуп жатканына анчалык кызыкпайт; д) балдары башталгыч класстарда окуп жаткандардын ата-энелеринин 70%ы өздөрү балдар жазуучуларынын китептери менен тааныш эмес, алар балдарынын китеп окуу чегин окуу китептери менен бүтүрөт.

**Мектеп документтерин талдоо.** Бул изилдөөчү жеке өзү аткара турган метод болгондуктан бир тажрыйба жүргүзгөн жана байкоо салган класстардын мектептеги документтерин үйрөндүк. Алар класстык журнал, методикалык секцияларда талкууланган темалардын токтомдору, мугалимдердин жылдык, чейректик календарлык пландары, мугалимдердин күнүмдүк план-конспектилери, сабактардын аудио жана видео жазуулары, сабактарга башка мугалимдердин берген анализдери ж.б.

Бул метод менен биз төмөнкүдөй натыйжаларга жетиштик:

- класстык журналдар аркылуу тажрыйба жана байкоо класстарынын окуучуларынын бир нече жыл ичиндеги өздөштүрүүсүнүн жалпы динамикасын аныктадык;

- башка темаларды өздөштүрүү менен балдар жазуучуларынын чыгармаларын өздөштүрүүнүн сапаттык деңгээлин, айырмачылыктарын, жалпылыктарын анализге алуунун мүмкүнчүлүктөрүн таптык;
- методикалык секцияларда, мугалимдердин Август кеңешмелеринде балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу боюнча мугалимдердин иш-тажрыйбалары кандай деңгээлде талкууланып жатканын аныктадык ж.б.

Дагы бир теориялык жөнөкөй метод – **байкоо методу.** Ал метод бүтүндөй изилдөө ишибиздин бардык этаптарында ишке ашты. Анда биз төмөнкүдөй проблемаларды байкоого алдык: балдар жазуучуларынын чыгармаларын мугалимдер өздөрү кандай окутуп жаткандыгы; алардын тажрыйбаларынын улам жыл сайын өсүп жаткандыгы; окуучулардын прозалык жана поэзиялык чыгармаларды кабылдоосунун, өздөштүрүүсүнүн деңгээли; мугалимдердин балдар жазуучуларынын чыгармаларын түшүнүү жана түшүндүрүү чыгармачылыгы ж.б.

Байкоо методун биз тажрыйба жана байкоо класстарында гана жүргүзбөстөн көптөгөн мектептерде, балдар коллективдеринде жана жалпы эле турмушта жүргүздүк.

**Тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу методу**. Илимий иштен теориялык жоболорун бышыктоо, тактоо үчүн методисттердин жана мектеп мугалимдеринин тажрыйбаларын топтоо, талдоо жана аларды илимий багытта иштеп чыгуу милдети коюлду. Бул багытта кыргыз жазуучуларынын балдар үчүн чыгармаларын окутуу боюнча Ош областынан Ноокат районунун Ленин атындагы № 2 орто мектептин мугалими Бурул Шагданованын, Кочкор районунун «Эпкин» орто мектебинин башталгыч классынын окутуучусу, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Асыранбек Мааткеримовдун тажрыйбалары үйрөнүлдү жана эмгекте пайдаланылды. Башталгыч класста адабий чыгармаларды окуп-үйрөнүүнүн теориялык жана практикалык проблемалары С.Рысбаевдин «Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги» аттуу китебинде кеңири берилген жана окумуштуу өз тажрыйбасын сунуш кылган. С.С.Сакиеванын «Адабий чыгармаларды

окутуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгү» [232], «Адабий окуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн булактары» [233], «Адабий окуудагы традиция жана инновация» [234], «Адабий окуунун өнүгүү тенденциялары» [235], «Башталгыч класста адабиятты окутуунун актуалдуу маселелери» [236] деген макалаларында, «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери»деген темадагы диссертациясында[228] жана анын негизиндеги монографиясында [241] педагогикалык тажрыйбаларын чагылдырган. А.Токтомаметовдун «Адабий окуу» аталышындагы 2-класстар үчүн [269], 3-класстар үчүн [270], 4-класстар үчүн [271] колдонмолорунда өзүнүн жана мектеп мугалимдеринин тажрыйбаларын жыйынтыктаган. Биз изилдөөдө жогорудагы мугалимдердин жана методисттердин иш тажрыйбаларын үйрөндүк.

Аларды үйрөнүүнүн максаты – биздин изилдөө менен байланышын аныктоо, милдеттери – сунуштарыбыздын башка тажрыйбалар менен ылайык келиши же келбеши; методикалык базаларыбыздын окшоштугу жана айырмачылыгы.

**Илимий булактарды үйрөнүү методу.** Бул метод илимий изилдөөдө архивдик маалыматтар менен иштөөдө, нормативдик материалдар менен таанышууда жана аларды иште пайдаланууда өзгөчө мааниге ээ. Диссертацияда пайдаланылган илимий булактар: окуу программалары, окуу китептери, окуу хрестоматиялары. Алар тарыхый-обзордук багытта үйрөнүлдү жана балдар жазуучуларынын чыгармалары кайсыл мезгилде кандайча окутулуп келгендиги аныкталды. XX кылымдын 20-30-жылдарында көркөм чыгармалар көбүнчө төмөнкү багытта жана максатта берилген: биринчи, орус совет адабиятынан котормолор; экинчи, кыргыз жазуучуларынын колхозго кирүүгө, таптык күрөшкө, социализмди курууга үндөгөн чыгармалары, алардын эстетикалык-көркөмдүк маңызына эмес, идеясына, саясый кызматына өзгөчө маани берилген. Улуу Ата мекендик согуш учурундагы адабий окуунун мазмунун согуштун баатырлары (Ч.Түлөбердиев, Д.Шопоков ж.б.) тууралуу аңгеме, очерктер түзгөн.

**Башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылыгын үйрөнүү методу.** Изилдөөгө алган тема боюнча Жалал-Абад шаарындагы жана Жалал-Абад областындагы тажрыйба үчүн тандоого алынган мектептерден жана байкоо класстарынан окуучулардын төмөнкүдөй багыттагы чыгармачылыгы алынды жана алар ар тараптуу үйрөнүлдү:

1. *Жомок жазуу чыгармачылыгы.* Окуучулардын биз изилдеген куракта (9-10 жаш) эң эле кызыккан жанры – жомоктор. Алар жомокторду оозеки угууга да, китептен окууга да кызыгышат. Алардын кызыктырган – жомоктордогу элдик фантазия, сюжетинин динамикасы, тилинин жандуулугу жана көркөмдүүлүгү. Мына ошол кызыгуу учурун пайдаланып мугалим өздөрү чыгарып жомок айтууга жана жомок жазууга көнүктүрүп алуу керек. Этнопедагог окумуштуулар Г.Н.Волков, Б.Апышов, А.Алимбеков, С.Байгазиев, М.Рахимова, С.Рысбаев, А.Муратов бала турмушундагы жомоктун улуттук тарбиялык функциясы тууралуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Биз 8 мектепте төрт жыл катары менен жомок жазуу тапшырмаларын бердик. Жалпы бул ишмердүүлүккө 406 окуучу катышты. Алардын жазуучулардай кылып чакан жомокторду жазышканын талдоого алдык. Талдоо көрсөткөндөй жарактуу деп тандап алган 216 жомоктун анализи мындай болду: жомоктордун тематикалары: укмуштуу, кереметтүү окуялар жөнүндө (46 пайыз), жаныбарлар тууралуу тамсил-жомоктор (18 пайыз), турмуштук, б.а., кадимки адамдардын жашоо-тиричилиги тууралуу жомоктор (36 пайыз), окуучулардын 52 пайызы профессионал жазуучулар элдик жомокторду кайра иштеп чыккандай элдик жомокторду кайра иштеп чыккан, б.а., алар даяр сюжеттин негизинде жомок жазган, 14 пайызы окуу китебинен таанышкан жомоктордун мазмунун кайталап койгон, 24 пайыз окуучу жомокчулар телевизордон көргөн мультфильмдердин же жомок фильмдеринин мазмунун өз сөздөрү менен жазып берген. 10 пайыз окуучулар өздөрү таптакыр жаңы, мурда кездешпеген жомокторду ойлоп тапкан. Мугалимдин милдети дал ушул 10 пайыз окуучулардын санын арттыруу багытында жүрөт. Ал көрсөткүчкө жетүү үчүн аткарылуучу ишмердүүлүктөр: адабий чыгармаларды дагы көп окуу; өзүнүн

чыгармачылыгын дагы өнүктүрүү үчүн жомок жазуунун технологиясын өздөштүрүү; топто жана класста окуучулардын бири-биринен жазган жомокторун талкуулап, талдап турушу жана бул ишмердүүлүккө мугалимдин, ата-энелердин жардам берүүсү.

2. *Эссе жазуу ишмердүүлүгү*. Эссе бул – окуучунун чыгарма боюнча, же жөн эле турмуштук көрүнүштөр, коомдук турмуш тууралуу ой жүгүртүүлөрүн жазуу формасында берүү эмгеги жана маданияты. Анда автордун аналитикалык ишмердүүлүгү жана аны жазуу түрүндө берүү аракеттери бааланат. «Эссе» француз тилиндеги сөз болуп, кыргызча которгондо «аракет», «киришүү», «тажрыйба» деген сөздөргө жакын келет. Эссе де окуучу айта турган оюн жазуу жана ой жүгүртүүсүн толук көрсөтө алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ал баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү түрүндө болушу ыктымал, же алар аралашып келе берет. Бул багытта IV класста К.Баялиновдун «Мурат» деген аңгемесинин негизинде 216 окуучу эссе жазды. Мындагы негизги кемчилдик – окуучулардын 60 пайызга жакыны чыгарманын мазмунун кайра кайталап жазып коюу менен чектелди. Биздин методикалык сунуштарыбыздын негизинде улам чыгарманын мазмунун кайталоочулук азайып, чыгарма жана анын каарманы тууралуу өз оюн айтуу багытындагы эсселер көбөйө баштаган.

1. *Дил баян жазуу ишмердүүлүгү*. Дил баян – бул окуучунун билимин, компетенттүүлүгүн ар тараптуу текшерүүгө багытталган жазуу ишмердүүлүгү. Ал адабий чыгармалардын негизинде жана эркин темалар боюнча жаздырылып жүрөт. Кыргыз билим берүү тарыхында дил баян (мурда сочинение деп аталчу) алуунун узак жылдарга созулган эволюциясы бар. Диссертациялык эмгекти жазуу процессинде 5 жылдын ичинде 216 окуучунун 611 дил баянын текшерип, анализдеп чыктык. Философиялык ойлорго бай, балдарга ылайыкталбаган чыгарма болуп саналган Т.Касымбековдун «Курманжан датка энебиздин насааты» деген чыгармасы IV класста окутулат. Бул чыгарма тарыхый доордун татаал, карама-каршылыктуу учун чагылдырган «Келкел» романынан алынган тексттин бир бөлүгү. Ушул чыгарманын негизинде окуучуларга текстте эмне

идея айтылып жатканын дил баян формасында баяндап жазуу тапшырмасы берилген. Бул ишмердүүлүк аталган класстын окуучуларынын көпчүлүгү үчүн татаалдык жараткан. Анын себеби – биринчиден, балдардын Курманжан датка тууралуу толук билбегендиги, экинчиден, берилген текстте окуялардын ырааттуу баяны, б.а., сюжеттүүлүктүн жоктугу. Ошондуктан мындай тексттер менен болгон иштерди кандайча аткаруу боюнча методикалык ыкмалар иштелип чыкты. Алар: текстти бөлүктөргө бөлүп түшүндүрүү; түшүнүксүз сөздөрдүн түшүндүрмөлөрүн берүү; текстин негизинде тартылган сүрөт, фильмден фрагмент көрсөтүү ж.б.

Мына ушундай татаалдык К.Жусуповдун «Ата Журт» аттуу публицистикасынан үзүндү боюнча дил баян жазуу тапшырмасын аткаруу кезинде да кайталанды.

*Аңгеме жазуу методу.* Аңгеме – бул көркөм чыгармачылык. Анда автор кандайдыр бир окуяны алат да, аны мазмунга айландырат, б.а., сюжетке негиз болгон окуяларды, каармандарды адегенде жай баяндап барып, бара-бара сюжетти өнүктүрүп отурат да, анын кульминациясына алып келип, анан чечилишин чыгарат. Мында окуучулар негиз кыла турган таяныч – кыргыз жазуучуларынын балдар үчүн жазылган прозалык чыгармалары болду.

Эксперименталдык мектептердин 4-класстарынан окуучуларына жайкы каникул учурунда көргөн бир окуясын көркөмдөп, чыгармачылык фантазиясын кошуп, каармандарды катыштырып, элдик тарбиялык салттарды аралаштырып аңгеме жазуу тапшырмасы берилди. Ошол ангемелердин айрымдарын сунуш кылабыз.

Биринчи окуучунун аңгемеси «Чоң атамдын комуз чабышы» деп аталат: Биз чоң атам экөөбүз өрүкзарга бардык. Чоң атам улам бир өрүктүн жанынан келет да, аны жоон таягы менен ургулуп-ургулап коёт. Мен болсо:

- Чоң ата, эмне кылып атасыз? - деп таң кала сурадым.

Чоң атам болсо мага күлүп туруп:

- Комуз болчу өрүктү тандап атамын, - деп койду.

  Акыры бир өрүктү тандады.

- Ушул жарайт! – деди да, аны айланта аркан менен чырмап койду.
- Муну эмне байлап койдуңуз? – Мен чыдабай сурадым.

- Аа, эртең балдарды жиберемин. Ушул белгиленген өрүктү кескиле деймин.
- Анан ошол комуз болуп калабыз?
- Анан аны үч карыштан кылып кесип араба менен үйгө тарттырып келип, көлөкөгө коюп коёбуз, үч жылдан кийин алардан комуз чабабыз.

Биздин үйдөгө мал сарайдын ичинде мындай кесилген өрүктөр көп. Чоң атам ошолордон бирди алып чыкты да, тешесин, керкисин, кескичтерин алып чыгып ар түрдүү жагынан сомдоп кирди. Мен жанында турдум эле, чоң атам:

- Бар, балдар менен ойноп кел! – деди.
- Барбаймын. Балдар менен ойногум келбей жатат. – Ушинттим да чоң атамдын ар бир кыймылын карап тура бердим.

Ошентип, мен комуз кантип чабыларын үйрөндүм.

Экинчи окуучунун аңгемеси «Биздин айылдын карыялары» деп аталат. Ал аңгемеде автор айылдагы сексен жаштан өткөн төрт карыянын эски окуяларды сүйлөшүп отурганын баяндайт. Автор өзү жакшы түшүнө албаган сөздөрдүн маанилерин түшүндүрмө кылып жазып койгон. Мисалы, «оён», «болуш», «ырстарчын», «жер там», «шалыпая» деген сыяктуу сөздөр.

Үчүнчү окуучу кыздын аңгемеси энесинин эски чүпүрөктөрдөн куурчак жасап бергендиги тууралуу экен.

Окуучулардын аңгемелерин жыйынтыктап айтканда алар балдарга арналган прозалык чыгармалардын жазылуу ыгын (кантип баштап, окуяны кантип улантып, кантип жыйынтыктоо керектигин ж.б.) үйрөнүшкөн; жазуучулардын аңгемелериндеги даяр сюжеттерин ээрчишкен; жазуучулардын көркөм адабий тил байлыктарын колдонгон.

Жазуучулардын чыгармаларын пайдалануу менен, же алардын жазгандарын чыгармачылык менен өздөштүрүү менен ошолорго окшоштуруп чыгарма жазуу мектептерде кеңири колдонулушу керек болсо да, анчалык колдонулбай келет. Мунун себептери: мугалимдин окуучуга ишениминин жоктогу; окуучулардын адабий чыгармаларга таасирленбегендиги; башталгыч класстан мугалимдерди үчүн ушундай багыттагы методикалык эмгектердин, мугалимдердин тажрыйбаларынын жеткиликтүү иштеле электиги ж.б.

## 2.3. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча педагогикалык эксперимент методу

Тажрыйбалык-эксперименталдык иштин максаты – башталгыч класстарды балдарын жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окууда биз иштеп чыккан методикалык ыкмаларды, сунуштарды эффективдүүлүгүн аныктоо. Анда алдын ала коюлган божомолдун (гипотеза) ырастыгы, тууралыгы канчалык деңгээлде экендиги текшерилди. Эксперименталдык иштерди жүргүзүү боюнча Н.А.Асипова, А.А.Алимбеков, В.В.Краевский, В.С.Леднев, А.М.Новиков, В.В.Никандров, Э.Мамбетакунов ж.б. педагогдор анын натыйжалуулугун аныктоонун теориялык-методологиялык жоболорун иштеп чыккан. Биз алардын ошол илимий табылгаларын жетекчиликке алдык.

Эксперименттик база катары Сузак районунун №89 П.Жуманазаров, №75 К.Эрматов, №83 З.Жамашев, №51 С.Жээнбеков атындагы орто мектептер, Жалал-Абад шаарындагы №16, №4, №21, №5 орто мектептери тандалды, аларды тандоодо башталгыч класстардын параллелдүү класстарда окутулушу, мугалимдердин кесиптик даярдыгы, ошол мектептердин компьютер жана интернет менен камсыздалышы эске алынды.

Изилдөөгө аталган мектептерден 425 окуучу катышты, ошолордун ичинен контролдук (байкоо) жана эксперименталдык (тажрыйба) топтор аныкталды.

Педагогикалык эксперимент Жалал-Абад областынын мектептеринде 2014-2019-жылдарда үч этапта баскычта (этапта) жүргүзүлдү. Анын мазмуну, максаты төмөнкү таблицада берилди.

**Таблица 2.3.1. – Эксперименттин жүрүш баскычтары, максат-милдеттери, методдору жана алынган жыйынтыктары**

| **1-этап: Байкоо, изилдөө этабы (пилоттук, констатациялоочу мезгил) – 2014-2015-жылдар** | | | |
|---|---|---|---|
| **Максаты** | **Милдети** | **Методу** | **Натыйжасы** |
| Башталгыч | Эксперимент үчүн | Аңгемелешүү. | Балдар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| класстардын адабий окуу предметинде балдар жазуучуларынын чыгармалары, алардын этнопедагогикалык негизде окутулуш абалын үйрөнүү. Теманын дүйнөлүк, советтик жана кыргыз педагогикасында изилдениш тарыхын талдоо. Диссертациянын божомолун табуу. Изилдөөгө методологиялык жактан негиз болуучу адабияттарды окуп үйрөнүү. | мектептерди издөө жана табуу. Эксперимент жүргүзүү үчүн экспериментатор мугалимдерди аныктоо. Экспериментке алып чыгылуучу материалдарды табуу. Экспериментке алып чыгылуучу материалдардын натыйжалуулугун божомолдоо. Эксперимент жүргүзүүнүн максатын, милдеттерин, багытын, күтүлүүчү жыйынтыктарын болжолдуу түрдө аныктоо. | Байкоо. Адабияттарды анализдөө. Мектептин документациялары менен таанышуу. Мектептерди талдоого алуу. Класстын деңгээлин талдоо. Мугалимдердин кесиптик даярдыгын, компетенцияларын текшерүү. Окуучулардын жазуу иштерин алуу. Окуучулардын жазуу иштерин баалоо. Окуучулардын оозеки жоопторун талдоо. | жазуучуларын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде башталгыч класстарда үйрөтүүнүн жалпы абалы белгилүү болду. Балдар жазуучуларын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде башталгыч класстарда окутуунун тарыхы изилденди. Проблелеманын изилдениш тарыхы аныкталды. Методисттердин эмгектери, мугалимдердин бул тема боюнча тажрыйбалары үйрөнүлдү. Адабий окуу предметинин мамлекеттик стандарты, окуу программасы, окуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | китептери талдоого алынды, алар тарыхый аспектиден үйрөнүлдү. Окуучулардын адабий көркөм прозалык чыгармаларды окуу боюнча кызыгуулары аныкталды. |
| **2-этап: Калыптандыруучу (жаратуучу)этабы – 2016-2017-жылдар** | | | |
| **Максаты** | **Милдети** | **Методу** | **Натыйжасы** |
| Изилдөөнүн максатын, милдетин, объектисин, предметин аныктап алуу. Балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуунун жалпы өзгөчөлүкитөрүн табуу. Диссертациянын жалпы түзүмүн (структурасын) болжолдуу түрдө | Башталгыч класстын мугалимдеринин балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу боюнча теориялык даярдыктарын, методикалык жактан даярдыктарынын деңгээлин талдап, аныктап чыгуу. Балдар | Илимий эмгектерди үйрөнүү. Тажрыбалардын жайынтыктоо. Сурамжылоо. Сабактарды анализдөө. Аңгемелешүү. Окутуу методикасынын эффективдүү моделдерин иштеп чыгуу. Тест тапшырмаларын | Башталгыч класстын мугалимдеринин балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу боюнча теориялык даярдыктарын, практикалык тажрыйбаларын талдоо. Прозалык чыгармаларды окутуу багытындагы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| иштеп чыгуу. | жазуучуларын чыгармаларын окутуунун оптималдуу методикасын издөө жана аныктоо. Өзүбүз иштеп чыккан методикалык ыкмаларды, сунуштарды, сабактардын моделдерин эксперимент жүргүзүүчү мугалимдер менен талкуулоо жана сабактарга сунуш кылуу. | алуу. Жазуу иштерин (эссе, дил баян, аңгеме ж.б.) талдоо. Мугалимдер менен баарлашуу. Мектептин нормативдик документтерин талдоо ж.б. | методикалык сунуштарды иштеп чыгуу. Иштелип чыккан методикалык каражаттарды, ыкмаларды жана жолдорду мугалимдерге сунуштоо. окутуу боюнча жаңы технологиялар иштелип чыгып, мектеп практикасына сунушталды. Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын педагогикалык эксперименттен өткөрүү. Диссертациянын божомолун өркүндөтүп толуктоо |

| 3-этап: Аналитикалык-жалпылоочу (контролдук, текшерүүчү) этабы – 2018-2019-жылдар | | | |
|---|---|---|---|
| **Максаты** | **Милдети** | **Методу** | **Натыйжасы** |
| Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча эксперименттин жыйынтыктарын талдоо, жалпы мониторинг жүргүзүү. Алдын ала коюлган божомолдун тууралыгын текшерүү. Эмгекти главаларга бөлүп жазып чыгуу, ар бир глава боюнча жыйынтыктарды, жалпы жыйынтыктарды жана сунуштарды иштеп чыгып, жазып бүтүү. | Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоодон өткөрүү: конференция, методикалык секцияларга катышуу. Тема боюнча илимий макаларды даярдоо жана жарыялоо. Кыргыз балдар жазуучуларын чыгармалары боюнча мугалимдердин сабактарын анализдөө. Сунуш кылынган методикалык ыкмаларды дагы бир жолу текшерип, изилдөөнүн жалпы моделин түзүү. | Тестирлөө. Сабактарды талдоо. Дил баяндарды, эсселерди ж.б. жазуу иштерин анализге алып, жыйынтык чыгаруу. Аңгемелешүү. Мектеп документтерин үйрөнүү. Мугалимдердин жана методисттердин тажрыйбаларын жыйынтыктоо. Сурамжылоо. Педагогикалык эксперимент ж.б. | Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча педагогикалык эксперимент жыйынтыкталды, алынган натыйжалар жалпыланды, жалпы материалдар дагы бир жолу такталды, божомолдун ырастыгы текшерилди. Практикага изилдөөнүн жыйынтыктары сунуш кылынды. Изилдөө диссертация жана анын автореферат формасында келтирип жазылды жана талкууланды. |

Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстардын балдар жазуучуларын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча компоненттерди иштеп чыктык.

Ал компонеттер төмөнкү таблицада көрсөтүлдү.

**Таблица 2.3.2. – Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу компоненттери**

| | |
|---|---|
| **Максат** | Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүү |
| **Милдет** | Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун тарыхын, азыркы абалын аныктоо<br>Мектепте балдар балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-методикалык системасын иштеп чыгуу<br>Балдар жазуучуларынын чыгармаларынын окуучулардын компетенттүүлүктөрүнө таасирин аныктоо<br>Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун иштелип чыккан методикасын сынактан өткөрүү |
| **Каражат** | Кыргыз балдар жазуучуларынын прозалык чыгармалары |
| **Формалар** | Сабактар, класстан жана мектептен тышкаркы иш чаралар |
| **Методдор** | Баарлашуу, диалог, аңгемелешүү, дискуссия, китеп окуу, оюн технологиялары, топто иштөө, жекече иштөө, текст талдоо, текст жаттоо, сүрөт менен текстти салыштыруу ж.б. |
| **Натыйжа** | Башталгыч класс окуучуларынын адабий ишмердүүлүгүнүн жогорулашы<br>Окуучулардын эстетикалык табитинин өсүшү<br>Окуучулардын китеп окууга кызыгууларынын калыптанышы<br>Башталгыч класс окуучуларынын адептик, эрктик |

| | |
|---|---|
| | сапаттарынын, эстетикалык, эмоционалдык сезимдеринин жогорулашы |
| **Жыйынтыгын текшерүүнүн чен-өлчөмү** | Көркөм текстти билүүсү<br>Көркөм текстти талдай алуусу<br>Чыгарманын темасын, идеясын түшүнүүсү<br>Чыгармада кезиккен жаңы сөздөрдү өздөштүрүүсү<br>Жазуучунун идеясынын негизинде адептик, эстетикалык тарбия алуусу, таанып-билүүсүнүн жогорулашы |

Жогорудагыдай компетенттүүлүктөрдү аныктап алуу балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун моделин түзүүгө шарт жаратты. Ал модель төмөндө сүрөт формасында чагылдырылды.

**Максаты:** Башталгыч класстарда (3-4) балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн оптималдуу ыкмаларын, жолдорунун, каражаттарын аныктоо жана аларды педагогикалык тажрыйбада сынап көрүп, мугалимдерге сунуш кылуу

**Милдети:** Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун учур талап кылган методдорун табуу




**Сүрөт 2.3.1. – 3-4-класстарды балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу технологияларын өркүндөтүүнүн модели**

Бул моделди ишке ашыруунун жүрүшүн биз педагогикалык эксперимент методу аркылуу текшердик. Эксперименттик изилдөөгө ылайык контролдук жана эксперименталдык топтор аныкталды. Окуучулардын билим деңгээлин жана компетенттүүлүктөрүн аныктоо үчүн биринчи топто – контролдук топто 3-4-класстар үчүн «Адабий окуу» сабагынын окуу программасына ылайык түзүлгөн окуу китептери колдонулду, мугалимдер бул класстарды салттуу методиканы, атап айтканда, текстти окутуу; чыгарманынын мазмунун суроо; чыгарманын мазмунун мугалимдин жана окуучунун айтып бериши; окуу

китептеринин авторлору сунуш кылган суроолор жана тапшырмалар менен иштөө ж.б. көп колдонушту.

Экинчи топто – эксперименталдык топто, ошол эле окуу программасы, ошол эле окуу китептери пайдаланылды. Бирок төмөнкү ыкмаларды, методдорду мугалимдердин колдонушуна психологиялык-педагогикалык шарттар даярдалды: тексттен этнопедагогикалык идеяларды бөлүп көрсөтүү; этнопедагогикалык сөздүк түзүү; сөздүктөр менен иштөө; сабакка аксакалдарды, улуу кишилерди, ата-энелерди чакыруу; сабакты кошумча этнопедагогикалык маалыматтар менен камсыздоо ж.б.

Байкоо, изилдөө (пилоттук, констатациялоочу) деп аталган этапта, б.а., 2014-2015-жылдар ичинде, башталгыч класстарда жалпы эле «Адабий окуу» предметин окутуунун абалы, балдар жазуучуларынын көркөм чыгармаларынын окуу программасында, окуу китептеринде берилиши, ошол чыгармаларды окутуу боюнча илимий-методикалык колдонмолордун иштелип чыгылышы, башталгыч класс мугалимдеринин этнопедагогикалык түшүнүктөрү, этномаданий компетенттүүлүктөрү жана аларды чыгармаларды үйрөнүү процессинде колдонуу мүмкүнчүлүктөрү текшерилди. Бул максатты ишке ашыруу үчүн 8 мектептен 65 мугалимге сурамжылоо менен кайрылдык. Анын жыйынтыгы төмөнкү 2.3.3. таблицада көрсөтүлдү.

**Таблица 2.3.3. – Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мугалимдеринин компетенттүүлүктөрүнүн деңгээли**

| № | деңгээлдер | жооптор (%менен) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жогорку | орто | төмөн |
| 1. | Элдик педагогика дегенди түшүнүү деңгээли | 86 | 14 | – |
| 2. | Көркөм адабий чыгармалардан элдик педагогикалык ойлорду бөлүп алуу деңгээли | 42 | 32 | 26 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. | Балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу процессинде этнопедагогикалык идеяларды колдонуу деңгээли | 36 | 28 | 36 |
| 4. | Балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуудан кийин окуучулардын этнопедагогикалык идеяларды колдонуу деңгээли | 29 | 43 | 28 |

Мына ушул 65 мугалимдин анализи төмөнкүлөрдү көрсөттү:




**Сүрөт 2.1. Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мугалимдеринин компетенттүүлүктөрүнүн деңгээлинин диаграммасы**

Элдик педагогика дегенди түшүнүү деңгээли 86 мугалимде жогору, 14 мугалимде орто, бул түшүнүктү билбегендер жок. Бул көрсөткүч жакшы деп эсептелди, анткени мугалимдердин элдик педагогика деген эмне экендигин билүүсү бизди негизинен канааттандырды.

Экинчиси – көркөм адабий чыгармалардан элдик педагогикалык ойлорду бөлүп алуу деңгээли. Бул деңгээл боюнча проблема чыкты: мугалимдердин 26

пайызы тексттин ичинен элдик педагогикалык ойлорду бөлүп ала албаса, 32 пайыз бул ишти орто деңгээлде гана аткара алышат.

Балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу процессинде этнопедагогикалык идеяларды колдонуу деңгээли боюнча жогорку көрсөткүч 36 пайыз болуп, орто көрсөткүч 28 пайызды түздү, дагы 38 пайыз мугалимдер бул чыгармачылык иш-аракетти аткара албай тургандыгын көрсөттү.

Албетте, жогорудагы үч проблема боюнча деңгээлдерден төртүнчү проблема аныкталды. Анда биз балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуудан кийин окуучулардын этнопедагогикалык идеяларды колдонуу деңгээлин билдик. Мында жогорку деңгээлде 29 пайызды гана түзүп, 28 пайыз төмөнкү деңгээлде калды.

Биз бул көрсөткүчтөрдү кантип аныктадык:

1. «Элдик педагогика» деген эмне?», «Этнопедагогика» деген эмне?», «Улуттук тарбиялык маданият» деген эмне?», «Элдик билимдер жана тажрыйбалар» дегенди кандай түшүнөсүңөр» деген төрт суроо жазылган анкета таратып, алардын жоопторун анализдедедик.

2. Мугалимдердин балдар жазуучуларынын чыгармалары боюнча сабактарына катышып, аларда элдик педагогикалык идеяларды түшүндүрүүлөрүн талдоого алып, мугалимдерге балл бердик.

3. Мугалимдер менен оозеки аңгемелештик (тема боюнча).

4. Окуучулардын оозеки жоопторун, жазма иштерин талдадык.

5. Мугалимдердин сабактар боюнча бири-бирине берген анализдерин эске алдык.

6. Мугалимдердин даярдаган план-конспектилерин, рефераттарын, докладдарын талдоого алып, жыйынтык чыгардык.

Талдоонун жыйынтыгынан улам кыргыз балдар жазуучуларынын прозалык чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун өз деңгээлинде эмес экендигин себептерин таптык. Алар төмөнкү таблицада чагылдырылды.

**Таблица 2.3.4. –Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мугалимдеринин компетенттүүлүктөрүнүн деңгээлинин жогору болбой жатышынын себептери**

| № | себептер | жооптор (%менен) |
|---|---|---|
| 1 | Этнопедагогика боюнча окуу жайларында кеңири үйрөтүлбөндүк | 24 |
| 2 | Этнопедагогика боюнча окуу-методикалык колдонмолордун аздыгы | 21 |
| 3 | Балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу процессинде этнопедагогикалык идеяларды колдонуу боюнча методикалык адабияттардын жоктугу | 16 |
| 4 | Көркөм адабий чыгармалардан элдик педагогикалык ойлорду бөлүп алуудагы кыйынчылыктар | 13 |
| 5 | Балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу процессинде этнопедагогикалык идеяларды колдонуу боюнча мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөнүүнүн жетишсиздиги | 12 |
| 6 | Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун маанисин толук аңдап түшүнбөгөндөр | 9 |
| 7 | Дагы башка себептерди атагандар | 5 |

Бул сурамжылоого да 64 мугалим катышуу менен алардын 50 пайыздан ашыгы кемчилдиктердин негизги себибин этнопедагогика боюнча окуу жайларында кеңири үйрөтүлбөндүк (24%), этнопедагогика боюнча окуу-методикалык колдонмолордун аздыгы (21%), балдар жазуучуларынын

чыгармаларын окутуу процессинде этнопедагогикалык идеяларды колдонуу боюнча методикалык адабияттардын жоктугу (16) деген себептерди көрсөткөн. Мындан улам биздин сунуштарга педагогикалык адистик берүүчү жогорку окуу жайларында бакалавр даражасына да «Этнопедагогика» дисциплинасын киргизүү, этнопедагогика боюнча илимий жана методикалык адабияттарды чыгаруу зарыл деп эсептедик.




**Сүрөт 2. 2. Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мугалимдеринин компетенттүүлүктөрүнүн деңгээлинин диаграммасы**

Мугалимдер менен болгон аңгемелешүүлөр, сабактарын талдоо алардын бир топ бөлүгүнүн тексттен этнопедагогикалык идеяларды көрө албастыгы, этнопедагогикалык негизде жазуучулардын чыгармаларын талдоого компененттүүлүктөрүнүн жетишсиздиги сыяктуу проблемалар бар экендигин көрсөттү.

Мектеп педагогдору жана психологдору 3-4-класстардын окуучулары акыл-эс жагынан болсун, дене-бой жагынан болсун активдүү өсүү курагында болгондугун айтышат, андай болсо, дал ушул куракта ата-бабалардын кылымдар бою жаштарды, балдарды тарбиялап келген нактары, улуттук үрп-адаттары, салттары, элдик оозеки чыгармачылыгы менен тарбиялап, балдар «кичүүгө ызат, улууга урмат» кылууну үйрөнүшүп, элдик педагогиканын таасири менен тарбияланышы керек. Муну үчүн биздин эксперименталдык класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылыгына эркиндик берилип, диалог түзүүгө, дискуссияга өзгөчө талап коюлду. Бул болсо балдардын адамды, дүйнөнү

таанып билүү ишмердүүлүгүн жогорулатат, мына ушул таанып билүүдө өзгөчө роль улуттук баалуулуктарды, анын ичинде педагогикалык баалуулуктарды таанып билүү менен да байланышат.

Балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча педагогикалык эксперименттин экинчи этабында иш-аракеттер жана тапшырмалар бир топ татаалдашты. Алар мындай бөлүктөрдөн турду:

Мугалимдер менен аңгемелешүү.

Окуучулар менен аңгемелешүү.

Окуучуларга жана мугалимдерге анкета таратып, суроолордун жообун алуу.

Ата-энелер, класс жетекчилер менен баарлашуу.

Балдар жазуучуларынын чыгармаларынын 3-4-класстын окуучуларына тийгизген билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана элдик салттагы тарбиялык таасиринин деңгээлин билүү үчүн атайын сабактардын системасын алып баруу.

Эксперимент учурунда мугалимдерге алдын ала даярдалган сабактардын иштелмелерин, методикалык колдонмолорду сунуш кылуу.

Контролдук жана эксперименталдык класстарга бирдей эле мазмундагы жана оордуктагы, формадагы оозеки жана жазуу түрүндөгү тапшырмаларды берип, аларды талдоо менен жыйынтык чыгаруу.

**Таблица 2.3.5. – Окуучулардын балдар жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеяларды кабыл алуу деңгээли (эксперименттин 1-этабы, 2014 – 2015-жылдар, баары – 246 окуучу)**

| **Чыгармалардагы этнопедагогикалык идея** | **(окуучулардын деңгээли (% менен)** | | |
|---|---|---|---|
| | **жогору** | **орто** | **төмөн** |
| Т.Касымбековдун «Туулган жер»аңгемесиндеги жаратылышка мамиле кылуу салттары | 9 | 33 | 58 |
| Б.Абдухамидованын «Эне жана бейиштин мөмөсү» аңгемесиндеги эне жана бала мамилеси | 10 | 32 | 58 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Т.Абыкеевдин«Кумурска менен жалкоо» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши | 8 | 30 | 62 |
| Д.Сулайманов «Балапан» аңгемесиндеги гуманисттик идеялар | 11 | 36 | 53 |
| Т.Сыдыкбеков «Мээримдүү канаттуулар» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши | 12 | 40 | 48 |




**Сүрөт 2.3. Окуучулардын балдар жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеяларды кабыл алуу деңгээли**

Жогорудагы таблицада жалпы окуучулар контролдук жана эксперименталдык топторго бөлүнө электеги көрсөткүч. Мында Т.Касымбековдун «Туулган жер» аңгемесиндеги жаратылышка мамиле кылуу салттарын окуучулардын өздөштүрүү деңгээли изилденген кезде жогорку деңгээл – 9, орто деңгээл – 33, төмөнкү деңгээл – 58 пайызды түздү. Б.Абдухамидованын «Эне жана бейиштин мөмөсү» аңгемесиндеги эне жана бала мамилесин элдик педагогиканын аспектисинен түшүнүүдө жогорку деңгээл – 10, орто деңгээл – 32, төмөнкү деңгээл – 58 пайызды түздү. Т.Абыкеевдин «Кумурска менен жалкоо» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши, Д.Сулайманов «Балапан» аңгемесиндеги гуманисттик идеялар, Т.Сыдыкбеков «Мээримдүү канаттуулар» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши деген

проблемалар каралганда да жогорку деңгээл – 8-12 пайыз, орто деңгээл – 30-40 пайыз, төмөнкү деңгээл – 48-62 пайыз болду. Бул болсо окуучулардын көп бөлүгү көркөм чыгармалардагы этнопедагогикалык идеяларды талаптагыдай өздөштүрө албай жаткандыгын көрсөттү.

Биздин методикалык сунуштардан кийин ушул эле проблемалар боюнча эксперименттин үчүнчү этабында контролдук жана эксперименталдык класстардын жогорку, орто жана төмөнкү көрсөткүчтөрү салыштырылды.

**Таблица 2.3.6. – Окуучулардын балдар жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеяларды кабыл алуу деңгээли (эксперименттин 3-этабы, 2018 – 2019-жылдар, контролдук класстар – 123, эксперименталдык класстар – 123, баары – 246 окуучу)**

| **Чыгармалардагы этнопедагогикалык идея** | **(окуучулардын деңгээли (% менен)** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **жогору** | | **орто** | | **төмөн** | |
| | **к/т** | **э/т** | **к/т** | **э/т** | **к/т** | **э/т** |
| Т.Касымбековдун «Туулган жер» аңгемесиндеги жаратылышка мамиле кылуу салттары | 16 | 48 | 54 | 41 | 30 | 11 |
| Б.Абдухамидованын «Эне жана бейиштин мөмөсү» аңгемесиндеги эне жана бала мамилеси | 22 | 51 | 57 | 38 | 21 | 11 |
| Т.Абыкеевдин«Кумурска менен жалкоо» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши | 24 | 49 | 48 | 35 | 28 | 16 |
| Д.Сулайманов «Балапан» аңгемесиндеги гуманисттик идеялар | 30 | 51 | 44 | 36 | 26 | 13 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Т.Сыдыкбеков «Мээримдүү канаттуулар» аңгемесиндеги кыргыздардын экологиялык маданиятынан берилиши | 26 | 47 | 47 | 38 | 27 | 15 |
| Орточо пайыз | 24 | 49 | 50 | 38 | 26 | 13 |

Мында к/т – контролдук топ, э/т – эксперименталдык топ.

Жогорудагы таблицаны мындайча салыштырууга болот. Беш тапшырма өз-өзүнчө жайынтыкталып келди (Таблица 2.3.5), андан кийин орточо пайыздык катышы чыгарылды. Ал төмөнкүчө болду:

Жогорку деңгээл: контролдук топтордо – 24 пайыз, эксперименталдык топтордо – 49 пайыз, айырмасы – 25 пайыз.

Орто деңгээл: контролдук топтордо – 50 пайыз, эксперименталдык топтордо – 38 пайыз, айырмасы – 12 пайыз.

Төмөнкү деңгээл: контролдук топтордо – 26 пайыз, эксперименталдык топтордо – 13 пайыз, айырмасы – 13 пайыз.

Демек, биздин методикалык сунуштарыбыздын натыйжасында эксперименталдык топтордо төмөнкү деңгээл контролдук топторго караганда 13 пайызга аз болуп, жогорку деңгээл 25 пайызга өсүш берген.

Таблицадан көрүнүп турган факт – биз сунуш кылган ыкмалар жана жолдор башталгыч класстарды балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууда эффективдүү экендиги эксперименттерибиз аркылуу тастыкталды.

Эксперименталдык топтор менен контролдук топтордун айырмаларын аныктоо үчүн төмөнкүдөй чен-өлчөмдөрдү (критерийлерди) пайдаландык.

1. Проблеманы изилдөөнүн негизги максаты жана маңызын түшүнүүсү.
2. Проблеманы чечүүдө өз алдынчалуулугу, чыгармачылык изденүүлөрү.
3. Этнопедагогикалык маалыматтарды пайдалануусу.
4. Адабий чыгарманы этнопедагогикалык негизде талдоо компетенттүүлүгү: мисалдарды алуусу; улуттук салт менен байланыштыруусу; өз көз карашын билдирүүсү ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, балдар жазуучуларынын чыгармларынын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мугалимдерге сунуш кылган жолдорубуз жана ыкмаларыбыз оптималдуу экендиги педагогикалык экспериментте толук тастыкталды.

**Экинчи глава боюнча корутунду**

**II глава «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталат. Анда изилдөөнүн объекти III-IV класстардын «Адабий окуу» предметиндеги балдар жазуучуларынын чыгармалары, ал эми изилдөөнүн предмети ошол эле класстарды балдарга арналган прозалык чыгармаларды этнопедагогикалык негизде окутуу процесси экендиги белгиленет.*«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун материалдары»*деген параграфта III класстардын «Адабий окуу» китептеринде балдар жазуучуларынын чыгармаларынын берилишинин анализи жүргүзүлөт. Бул класста азыр эки окуу китеби колдонулат, алардын биринчисинин авторлору А.Токтоматов жана Б.Субанова, аталышы «Адабий окуу» (1-басылышы 1997-жылы, 2-басылышы 2003-жылы, 3-басылышы 2009-жылы), экинчи китептин авторлору Б.А.Абдухамитова, С.К.Казыбаев, К.Ибраимова, аталышы «Адабий окуу» (1-басылышы 2014-жылы). Бул бөлүмдө мына ушул эки китепте берилген балдар жазуучуларынын прозалык чыгармалары тууралуу маалымат берилет. Алардын ичинен биринчи китепте 18 автордун 23 прозалык чыгармасы киргизилген, жанрлар боюнча аңгеме – 12, уламыш – 3, аңгеме-тамсил – 1, жомоктун негизиндеги аңгеме – 1, юмористтик аңгеме – 1, романдан үзүндү – 1, эпостун прозалык баяндоосунун үзүндү – 1. Экинчи авторлордун китебинде 23 жазуучунун 33 чыгармасы киргизилген, биографиялык аңгемелер, тарыхый аңгемелер, эпосторду кара сөздө баяндоо

аңгемелери кошулуп, прозалык чыгармалар жандык, тематикалык жактан бир кыйла байыган.

IV класстарда аңгемелерге фантастикалык аңгемелер кошулуу менен ири прозалык чыгармалар болгон повесттер менен романдардан чакан үзүндүлөр кошулгандагы ал китептерди талдоо учурунда көрсөтүлөт. Эмгекте ушул III-IV класстардын «Адабий окуу» китептериндеги жазуучулардын чыгармаларынын жалпы картинасы көрсөтүлүү менен окуу китептеринин мазмунуна анализ жүргүзүлгөн.

*«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча теориялык методдор»* деген параграфта илимий изилдөөдө пайдаланган методдордун кыскача анализи берилет. Анда салттуу теориялык методдордун ичинен аңгемелешүү методунун табиятын, максатын, жүрүшүн, мазмунун, натыйжаларын көрсөттүк. Мектеп документтерин талдоо методу менен, мисалы,класстык журналдар аркылуу тажрыйба жана байкоо класстарынын окуучуларынын өздөштүрүү мониторингин аныктадык. Байкоо методуизилдөө ишибиздин бардык этаптарында жүргүзүлдү. Тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу методу менен бизкыргыз жазуучуларынын балдар үчүн чыгармаларын окутуу боюнча Ош областынан Ноокат районунун Ленин атындагы №2 орто мектептин мугалими Бурул Шагданованын, Кочкор районунун «Эпкин» орто мектебинин башталгыч классынын мугалими, «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими» наамынын ээси Асыранбек Мааткеримовдун тажрыйбалары үйрөнүлдү жана алардын жыйынтыктары чагылдырылды.

Илимий булактарды үйрөнүү, башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылыгын үйрөнүү методу да эмгекте пайдаланылды жана алардын жүрүшү көрсөтүлдү. Окуучулардын чыгармачылыгын үйрөнүү методу менен 8 мектептин 406 окуучусунун жазган жомоктору, эссе жазуу ишмердүүлүгү менен IV класста К.Баялиновдун «Мурат» деген аңгемесинин негизинде 216 окуучунунжазган эссеси, дил баян боюнча 216 окуучунун 611 дил баянытекшерилип, анализге алынды. Т.Касымбековдун «Курманжан датка

энебиздин насааты», К.Жусуповдун «Ата Журт» деген чыгармаларынын негизиндеги дил баяндар мисал катары көрсөтүлдү.

*«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча педагогикалык эксперимент методу»*деген параграфта педагогикалык эксперименттин максаты, милдети, этаптары, натыйжалары чагылдырылды.

# III ГЛАВА
# КЫРГЫЗ БАЛДАР ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ҮЙРӨТҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ

## 3.1. III класстарда балдар жазуучуларын чыгармаларын элдик педагогика менен байланыштуу окуп-үйрөнүүнүн жолдору жана ыкмалары

Орто мектептин III классында балдар жазуучуларынын чыгармалары биринчиден, «Адабий окуу» сабагында атайын окутулат, экинчиден, өз алдынча окуп үйрөнүшөт. Мына ошол тексттерден элдик педагогикалык идеялар өзүнчө бөлүнүп турбайт, тексти окуу процессинде эле кыргыз элинин салты, үрп-адаты, этнографиясы, улуттук менталитети жана психологиясы менен таанышат, ошонун өзүндө элдик педагогикалык идеялар жатат. Ал эми элдик педагогикалык идея деген элдик тарбия салттары, калктын педагогикалык маданияты, балдарды тарбиялоо жана билим берүү усулдары, каражаттары, формалары. Ага эне тили, тутунган диндери, фольклору, табыпчылыгы, манасчылык, төкмөлүк, комузчулук, устачылык, узчулук, бийчилик, бакшычылык, кошокчулук ж.б. жөндөмдүүлүктөрү, калктын кылымдар бою келе жаткан өздүк өнөрү, элдин жөнөкөй бир примитивдүү табылгалары, салттуу майрамдары жана оюн-зооктору ж.б. руханий дөөлөттөрү кирет. Булар кыргыз урууларынын, улутунун, элдин көз карашына, ой жүгүртүүсүнө, тарбия-таалим берүү салттарына, менталитетине, жашаган аймагынын климатына ылайык пайда болгон жана көп кылымдар ичинде адаптацияланган, калыптанган. Кыргыз эли алты кабат асман, жети кабат жер жана ошол жердеги адам, ошол адамды тарбиялоо тууралуу ойлорун элдик педагогикасына киргизген. Албетте, ал идеяларды миңдеген муундар миңдеген жылдар ичинде иштеп чыгып, кыргыздардын каны-жанына сиңирген. Мына ошол руханий казына азыркы муундагы балдарга туура таасир этиши, алардын руханий-

маданий, эстетикалык, этикалык жактан өнүгүшү үчүн эң эле эффективдүү жолдор менен жеткирилиши керек.

Азыркы учурдун эң эле орчундуу талаптарынын бири – социализм мезгилинде Москвадан таңууланган, жалпы советтик мектептер үчүн көрсөтмө катары берилген. Ошол таңууланган, кыргыз балдарынын каны-жанына анчалык сиңип кете албай турган окуу китептериндеги материалдардан арылуу керек. Мисалы, кыргыз балдары Сибирь токойлорунда жашаган тыйын чычкан сыяктуу майда жаныбар бурундуктун балдар менен достугу тууралуу аңгемени жакшы кабыл ала бербейт, анын үчүн кой кайтарган бала менен козу-улактардын достугу тууралуу материал болсо бала дилине жакын, ал турмушту балдар жакшы билет. Же болбосо төө багып, төө минген балдар тууралуу аңгеме түркмөн, казак балдары үчүн түшүнүктүү болушу мүмкүн, ал эми кыргыз балдары атты асыроо, ат минүү тууралуу баяндарды окууга кызыгат, аларды түшүнө алат. Улуттук негиздеги материалдар, окутуунун мазмунун этнопедагогизациялоо деген мына ушундай майда, бирок маанилүү нерселерден эле көрүнөт. Ушундай элдик педагогикалык баалуулуктарды мектепте окуп-үйрөнгөн бала биринчи кезекте ата-бабаларынын турмушу, жашоосу менен таанышат да, экинчи учурда ошол таанып билгендерин кийинки муундарга өткөрүп берүүчү болуп калат.

Мына ушул аспекттен карап көргөндө Б.А.Абдухамидова, С.К.Казыбаев, К.Ибраимова автор болгон 3-класстардын «Адабий окуу» [308] аттуу окуулугунда балдар үчүн жазылган кара сөз формасындагы чыгармалардан элдик педагогикалык маданияттын бай мурастары кыргыз элинин тарбиялоо, таалим жана билим берүү салттарын ар тараптуу чагылдырат.

**Т.Касымбековдун «Туулган жер» деген аңгемесинен** үзүндү сунушталат. Бул чыгарма жазуучунун эң алгачкы учурда, 1958-жылы, жазган чыгармасы, кыргыз аңгеме жанрынын мыкты үлгүлөрүнүн бири.

Аңгемеде автобиографиялык маалыматтар бар. Жазуучу дал ошол чыгармада каармандардын туулган жери катары аталган азыркы Жалал-Абад облусунун Аксы (ал кездеги Жаңы-Жол) районундагы Ак-Жол кыштагында

1931-жылы 15-январда жарык дүйнөгө келген. Аңгемеде өз атына аты да уйкаш Тилеген сыяктуу эле орто мектептин бүтүрүп эле эки жыл башталгыч мектепте мугалим болуп иштеген. Ушул чыгармасында эле Т.Касымбеков кыргыз элинин салттарын, үрп-адаттарын, тилин, жаратылышын жакшы билген улуттук колориттеги сүрөткер экендигин көрсөткөн. Балдар адабиятынын бул чакан аңгемесинде кыргыз жайлоолорунун биринин май айынын болуп-толуп турган учурдагы кооз сүрөтүн, жаз пейзажын көркөм сөздүн күчү менен көрсөтөт.

Баяндоочу каарман Тилеген ошондой кооздукка арбалып келе жатып, жолдон жалгыз үйгө бурулат да, суусундук ичүүгө токтойт. Бул – кыргыздын салты. Жолоочуга ар бир кыргыз адамы ак (айран, кымыз, жарма) сунган жана үйүнө кире кетүүгө чакырган. Мындай чакырыкка жолоочу да каршы болбойт, аттын башын ошол үйгө бурган. Бул – меймандостук, тааныса да, таанабаса да жолоочуну сыйлоочулук. Эгерде кимдир бирөө жолоочуну чакырбай койсо, же түн кирип келатса, кондурбай койсо, коноктобой койсо, ал үй ээси эле эмес, ошолордун жалпы айылы, бүт уруусу сөзгө калган, мазакталган, а түгүл айыпталган. Кыргыз элдик педагогикасындагы мына ушул салттын айланасында окуучулар менен кызыктуу маектешүүлөрдү өткөрүүгө болот. Эң негизгиси окуучулар элдин ошол байыркы салты азыркы учурда жоголуп кеткенин айтышат.

Аңгеменин окуу китебине кирбей калган бөлүгүн боюнча Тилеген мектепте мугалим болуп иштеген жаш жигит, ал тоо жактагы бир айылдан өзүнүн айылына, анан райондун борборуна бара жаткан жолоочу. Ошол каарман жалгыз үйгө бурулганда ал жерде он бирлердеги Сатыкул деген бала апасы жана таенеси менен жашайт экен. Анын атасы Мамырбай каза болуп, жетим баланы апасы Сейде өз төркүнүнө ала келет. Ошол Сатыкулдун таяке журтуна келгенине үч жыл болуптур. Бала айылдашы Тилегенди көрүп эле кулачын жайган бойдон мойнуна асылып алдына отуруп калат. Таянеси «карачы боор да, атасы тирилип келгенсип сүйүнүп кетпедиби» деп шыпшынып башын чайкайт.

Сатыкул Кара-Көңдөйдөн Ак-Жолго бараткан Тилеген агасын ээрчийт. Апасынан, таенесинин айтканына да көнбөй жолго чыгат. Окуу китебинде ошол эки жолоочунун туулган жерине келе жаткан, келген эпизоду көрсөтүлөт.

Биринчи эле көзгө урунган этногеографиялык көрүнүштөр – жер-суу аттары. Кыргыз жергесинде ар бир айылда миңдеген жер-суу аттары бар, алардын ар биринин уламышы, тарыхы эл арасында айтылып келет, айрымдары бара-бара унутулуп да калат, же башка жаңы аттар пайда болот. Тексттер окуучулар ошол жер-суу аттарын табат, алар: Кара-Суу, Булуңдун-Сырты, Үч-Курат, Мал-Калды, Ак-Жол. Жогорудагы азыркы Аксы районунун караган жерге-сууга ыйгарылган ар бир аттын мааниси бар, мисалы, Кара-Суу суунун ылайланып акканынан улам айтылып калган. Окуучулар менен иштей турган дагы бир крайтаануу маанисиндеги кыялый экскурсия айылдык мектептерде окуган балдар үчүн өз жергисиндеги жер-суулардын аттарын айтып, алардын маанилерин чечмелөө менен байланышат. Кыргыздардын дүйнөгө көз карашы, экологиялык маданияты, мал чарбачылыгы, тиричилиги, жерди жана сууну ассоциациялоо (окшотуу) өзгөчөлүгү ушул жер-суу аттары менен байланышкан.

Экинчи учур – жер-суунун көрүнүшүн жазуучунун сүрөттөп бериши, пейзаждык көрүнүштөрдү чагылдыруудагы улуттук колориттүүлүгү. Тексттеги жер-сууларды жана алардын сүрөттөлүшүн окуучуларга жеткиликтүү болсун үчүн таблица формасында көрсөтөбүз.

**Таблица 3.1. – Тексттеги жер-суулардын сүрөттөлүшүндөгү этникалык ой жүгүртүүлөр.**

| **Жер-суулардын аталышы** | **Тексттеги сүрөттөөлөр** |
|---|---|
| Кара-Суу | «... жыпыс токой, боз чаптуу кемерлерди шарп-шурп уруп улам төмөндөсө аскалардын жаңырыгына кошул-ташыл болот. Салкын, себеп дегенде, жолмо-жол көлөкө, суунун шапатасы бар» [308] |

| | |
|---|---|
| Булуңдун-Сыртына | «Булуңдун-Сырты тоо деп атанбаганы менен бийик бел. Анда-санда гана дүпкүр-дүпкүр бадалдуу. Башка жерлерге караганда бети ачык жер. Үч-Курат, Мал-Калды, Ак-Жол өрөөндөрү бүт бойдон алакандагыдай дапдаана көрүнүп турат» [308] |

Бул сүрөттөөлөр текстин улуттук белгиси. Мындай ой жүгүртүү кыргыз авторуна гана мүнөздүү көрүнүш. Кыргыздар бул же тигил жерди караганда ал жердин малга жайлуулугун, күнгөй же тескей экендигин, суусу кандай болорун эске алышат.

Дагы бир этникалык маданият менен байланышкан сүрөттөө – каармандардын иш-аракетиндеги улуттук белгилер. Кыргыздар жолго чыкканда ат минип чыгат, жолдо атын кароо, аны откоруу, суугаруу, атка мамиле – кыргыз баласы үчүн өзгөчө маданият.

Текст андан ары мындай сүйлөмдөр менен улантылат: «Булуңдун-Сыртына чыгып, кичинекей сапарлашым экөөбүз аттан түштүк. Күн бешимге ооп, ала көлөкө самсаалап калган. Желкилдеген кызыл отко, кичине чалып-чалып алсын деп, ооздугун чыгарып, белин бошотуп туруп, атты коё бердик. Кокус качып кетеби деп, чылбырдын бир учун Сатыкул кармап алды» [308].

Кыргыз элинин турмушунда эргенчи кездеги эркек балдар чоң күч болгон, ошол үчүн эркек балдар төрөлгөндө ата гана эмес, жалпы уруусу сүйүнгөн, себеби жоо келгенде ошол балдар алардын астын тороп чыккан, улуттук оюндарды ошолор намыс талашкан, уруулаш балдар өздөрүнүн гана эмес, жалпы уруунун мал-жанына каралашкан, этнопедагог А.Алимбеков айткандай, өспүрүмдөр: «...төрт түлүк малды асыроого 10-12 жашынан билим жагынан да, практикалык жагынан да даяр болуп калыптанган. Уул балдар 14-17 жашында жылкычынын, сакманчынын, чабандын милдеттерин кадыресе өз алдынча аткарууга жетишкен»[19].

Мына ошол сыяктуу жашы бир топко барып калган жигит Тилеген менен турмушту али толук тааный элек он бир жашар Сатыкулдун этнопедагогикалык ишмердигинин биримдиги атка кылган мамилесинен көрүнөт. Күн бешимге

оогон кезде аттан түшүп, анын ооздугун чыгарып, белин бошотуп туруп, атты коё бериши, болгондо да желкилдеген отко, кызыл отко коё бериши, кокус качып кетпесин деп чылбырдын бир учун Сатыкулдун кармап турушу – улуттук этнопедагогикалык көрүнүш.

А.Муратов ушул сыяктуу көрүнүштү Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестиндеги этнопедагогикалык идеяларды талдап жатып мындай көрсөтөт: «Улуттук салт боюнча атасы кармаган буюмду уулуна берүү – бул атанын балага болгон ишеними, баланын бой жеткенин расмий таануу, атайын белгилөө. Мергенчи уулунун өз ишин улантарына көзү жеткенде мылтыгын баласына карматкан, ага чейин ага эч кимди катылткан эмес, дыйкан өз кетменин уулуна да ушундайча берген, тигүүчү биринчи кезекте оймогун өз кызына гана ыраа көргөн. Мал артында жүргөн киши атын базарга сатып, уулуна башкасын алып берген эмес, өзү минип жүргөнүн атайын ырасым-салт боюнча эр жеткен эркек баласына мингизген. Ал – балага берилген укук, атадан балага өткөн мураскерлик. Чыгармада Султанмуратка божуну берүү – ага араба айдоого ишеним берүү гана эмес, арабага чегилген аттар Чабдар менен Чоңторуну кошо ишенүү, бул алдыда келаткан согуш капшабын акырын билгизбей эскертип өткөн жазуучунун купия сыры. Балдар даяр болуш керек, аталар божуну балдарга бергендей, эртең согуш болсо аталар тылдагы жумуштарды, элдин тагдырын балдарга берүүгө даяр болуш керек.

Ошон үчүн «Эрте келген турналар» бул – «эрте жетилген балалык», бул – «божуну эрте колго алган балдардын тагдыры». А кыргыз баласы үчүн бул ишеним элдик таалим-тарбия салттары боюнча толук жетилгендиктин белгиси. Эл ал кезде баланын жигит болгонун, ишке жараганын аттестат, же диплом алганынан билген эмес, атүгүл анатомиялык-физиономиялык факторлорду да, айталык, анын бетинин, денесинин түзүлүшүнүн өзгөргөнүн да анча таназар алган эмес, ал атасынын атына, атасынын мылтыгына, атасынын карышкыр кармар капканына, кыздын апасынын оймогуна ээ болгонун карап туруп, ишеним берилгенин туюнушкан» [166].

Ошол сыяктуу бөтөн айылда калган Сатыкулга өз айылынын, атасынын тууганынын аттын чылбырын берип жатышы – анын чоң бала болгонуна ишеним, ата журтуна үч жылдан соң бара жаткан баланын өз алдынчалыгын таануу. Атты адам менен бирге кароо, турмушка ат аркылуу ой жүгүртүү кыргыз руханий дүйнөсүнүн башкы белгилеринин бири.

Тексттин ушул бөлүгүнө окуучулардын жылкы (ат) жөнүндө түшүнүктөрүн аңдап билүү үчүн төмөнкүдөй суроолорду коюуга болот.

1. Жылкыны жашына карай кандай атайт?

Толукталуучу жооптор: кулун, тай, жабыгы, байтал, кунан, кунан-байтал, бышты, бээ, айгыр, бир асый, эки асый, үч асый, төрт асый, беш асый, он асый, сары карын.

2. Жылкыны өң-түсүнө карай кандай атайт?

Толукталуучу жооптор: акбоз, ала, ала аяк, алагер, айсарала, боз, күрөң-боз-күрөң, желкара, жээрде, жээрде кашка, чаар, чабдар, кара, карагер, кашка, кер, кызыл, көк, көк буурул, кула, күрөң, муз-кар, сары, сур, суркийик, тоо-кар, тору, тору кашка.

3. Ат жабдыктары кайсылар?

Толукталуучу жооптор: басмайыл, бүлдүргө, желдик, желе, жем баштык, чылбыр, жүгөн, чидер, камчы, канжыга, кайыш, кыл аркан, булдурсун, көмөлдүрүк, көнөк, көрпөчө, көпчүк, куюшкан, нокто, ооздук, суулук, така, текөөр, тердик, тизгин, тушамыш, укурук, үзөңгү ж.б.

Сабакта мугалим экрандан ат жабдыктарынын видеосун же сүрөттөрүн көрсөтөт.

Мугалим менен окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн кийинки бөлүгү тексттин негизинде жылкыга байланыштуу макал-ылакаптарды айтууга багытталат. Адегенде мугалим окуучулардан жылкы тууралуу айтылган макал-ылакаптарды сурайт. Окуучулар бир нече макал-ылакаптарды бири-бирин толуктоо менен айтып беришет. Мисалы, алар өздөрү билген атка, жылкыга байланыштуу макалдарды айтыат. Алардын айтканын мугалим толуктайт: «Ат, аттан соң жат» ж.б.

Кыргыз эл педагогикасында ат өзгөчө орунда турган. Андыктан элдик фольклордо, уламыштарда баатыр менен анын минген аты бирге каралат. Эр Төштүктүн Чалкуйругу кадимки адамча сүйлөйт, Манастын Аккуласы аны менен бир күндө туулат. Семетейдин Тайторусу кыргыз эл турмушунда, анын ичинде баатырлардын баатыр болушунда алардын минген аттары кандай роль ойногонун көрсөтөт.

Окуучулар үчүн маанилүү методикалык ыкмалар:

1. Айыл четине чыгып, туулган жерди көрүнүшүн фотого же кол менен сүрөткө тартуу.
2. Айыл ичинде ат таптаган саяпкерлер менен аңгемелешүү жана ошол аңгеменин негизинде эссе жазуу.
3. Ат минип көрүү, андан алган сезимдерди этюд түрүндө туюндуруу.
4. Ат жабдыктарынын аталышын сурап билүү.
5. Ар ким өз айылынын турмушун, коовдугун жогорудагы ангеме менен салыштырып чыгуу.

Ошондуктан Т.Касымбеков этнопедагог жазуучу катары «Туулган жер» аңгемесинде жаш өспүрүм Сатыкулдун кандай адам экенин сыноо үчүн улуттук салттарга, жөрөлгөлөргө мамилесин көрсөтүүгө басым жасайт.

Сабак процессинде текстти түшүнүп окууда көңүл буруучу нерселер – этнолингвистикалык түшүнүктөр. Сатыкул туулган жерине келе жатып досу Нуркул тууралуу эстегенде жүгөрү чабыкка эми киргендигин, дүмбүл жоктугун айтат. Мында окуучулардын бир тобу үчүн түшүнүксүз сөз – дүмбүл. Дүмбүл бул – Борбор Азияда дыйканчылык зоналарда жашаган элдерге таандык сөз. Бул жүгөрү байлагандан кийин анын даны быша эле, сүт толуп турган учуру. Балдар дүмбүл кандай экендигин тырмагы менен жүгөрүнүн данын басып көрүп билишкен, басканда сүт чыгып кетсе – дүмбүл, сүт чыкпай катып калса – дүмбүл убактысы өтүп кеткен. Адамдар, өзгөчө балдар, жай ортолоп калганда жүгөрү арасынан ушундай дүмбүлдөрдү таап, аларды чокко кактап бышырып

жеген. Бул өзгөчө пайдалуу азыр болгон. Автор мына ушул балдардын турмушундагы бир маанилүү учур тууралуу айтып жатат.

Мындай этнолингвистикалык талдоо кыргыз элинин сөз кору, сүйлөө маданияты менен тааныштыруунун негизги элементтери болот.

Тексттин маанилүү даталы айылын сагынган баланын апасына ырдап берип жүргөндүгү. Ал ыры мындай:

Адырга чыккан жекенмин,
Аргымак минер бекенмин.
Аргымак оозун чойдуруп,
О-ой, айлыма качан кетемин.
Капталга чыккан жекенмин,
Караны минер бекенмин.
Каранын оозун чойдуруп,
О-ой, калкыма качан кетемин… [308]

Бул – накта этнопедагогикалык ыр. Элдик ырды баланын ырдап жүрүшү – улуттук наркты сактоосу, элдик оозеки чыгармачылыкты сыйлоосу. Мындагы «жекен», «аргымак», «аргымак оозун чойдуруу», «караны минүү», «каранын оозун чойдуруу», «калкына кетүү» элдик педагогикалык түшүнүктөр. Дал ушул ыр баланын сагынычынын, кусалыгынын гимни.

Жогорудагы түшүнүктөрдүн мааниси кыргыз элинин байыртадан келе жаткан маданияты, этнографиясы, этнопедагогикасы менен тыгыз байланыштуу экендиги сабактын жүрүшүндө талдоодон өтөт.

Автор туулган жерин Ата Журт деп, «киндик каны тамган», «биринчи жолу таманын койгон», «бармак басым бир айыл» деп элдик түшүнүктөр менен аныктап берет. Ал жер ошол айылды мекендегендер үчүн «шаңынан эне мээрими төгүлгөн, адамы гана эмес, чөп-чары, суусунун жээгиндеги кол башындай таштары да көңүлгө сыйлуу, камыш бүлк-бүлк ыргаган шапатасы дартыбызга дабаа өңдөнгөн, түтүнү куйкум, ырыскы жыттуу» [308] туулган жер.

Окуучулар менен баарлашуу туулган жер тууралуу жүрөт. Окуу китебинде мындай тапшырма берилген: «Макалдардын маанисин чечмелеп, класста ой бөлүшкүлө: «Ар кимдин туулган жери – өзүнө ыйык», «Туулган жердин топурагы – алтын» [308].

Бул макалдар да сабактын этнопедагогикалык аспектисин башыктап, окуучуларды элдик педагогиканын салттары менен тарбиялоого педагогикалык шарттарды түзөт.

3-класста балдар жазуучуларынан Дүйшөн Сулаймановдун «Балапан» деген аңгемеси окутулат.

Окуу китебинен тышкары берилүүчү маалымат:

| |
|---|
| Дүйшөн Сулайманов – 1929-жылы Сокулук районундагы Жыламыш айылында туулган. Ал көп жыл илим изилдөө жана басма тармактарында иштеп, Т.Сатылганов, Тоголок Молдо, К.Акиев, О.Бөлөбалаев, А.Жутакеев ж.б. ырчылардын чыгармаларын изилдеп, китептерин басмага даярдап, жарыялоого көп эмгек сиңирген. Касымбек Эшмамбетов менен бирге кыргыз эл жомокторун жыйнап, адабиятташтырып, иштеп чыгып, китепке бастырып, мына ошол китеп 1957-жылдан бери кайра-кайра басылып келет.<br>Дүйшөн Сулайманов – таланттуу жомокчу. Анын «Абышка менен түлкү», «Акбаш жана Бозбаш», «Акылдуу Алдар», «Арстан кармаган ат», «Бала менен сыйкырчы», «Жолборс кантип алданды», «Кимиси күчтүү», «Куурчак жана бала», «Кырк ууру жана Алымкул», «Өнөрлүү өлбөйт», «Чыныбек жана сыйкырчы», «Нан», «Абышка менен түлкүнүн аңчылыгы», «Мактанчаак бөжөк», «Сыйкырчыны жеңген бала» ж.б. жомоктору өз-өзүнчө китеп болуп чыккан.<br>Балдар үчүн жазган аңгемелери: «Биздин айылдын балдары», «Мен эмнени жек көрөм», «Аттын жонуна өскөн коон», «Жол», «Меке чал», «Жолборс терисин жамынган музоо», «Менин досторум», «Камчыбектин саякаты» ж.б. |

«Балапан» аңгемеси мындай сүйлөмдөр менен башталат: «Камчыбек экөөбүз токойду аралап баратканыбызда менин бутумдун алдынан ак чымчык «бырп» этип уча качты. Анын артынан экинчиси учуп, туура туштагы бадалга барып конуп калды. Экөө тең куйруктарын сороңдотуп, тынчы кетип, «чыйк-чыйк» үн катышат. Биз улам алга баскан сайын чебеленип чырылдашат. Улам бир бадалдын бутагына коно калып, кайра учуп, биздин үстүбүздөн чарк айланышат. «Буларга эмне болуп кетти?» – деп биз эки жагыбызды абайлап карап бараттык» [308].

Тексттин адегендеги сүйлөмдөрү окулган соң автор буларга эмне болуп кеткендигин сурап жатат. Ошол тексттеги автор койгон суроону биз класстагы окууларга койдук. Жооптор ар түрдүү болду. Эң көп жооптор мындай айтылды.

1. Ак чымчык Камчыбектен жана анын жанында кетип жаткан баладан коркуп учуп кетти.
2. Ак чымчык жерде сойлоп бара жаткан жыланды көрүп калды.
3. Ак чымчык асмандан ага кол сала турган кушту байкап, балдардан жардам сурады.
4. Буларды көздөй мергенчи келе жаткан.

Жооптордон көрүнгөндөй бул – тоодо өскөн кыргыз балдарынын ой жүгүртүүлөрү. Бул ой пикирлер эл турмушу, кыргыз балдарынын улуттук аң-сезими менен тыгыз байланыштуу.

Текст андан ары окулат. Ак чымчыктын уча качканына Камчыбектин божомолу: «Түлкүнү көрө коюп коркуп жүрүшпөсүн?»

Эмнеси болсо да абайлап басуу керек. Ошол жерден балдар балапанды табышты.

Мугалим бүт класска тапшырма берет: Жазуучунун балапанды сүрөттөгөн жерин үн чыгарып, бүт класска угуза окугула. Окуулар тексттин бөлүгүн хор менен окушат: «Чөптүн арасында темир канат болоюн деп калган сары ооз балапан буттарын тарбайтып, чыйылдап жаткан экен» [308].

Окуучуларга суроо: Бул жерде кыргыздар гана жакшы билген эки сөз бар: биринчиси – темир канат, экинчиси – сары ооз. Мына ушул эки сөздүн

маанисин айтып бергиле. Окуучулар талашты, тартышты. Акыры мындай жыйынтыкка келди:

Темир канат – балапандардын канаттары эми түкчө болуп чыгып, али ошол балапанды көтөрүп учуп кетүүгө жарай элек кези.

Сары ооз – балапандар өзүнчө жем таба албайт да, энеси жем алып келгенде оозун ачат, ошондо анын оозунун ичи сары түстө болот, мына ошондуктан сары ооз деп коюшат.

Бул эки сөздүн лексикалык маанисин издөө менен окуучулардын кыргыз тилинин сөз запасына кызыгуусу артат, тилдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн жаңы сөздөр кошулат.

Мугалим дагы суроо коёт: Силер айткан «темир канат» жана «сары ооз» деген сөздөрүн түз маанилери, анан ушул сөздөр өтмө мааниге да өтүп колдонот. Ал боюнча оюңар кандай? Окуучулар изденип, ой пикирлерди салыштырып отуруп мындай маанилерди табат.

Темир канат – жетиле элек, али өсө элек, быша элек балага (жигитке) карата айтылат

Сары ооз – бул дале жогорудагы маанидей жетиле элек, али өсө элек, быша элек балага (жигитке) карата айтылат, али сары ооз бойдон экенсиң деп коюшат.

Текстте бул эки сөз менен кыргыз элинин ишенимдерине кайрылып көрөбүз. Кыргыздардын балапандарга карата элдик ишенимдерин окуучулар мугалимдин жардамы менен айтып беришет, алар:

- кыргыздар балапанды өлтүргөн эмес;
- бооз жана балалуу жаныбарга аңчылык кылган эмес;
- бооз жаныбарды атпаган;
- канаттуу куштардын уясын бузбайт;
- канаттуулардын уясына жылан кирип бараткан болсо жыланды айдап чыгат;

- колдун уусу өтөт деп балапандарды колго кармаган эмес;
- уядан түшүп калган темир канат балапанды көргөндөр аны эптеп алып кайра уяга салып койгон;
- канаттуунун балапанын кармап алган балдар аны менен шилекей алышып, дос болот да, анын коё берет ж.б.

Сабакта окуучулар менен мына ушундай элдик ишенимдердин мааниси, максаты талкууланат. Андан алынган жыйынтык: кыргыз эли эзелтеден бери жаныбарлар менен дос болуп, аларды асырап, көбөйүшү үчүн кам көрүп келген; кыргыздар жаратылыш менен гармонияда жашаган; кыргыз элдик педагогикасы өтө гумандуу педагогика болгон.

Текстти андан ары окуганда Камчыбек балапанды колго ала койгонун, мындай кылганга балапандын ата-энеси ызылдап-тызылдаган бойдон балдардын үстүнөн кайкып учуп жатышканы айтылат. Балдар эмне кылышты билбей канаттуулардын уяларын издей баштайт. Ырас, байыртадан тартып эле кыргыз балдары жети-сегиз жашынан эле табиятка байкоо салган, алар мал кайтарган, тоодон же токойдон отун алган, булактан же дайрадан суу алып келген. Мына ошол турмушунда аларды канаттуулардын өтө көп түрү орун алган. Молдо Кылыч «Чүй баяны» деген поэмасында төмөнкүдөй жаныбарлардын атын атап, алардын негизги белгилерин, өзгөчөлүктөрүн, адамга пайда-зыянын көрсөтүп өтөт: саратан, саралалуу аары, сайгак, бөгөнөк, бүргө, мийзам, жөргөмүш, бака, ийнелик, көгөн, кундуз, кашкулак, мадыл, кызыл карсак, түлкү, карышкыр, аюу, жолборс, илбирс, чөө, тай сүлөөсүн, суусар, ачкүсөн, коен, элик, марал, бугу, эчки-теке, аркар, кулжа, саржылан, кара курт, чаян, музоо баш, кескелдирик, билерик, чегиртке, жер кирпи, арсчычкан, коңуз, көпөлөк, ташбака, көл бака, суу жылан, кызыл куйрук, сар барпы, ала чыйырчык, суучул кара көк соору, көк жылкычы кучкач, майкөт чымчык, борбаш, каракаш, эрсынар, чил, бөдөнө, безбелдек, кашкалдак, бабырган, үкү, соорусун, кара бүркүт, жору, чакчыгай, аладуңган, эчки маарак,

бапылдак, карача торгой, жарганат, боз таркылдак, короолу, тораламай, таранчы, кучкач.

Казалчы Сары Өзөн Чүйдүн 73 жаныбарын ушундай атоо менен өзү дагы бир тобун билбей калганын эскертет. Демек, кыргыз балдарынын айлана-чөйрөсүндө жаныбарлардын ушунчалык көп түрү курчап турган. Булардын айрымдары жыртыч болуп, башка жаныбарларга кол салган, ал болсо фауналык көп түрдүүлүккө залакасын тийгизип, айрымдарынын жок болуп кетишин шарттаган.

Жогорудагы Д.Сулаймановдун «Балапан» аңгемесиндеги башкы каармандар – эки кыргыз бала адашып уясынан түшүп калган балапанды аяйт. Камчыбек: «Биз силерге жардам берели деп жатабыз. Жардам бербей, өлтүрүп коё турган душманыңар эмеспиз!.. Силердин андай душманыңар аз эмес, билебиз... Түлкү да жеп коёт... Бирок түлкүдөн башкасы деле толуп жатат» [308], - деп, кыргыз баласынын канына сиңген, ата-бабалардан бери келе жаткан этикалык эрежесин айтат.

Мына ушул жаныбарларга жардам берүү, алар менен дос болуу идеясы кыргыздардын «Эр Төштүк» эпосунда, Асан Кайгынын ырларында абдан терең гуманисттик пафос менен берилген. Ал эми табиятка кол салуу, ага ашыкча бүлгүн салуу адамдын жазалайт деген ой «Кожожаш», «Карагул ботом» дастандарынын негизги өзөгүн түзөт. Аларда ар бир жаныбардын өз пири бар, алар адамдарды ар кандай кырсыктан коруп турат деген ой берилет.

Кыргыз элинин турмуш-тиричилигинде, жашоо ыңгайында адам менен жаныбардын бет келүүсү күндө эле болуп турган, байыркы мифтик доордо адамдар анимисттик, тотемдик көз карашта болуп, бардык нерсенин колдоочу кудайы, пири, сактоочусу болот дешип, ошол ошолордон корккон, ошолор адамды өз балдары үчүн жазалайт дешкен. «Кожожаштагы» Сур эчки кайберен мына ошондой марал, теке, элик, бугулардын колдоочусу, ал оңко тургузганына карабай мергенчилигин уланта берген жана жалгыз улагы Алабашты энесинин суранганына, жалынганына карабай атып салган Кожожашты каргыш менен асканын бооруна кадап салды.

«Балапан» аңгемесиндеги азыркы учурдун балдары да мына ушундай салттык тарбияда чоңойгондор, ошон үчүн балдарды бири багып алалы деген сунуш киргизсе, экинчиси уясын табайлы да, кайра өз уясына салып коёлу дейт. Акыры уяга салып коюу чечимине келет. Эми ууяны кайдан табуу керек? Кайра эле кыргыз балдарынын табият менен карым-катынашта болгон жашоо образына келели. Балдар тоодо болсун, талаада болсун канаттуулардын тиричилигине, биринчи кезекте уясын кандай жерге салат, эмнелер менен азыктанып жүрөт – мына ошолорго байкоо салып жүрөт. Алардын ошондой тажрыйбага жетишүүсүнө ата-энелери кам көрөт. Кыргыздар «Атаң барда – эл тааны, атың барда – жер тааны» дейт. Чыңгыз Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинде эртең-бүрсүгүн согушка кетип жаткан Бекбай уулу Султанмуратты атайын Жамбылга чейин алып барып келет, жолдо баратып ал сарыбоор, карабаш деген чымчыктарды көрсөтөт, баласы мен барда ушуларды таанып калсын дейт. Мындай жаратылышты таанытуу – ата-эненин милдети болгон.

Жогорудагы аңгемедеги балдар да дарактардын, бадалдардын баш жактарын элеңдеп карап, уяларды издей баштайт. Дарактар да, уялар да көп экен. Бир даракта бир нечеден уя да бар экен.

Окуучуларга суроо: Балдар балапандардын уясын эми кантип табат?

Жooптор ар түрдүү болду. Негизги типтүү жооптор: «Чымчыктардын учуп келип, кирген жерлеринен билет», «Чоң кишилерден жардам сурайт», «Уялардын баарын карап чыгат» ж.б. Ал эми текстте мындай айтылат: «...бир уянын оозунан чыйпылдап жаткан эки балапандын башын байкагандай болдум. Ошол уяга баягы ак каш чымчыктардын бири коно калып жатканын көрүп калдык. Демек, бул балапан, сөзсүз, ошол уядан кулап түшкөн...» [308].

Аңгеменин каармандары балапандарды сактап калды, чымчыктар канаттарын дирилдетип, балдарга ыраачылык билдиргендей аларды тегерене учуп жатты. «Камчыбек балапанды уясына жайгаштырып, кайра түшүп келди. Ошондон кийин гана ак каш чымчыктардын жаны тынып, тымтырс болуп калышты. Биз да балапанды өз дарегинен жаңылбай, туура жайгаштырып

койгонубузга бекем ишендик. Аңгыча булардын ата-энелери уяга ого бетер жакындап отура калышты эле, балапандардын баарысы моюндарын созуп, жабыла чыйпылдап жиберишти. Ошондо уянын ээлери түгөл чогулгандай болуп, бизге кандайдыр бир кубанарлык көрүнүш элестеле түштү» [308].

Чыгарманын финалы ушундайча аяктайт. Анда балдарга жаныбарларды коргоо тууралуу экологиялык, байкагыч болуу керектиги тууралуу акыл-эстүүлүк, аң-сезимдүүлүк, балапандарды өлтүрбөй, алардын өзүнө жана аргасыз калган ата-энелерине жардам берүү керектиги тууралуу адептик тарбия берилип жатат.

Сабакта тексти терең түшүнүү үчүн колдонулган ыкмалар:

- текстти үн кубултуп окуу;
- тексттин мазмунун айтып берүү;
- тексти жактарды өзгөртүп айтып берүү;
- тексттин негизинде план түзүү (жөнөкөй жана татаал);
- интернеттен балапандардын учуп жүргөнүн, сайраганын көрүү;
- балапандар тууралуу ыр окуу;
- балапандардын сүрөтүн тартуу;
- айлана-тегеректен учуп жүргөн канаттууларга, алардын балапандарына байкоо жүргүзүү;
- «Мекентаануу» китебиндеги жергебиздин канаттуулары тууралуу материалдар менен байланыштыруу.

Мына ушул чыгарма менен байланыштуу экинчи бир аңгеме Түгөлбай Сыдыкбековдун «Мээримдүү канаттуулар» деген аңгемеси. Бул чыгарма 3-класста окутулат.

Жазуучунун атайын балдар үчүн жазган аңгемелеринин бири – «Мээримдүү канаттуулар». Аты айтып тургандай эле чыгарма жаратылыш менен адамдын мамилесин көрсөтүүгө арналган. Мындагы башка нерсе – адам менен канаттууларды салыштыруу, алардын окшош жана айырмалуу белгилерин көрсөтүп, жаратылыштын гармониясын, бузулгус бүтүндүгүн даңазалоо. Ошол сабактын баяндалышы төмөнкүдөй болду.

Сабактын темасы: Түгөлбай Сыдыкбеков «Мээримдүү канаттуулар» аңгемеси

Сабактын максаты: Билим берүүчүлүк: чыгарманын жалпы мазмунун, окуялардын жүрүшүн, сюжетин өздөштүрөт; текстти окуй билет жана окугандарын кайра өз сөзү менен логикалык ырааттуулукта баяндап берет; каармандарга мүнөздөмө бере билет; тексттеги диалог менен монологдорду ажырата алат; чыгарма боюнча өз оюн айта алат.

Өнүктүрүүчүлүк: чыгарманын негизинде канаттуулар дүйнөсүн таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрү жогорулайт; топтор ичинде жана жекече өз оюн айтууга, пикирин далилдөөгө, башкалар менен дискуссияга чыгууну үйрөнөт.

Тарбия берүүчүлүк: канаттууларды сүйүүгө жана коргоого үйрөнөт; адептүү болууга, жаратылышты сактоого тарбияланат.

Сабактын тиби: жаңы материалда окуп-үйрөнүү сабагы.

Сабактын формасы: топто, жекече жана жалпы класста иштөө.

Колдонулган негизги ыкмалар: башкарып окуу; биргелешип издөө; диалог.

Сабактын жабдылышы: окуу китеби, Түгөлбай Сыдыкбековдун портрети; суроолор дарагы; таблицалар; сүрөттөр; интернет материалдары; карточкалар ж.б.

Сабактын жүрүшү: Уюштуруу мезгили (Мында мугалим же дежурный окуучу келген жана келбай калган окуучуларды тизмелейт; окуучуларды тынчтандырып, сабак өтүүгө жагымдуу жагдай жаратат.

Өткөн сабакта Исабек Исаковдун «Балдар жана ак куулар» деген ыры өтүлгөн, ал чыгарма боюнча үйгө берилген тапшырмалар төмөнкүдөй методдор менен суралат:

- чыгарманынын идеясын айтып берүү;
- ырдан жаттаган жерди айтып берүү;
- «Жаратылышты кантип коргоо керек?» деген темадагы эссени үч-төрт окуучуга окутуу

Жаңы тема Түгөлбай Сыдыкбеков тууралуу маалымат берүүдөн, анын портретин көрсөтүүдөн башталат. Доскага жазуучунун портрети жана төмөнкүдөй таблица илинет.

| |
|---|
| Түгөлбай Сыдыкбеков – 1912-жылы Түп районунун Кең-Суу деген айылында туулган. Чыгармачылыгын адегенде ыр жазуу менен баштаса да, 1937-жылы чыккан «Кең-Суу» романы менен кыргыз элине кеңири таанылат. Анын «Биздин замандын кишилери» романына 1947-жылы СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылат. Ал Кыргыз Эл Баатыры наамын алган. Кыргыз тилинин абдан бай казынасын өз чыгармаларында колдонгон жазуучу.<br>Түгөлбай Сыдыкбеков кыргыз адабиятынын этаптык чыгармалары болгон «Кең-Суу», «Темир», «Биздин замандын кишилери», «Тоо арасында», «Батийна», «Зыйыптар», «Көк асаба», «Ыманбай пейили», «Бел-белес», «Жол» ж.б. ондон ашык романдын автору. Анын балдар үчүн жазган «Тоо балдары» романы өз кезегинде жалпы советтик адабиятта жогору бааланган, көптөгөн чет тилдерине которулган. Жазуучу мекенчил атуул, агартуучу катары балдар үчүн чакан чыгармаларды да жазып калтырды. Анын «Ач көз ата», «Күн жана анын балдары» деген ыр менен жазылган жомоктору, «Достук», «Чаар toок» аттуу аңгемелер жыйнактары кыргыз балдарын руханий, адептик, эстетикалык тарбиялоого өз салымын кошуп келет. |

Мына ушул маалыматтан соң окуучуларга төмөнкүдөй суроолор берилет?

1. Силер мурда Түгөлбай Сыдыкбеков тууралуу кандай маалыматтарды уккансыңар?
2. Роман, повесть, аңгеме деп кандай чыгармаларды айтабыз?
3. «Мээримдүү» деген сөздүн маанисин кандай түшүнөсүңөр?
4. Канаттуулар да мээримдүү болобу?

Ушундан кийин аңгеменин үчкө бөлүнгөн бөлүктөрүнүн биринчи бөлүгү мугалим тарабынан көркөм окулат, андан соң окуучулар катары менен бирден сүйлөм окушат.

Биринчи бөлүм: «Канаттуунун уясы касиеттүү көрүнүп, менин ага кызыкканымды билип, энем ар дайым эскертет:

– Уяга колуңду тийгизбей жүр. Энеси жумурткасын баспай коёт.

Энемдин ушундай кебинен улам уя мага ого бетер касиеттүү көрүнчү. Бирок аны көрүү оңой эмес эле. Кашаттагы кара чыйырчык уялаган жарга көп барамын. Алар чочубасын деп шыбыш чыгарбай сак басамын. Алыстан туруп, жар боорундагы кол баткыдай оюктарды ичимден санаймын. Себеби ар бир оюк өзүнчө уя. Мына, уялардын бири бүтөлдүбү, же бузулдубу, же чыйырчык таштап кеттиби деген ой келет. Көрсө, мен жөн эле чочулайт экенмин. Четтен кырсык болбосо жар боорундагы уя бузулбайт тура» [308].

Текстин ушул бөлүгүн талкуулоо үчүн балдар үч топко бөлүнөт. Ар бир топтун лидери (команданын капитаны) шайланат.

Биринчи топко суроо: Эне эмне үчүн баласына эскертүү берип жатат?

Экинчи топко суроо: Бала кашаттагы кара чыйырчык уялаган жарга эмне үчүн көп барат?

Үчүнчү топко суроо: Бала эмне үчүн уяларды кайра-кайра санай берет?

Бул суроолорду топто талкуулап алышат да, топтордун лидерлери жыйынтык жоопту айтат. Ал жоопторду жалпы класс талкуулайт.

Жаттоого берилген сүйлөм – «Уяга колуңду тийгизбей жүр. Энеси жумурткасын баспай коёт».

Жалпы класска суроо: Балдар уяга колду тийгизип койсо, эмне үчүн энеси жумурткасын баспай коёт?

Бул талаш-тартыш жаратат. Ал талаш мугалим тарабынан жыйынтыкталат.

Экинчи бөлүм: «Бир жолу обочодон абайлап турганымда четки уядан чыйырчык учуп чыкты. Ошол замат так төбөмдөн «шуу» эткен коркунучтуу дабыш угула калды. Кайдан-жайдан жетип келген ителги чыйырчыкты «шап» илип алып, туура жакка зыпылдай учту. Азыр эле уясынан чыккан чыйырчык тырмактуунун чеңгелинде калды.

Эми балапандары чыкпай калат деп, үйгө ыйлагыдай болуп келдим». [308].

Ушул жерден окуу китебиндеги коюлган төмөнкүдөй суроо жалпы класска берилет: Силердин оюңар боюнча окуя мындан ары кандай уланат? Эмне үчүн?

Андан кийин топтор төмөнкүдөй суроолорду талкуулайт.

Биринчи топко суроо: Чыйырчык четки уядан эмне үчүн учуп чыкты? Чыйырчык кандай канаттуу?

Экинчи топко суроо: Ителги кандай канаттуу? Эмне үчүн чыйырчык ителгинин чеңгээлинен кутула албай калды?

Үчүнчү топко суроо: Канаттуулардын кармашына баланын неге ачуусу келди, ал эмнеге боору ооруду?

Үчүнчү бөлүм: «Аянычтуу окуяны угуп, энем мени сооротту:

– Тырмактууга чыйырчык жем, азуулууга чаарчык жем. Тагдыр ошондой, балам. Эми анын уясын басып, балапанын чыгарчусу бардыр.

Көп кечикпей мен жарга келдим. Уя баскан чыйырчыктын төбөсү, же тумшугу көрүнчү мурда. Азыр да четки уядан ошондой тумшукту көрүп, кубанып кеттим. Энем: «Басып чыгарчусу бардыр», – дебеди беле. Чын эле, жетим уяда чыйырчык бөжүйт. Кантсе да эне чыйырчыктын түгөйү го.

Ошол замат үйгө келип, көргөнүмдү энеме айттым. Ууяны бөтөн чыйырчык басып калганына энем да кубанды:

– Ал – түгөйү тура. Жалгыз калган кургур жемден куруйт эми.

Мен да чыйырчыкка кантип жем берүүнүн аргасын ойлодум. Өз колумдан келер эместей. Бир айылдын балдары кеңешип, ошол уяга жеткидей укуруктун учуна калай челекче бекиттик. Ага көпөлөк, курт, чымын салдык. Анан аны жар бооруна тикесинен жөлөп койдук.

Албетте, биз койгон жем чыйырчыкка азык болду дечи. Күндөр өткөн соң, уянын четинен сары ооз балапандар көрүнгөн кезде кызык окуя болду. Билбейм, биз койгон жем жетпей жаттыбы, айтор, уядагы чыйырчыкка башкалары жардам этишкени байкалды. Бири кетсе, бири жем тиштеп келип, уядагы сары ооздорго берет.

Бул күйүмдүүлүктү укканда, чоң кишилер да таң калышты. Анан:

– Башына оордук келгенде, биз кишилер ушул чыйырчыкчалык жардам этебизби? Ар кимибиз өз-өз түйшүгүбүз менен убара болуп, күйүмдүүлүк да эстен чыгат. Эмне, тигил чыйырчыктардын өз түйшүгү жок бекен!? Тырмактуулар кол салат ал бечараларга. Оор күндөрү жем табылбай калат.

А күйүмдүүлүктү ушул чыйырчыктардан үйрөнсөкчү!..» [308].

Тексттин бул бөлүгүн талкуулоо жана бышыктоо үчүн текст көркөм окулган соң жалпы класска төмөнкүдөй суроолор берилди:

1. Бала эмне үчүн аянычтуу окуяны энесине айтып берди?

2. Бул окуяны угуп энеси кайдыгер гана болуп койдубу же ал баланы алдадыбы?

3. Автор ууяны неге «жетим уя» деп атайт?

4. Балдар кеңешип балапандарга кандай жардам бермек болду жана анын пайдасы чыктыбы?

5. Автордун аңгемеде окурмандарына койгон суроолоруна жооп табалы: «Башына оордук келгенде, биз кишилер ушул чыйырчыкчалык жардам этебизби? Ар кимибиз өз-өз түйшүгүбүз менен убара болуп, күйүмдүүлүк да эстен чыгат. Эмне, тигил чыйырчыктардын өз түйшүгү жок бекен!?» [308]

6. Адам жашоосундагы чыйырчыктардын мааниси жана жаратылыштагы пайдасы.

Мына ушул суроолордун айланасында жооптор айтылуу менен аңгеменин мазмуну өздөштүрүлөт. Андан кийин бир нече кадам менен чыгарма бышыкталат.

1-кадам: Аңгемеден окуучуларга жеткирилүүчү жазуучунун тил байлыктарынын ичинен төмөнкүдөй макалдын мааниси чечмеленет: «Тырмактууга чыйырчык жем, азуулууга чаарчык жем». Анын маанисин чечмелөөдө мугалим кыргыз элинин байыртадан келе жаткан турмуштук түшүнүктөрүнө баа берет, жаратылыштагы жаныбарлардын кармашы боюнча мисалдарды айтат, мисалдарды айтууда окуучулардын билгендери суралып, алар жалпыланат.

2-кадам: Төмөндөгү туруктуу сөз айкаштарынын мааниси түшүндүрүлөт: «жумуртка басуу», «четтен кырсык болуу», «зыпылдай учуу», «тырмактуунун чеңгелинде калуу», «башына оордук келүү», «тырмактуулар кол салат». Булар этнолингвистикалык талдоодон өткөрүлгөндө гана тексттин маанисин түшүндүрүү тереңдейт.

3-кадам: Чыйырчыктардын, ителгинен сүрөттөрү көрсөтүлөт.

4-кадам: Музыканын коштоосунда интернеттен же слайддан чыйырчыктардын үнү уктурулат.

Үйгө тапшырма: 1. Чыгарманын негизинде эссе жазуу. 2. «Канаттуулардын адам үчүн пайдасы» деген темада оозеки аңгеме айтууга даярдануу.

Сабактын аягында активдүү катышкан окуучулардын ишмердүүлүгү комментарийленип, билимдери бааланат.

Мына ушундай жолдор, ыкмалар менен 3-класста сунуш кылынган балдар жазуучуларынан Темиркул Үмөталиевдин «Наристе чакта көргөнүм», Түмөнбай Байзаковдун «Биз силердей кезибизде», «Атам кызык киши эле», Чыңгыз Айтматовдун «Кичинекей тилмеч» деген аңгемелери талкууланат. Бул төрт аңгеменин жалпы окшоштугу – биографиялык чыгармалар экендиги, б.а., аларда жазуучулар өз балалыгында көрүп-билген окуяларды кийин атактуу жазуучу болгондо баяндап бергендигинде.

Аталган чыгармалардан этнопедагогикалык идеяларды сууруп чыгуу үчүн мугалим төмөнкүдөй багыттарды көрсөтөт:

- жазуучунун балалыгы – кыргыз эл турмушу менен тыгыз байланышта өткөндүгү;
- улуттук салттардын бала тарбиясына тийгизген таасири;
- жазуучу-авторлордун элдик тилдин байлыктарын өздөштүрүүсү ж.б.

3-класстын «Адабий окуу» предметинде балдар жазуучусу Сулайман Рысбаевдин «Бир түйүнчөк акча», «Үзүлбөй калган гүлдөр», «Ай, көк музоо, ай!» деген үч аңгемеси окутулат. Бул аңгемелерде элдик тилдин бай лексикасы колдонулуу менен жазылып, аларды башкы каармандары улуттук мүнөздү алып жүрүүчүлөр, кыргыздык ыйман-адептен тарбия алгандар, салттуу малчылык менен инсан катары калыптанып жаткандар.

Ошентип, 3-класста балдар жазуучуларынын 23 аңгемеси, 4 уламышы, 5 жомогу, 1 повесттен үзүндү окулат. Алардын баарында элдик педагогикалык идеялар берилген, ошол идеяларды алдыңкы планга алып чыгуу – мугалимдин чыгармачылык ишмердүүлүгүнө байланыштуу.

### 3.2. IV класстарда балдар жазуучуларын чыгармаларын окуп үйрөнүүнүн каражаттары, окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруунун формалары жана методдору

IV класс жалпы орто билим берүү курамында өзгөчө турган класс. Анткени бул класстын окуучулары 10-11 жаштагы өспүрүм курактагылар болуп, алардын дүйнөнү кабыл алуусу да, кыймыл-аракети да абдан активдүү фазада турган убактысы болот. Ошол эле кезде бул класс башталгыч класстардын жыйынтыктоочу классы болуп, балдардын көркөм окуу ишмердүүлүгү бир топ калыптанып калган, сүйлөө жана жазуу кеби өз жолуна түшкөн этап болуп саналат.

Бул мезгилде адабий окуунун башкы ишмердүүлүгү көркөм текст менен иштөө болуп эсептелет. Текст – бул автордук ой камтылган сүйлөм же сүйлөмдөр. Анын ар бир курамы жазуучу үчүн да, мугалим үчүн да, окуучу үчүн да маанилүү атрибут.

Башталгыч класстарда көркөм прозалык текст менен иштөөнүн бир катар эффективдүү жолдорун сунуш кылдык:

1. Тексттин аталышы менен анын ички мазмунунун байланышы, б.а., аталышы (аты) ички окуяларга, б.а., мазмунга ылайык келеби же жокпу?
2. Окуучунун (окуучулардын) текстиге башка аталыш коюшу, ар бир окуучунун текстеги койгон атын аргументтеп, туура же туура эмес экендигин далилдеп бериши.
3. Окуучулардын текстти майда бөлүктөргө бөлүп, ар бир бөлүккө өзүнчө ат коюп чыгышы.
4. Тексттеги түшүнүксүз сөздөрдү бир нечеге бөлүп дептерине жазышы (такыр түшүнүксүз сөздөр; мурда укпаган сөздөр; сөзгө сөздөр кошулганда мааниси түшүнүксүз болуп калган фразиологиялык түрмөктөр; анча-мынча түшүнүктүү болуп, бирок мааниси толук билинбеген сөздөр ж.б.).
5. Текстте автор көп колдонгон сөздөр жана сөз айкаштары.
6. Тексттеги сүйлөшүүлөр (диалогдор) жана автордук баяндоо, аларды айырмалай билүү.
7. Текстти көрктүү окуу.
8. Текстти шар окуу.
9. Текстти түшүнүп окуу.
10. Текстти түшүндүрүп окуу.
11. Текстти жалгыз окуу.
12. Текстти ролдоштуруп, бир топ окуучу биригип окуу.
13. Текстин негизинде мугалимдин жана башка окуучулардын суроолоруна жооп берүү.
14. Тексттеги каармандардын жүрүш-турушуна баа берүү.
15. Тексттин маанисин ачуу.
16. Тексти башка тексттер менен салыштыруу ж.б.

Мына ушул ишмердүүлүктөрдү биз да балдар жазуучуларынын чыгармаларын 4-класста этнопедагогикалык негизде окутууда эске алдык. Текст – бул мугалим менен окуучунун чыгармачылык байланышы үчүн,

окуучулардын этнопедагогикалык компененттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн чийки материал, ал жазуучунун окурман үчүн гана жазган эмгеги, ошол чийки зат окуу китебинен авторлорунун, методисттердин, мугалимдин чыгармачылык ишмердүүлүгүнөн кийин гана окуучу үчүн даяр азык болот, ошол аракеттерден кийин гана балдар жазуучунун идеясын тереңирээк кабыл алып, тарбиялык таасирин көрөт.

4-класста Касымаалы Жантөшевдун «Ысык-Көл жөнүндө сөз» аттуу уламышы окутулат. Сабактын эффективдүүлүгү үчүн ар кандай заманбап технологиялар менен Ысык-Көлдүн сүрөттөрү, видеолору, суунун шарпылдап турган үндөрү, текстин Чыңгыз Айтматов жазып, обонун Муратбек Бегалиев чыгарган, Гүлнур Сатылганова аткарган «Ысык-Көлдү сагынуу» деген ыр бөлүк-бөлүк болуп сабактын арасында угузулуп турат.

Окуу китебинде жогорудагы методисттер белгилеген текстиге чейинки иштер катары мындай суроолор коюлат: «Ысык-Көлдө болдуңар беле? Ошондо мындай керемет көл кайдан, кантип жаралды экен деп ойлодуңар беле?» [221]

Бул класста окуучулардын көпчүлүгү Ысык-Көлдө болгону менен ал көлдүн кантип, кандайча пайда болгондугун айтып бере алышпады.

Окуучулар терең түшүнүү жана чаташтырбоо үчүн адабият термини катары уламыш тууралуу маалымат көрүнөө жерде турат.

| |
|---|
| Уламыш – кайсыл бир жердин, суунун, буюмдардын, табият көрүнүштөрүнүн келип чыгышы тууралуу болжолдонуп, жоромолдонуп айтылган элдик оозеки чыгармачылык. Жазуучулар мына ошол уламыштарды кайра иштеп чыгып, көркөмдөп окурмандарга жеткирет. Ысык-Көлдүн кандайча пайда болгондугу тууралуу ар кандай варианттардагы уламыштар айтылып келген. |

Уламыш тууралуу окуучулардын түшүнүгүн бышыктоо үчүн алардын өздөрү жашап жаткан аймактагы айрым жер-суулардын аталып калышы жөнүндө билгендери талкууланат. Ар бир кыргыз уламышына этнопедагогикалык маани камтылган, аларга элдин педагогикалык түшүнүктөрү сиңдирилген, ошон үчүн кыргыз балдарды айлана-чөйрөдөгү

жерлердин баарын ыйык тутуп, алардын жөн жерден пайда болбогондугуна ишенишет.

Бир уламышта ушул жерде абдан бай хан жашаган. Ошол эле аймакта кедейдин сулуу кызы болуп, ага бир күнү түшүндө бир жигит шекек салып кетет да, «мени күт» дейт. Күтөт. Келбейт. Анын сулуулугу тууралуу хан да угат. Күч менен аял кылып алууга камынып жатканда кыз хандын сарайынан боюн таштайт. Ошол убакта суу чыгып, ханды да, хандын сарайын да басып калат, сулуу кыз жок болуп сулуу көл пайда, кыздын узун чачтары толкунга айланат.

Дагы бир вариантта бул жерде адилетсиз, жүзү кара, зулум калмак ханы жашаган. Ал адамдарды ак-карасына карабай ырайымсыз жазага тарта берген. Бир жолу ага бир мусапыр кедей барып, элге жеңилдик берүүсүн суранат. Хан аны бул жолу кечирети да, кийинки жолу айыпка жыкмак болот. Ошол киши бир кудуктун түбүндө селдин кабыгы бар экенин билет экен. Элди качырып ийип, өзү тулпар аты менен барып ошол кудуктагы чанач сыяктуу селдин оозун ачып таштап качат. Хан бүт байлыгы менен көл астында калат.

Үчүнчү бир вариантта келин баласынын жалаягын сүткө жууганы үчүн жараткандан жаза алып, суу басып кеткен делет. Дагы бир уламышта суу дандырдын ичинен чыгат.

Мына ушундай Ысык-Көл тууралуу башка уламыштарды таап, жазып келүү тапшырмасын үйгө берүүгө болот.

Жогорудагы уламыштардын дээрлик баарында Ысык-Көл адилетсиз адамдарды, ыймансыздарды жазалоо үчүн суу баскандан пайда болгондугу, байлыкка жана бийликке эсиргендерге таалим берүү, аларды тарбиялоо үчүн чыгарылгандыгы, ооздон оозго, муундан муунга айтылып келгендиги түшүнүктүү болот.

Касымаалы Жантөшевдун чыгармасын окуп үйрөнүүдөн мурда жазуучунун сүрөтү илинет жана анын биографиясы тууралуу маалымат менен тааныштырылат.

| |
|---|
| Касымаалы Жантөшев – 1904-жылы Түп районунун Тепке деген айылында туулган. Ал туулган айыл дөңсөө жерде болуп Ысык-Көл көрүнүп турган. 1918-1924-жылдары айылдык мектепте окуйт. 1931-жылдан тартып эл агартуу, басма, маданият тармактарында иштейт. Жазуучунун «Каныбек» романы ар бир кыргыздын колунан түшпөгөн китеп болгон. Ал кыргыздын тил байлыктарын: макалдарды, ылакаптарды, учкул сөздөрдү, эскирген жана тарыхый сөздөрдү өтө чеберчилик менен колдонгон. |

«Ысык-Көл жөнүндө сөз» аттуу уламышты этнопедагогикалык негизде окутуу үчүн текстти талдоодо мугалим суроолор жана жооптор хронологиясын жазып алат. Алар болжолдуу мындай:

**Таблица 3.2. – Тексттин бөлүктөргө бөлүнүшү, суроолор жана жооптор**

| **текстин бөлүгү** | **суроо** | **жооп** |
|---|---|---|
| I | Ысык-Көл азыркы аты менен атала электеги аты кандай эле? Ал кайсыл жерде жайгашкан? | Илгери-илгери азыркы Ысык-Көлдүн орду мелтиреген мейкин талаа болуп, чыгыш менен батыштан келген суулар биригип, Чар дайра аталып, Боом аркылуу Чүйдү көздөй агып жатчу экен [308]. |
| II | Ошпур деген ким жана кандай адам болгон? | Мына ошол убакта, оозунан от жанган, кылычынан кан тамган, Ошпур элге салык салат, айына бир жигитти кезек менен салыкка алат. Эмне болгону белгисиз ал жигит ың-жыңсыз жок болот да калат [308]. |
| III | Абышка-кемпир жана алардын | ...каардуу кандын кол алдында Абыгый аттуу абышка жашап, анын Адыргы аттуу жалгыз уулу болот. Күндөрдүн биринде, каардуу кандын |

| | | |
|---|---|---|
| | жалгыз уулу тууралуу кандай маалыматтар айтылат? | кезектүү салыгы ошол Адыргыга келет. Абыгый байбичеси Маасымкан экөө ыйлап-сыктайт. Баласы Адыргы өлүмгө бара жатканын, анын кайра келбесин билишет. Бирок Абыгый менен Маасымкан экөө аркы-беркини көп билген кишилер экен [308]. |
| IV | Баласын өлүмгө узатып жатып кемпир-чал кандай арга ойлоп тапты? | Маасымкан эмчегин саап, анын үстүнө камыр жууруп, ал камырдан боорсок бышырып Адыргыга берет. – Эптеп ушул боорсокту канга жегиз! Бирок өзүң жебе, жерге таштаба, жесең дароо муздак суу ич! – Абыгый менен Маасымкан айта турган акылын Адыргыга айтышып, ыйлап-сыктап коштошот [308]. |
| V | Ошпурдун элден жашырган кандай сыры бар эле? | – Ээк-башымды мөлтүрөтүп, башымды жалтыратып жакшы алгын! – деп Ошпур сакалын алдырып, мурутун серптирип, чачын кырдырууга отурат.<br>Анын кулагы бир эсе эшектин кулагына окшосо, бир эсе чочконун кулагына окшойт. Ал эки кулагынын учуна бүчү тагып төбөсүнө байлап койгон экен. Адыргы бүчүсүн чечип, кандын кулагын ылдый кое бергенде, кулактары шалпайып ээгинен төмөн түшүп, бет маңдайынан караганда, кадимки семиз чочконун каманына окшой түшөт. «И, ушул кебетемди элге айтып коёт деп, чачын алдырган жигиттердин бардыгын өлтүрүп салат экен го?» – деп Адыргы ойлоду да, Ошпурдун чачын унчукпай ала баштайт [308]. |

| | | |
|---|---|---|
| VI | Адыргы энеси жасап берген боорсокту Ошпурга кандай айла менен жедирди? Бала өз жумушун кандай аткарды? | Ал энеси жасап берген тогуз боорсокту жеңине салып, кандын чачын алып жатканда, анда-санда, чачын тосуп отурган этегине боорсоктон бирден түшүрүп коюп турат. – Э, жарыктык, менин насибим үчүн бул боорсок кайдан түшүп жатат? – деп Ошпур түшкөн боорсокту улам алып жейт. Адыргы унчукпайт. Бирок, Адыргынын жеңинен сегиз боорсок түшүп, бирөө такыр түшпөйт. Кандын каарынан чочулап, жеңинен түшпөгөн боорсокту Адыргы карай албайт. Ошентип, Адыргы кандын сакалын тазалап, мурутун серпип, чачын алып бүтөт. Эки кулагын төбөсүнө байлап, тебетейин кийгизет [308]. |
| VII | Адыргы жашыруун сырды Ошпурга эмне үчүн, кантип ачып берди? | – Эми, жигит, ишиң бүттү, өлүмгө моюнуңу сун! – деп Ошпур кылычын суурат.<br>– Жок, кан аба! Сиз мени өлтүрө албайсыз. – Эмне үчүн?<br>– Сиз мени менен эмчектеш болуп калдыңыз!<br>– Кандайча болуп?<br>– Жана чачыңызды алдырып жатканда жеген боорсокторуңуз менин энемдин ак сүтүнө жуурулган боорсок болчу.<br>– О, адашкан жаным, аны билбей калбадымбы... Аттиң, арман ай!.. Кайыр, болбостур... [308]. |
| VIII | Ошпурдун Адыргыга койгон шарты жана Адыргынын убадасы | Менин кулагым жөнүндө, башка бирөөлөргө гана эмес, атаң менен энеңе да айтпа. Мындан ары мен чакыртканда келип чачымы алып берип жүр. Мен жөнүндө, кокус башка бирөөлөргө айта турган болсоң, анда сени жана атаң менен энеңди гана эмес, бүтүн элди жана өзүмдү да аябайм! [308]. |

| | | |
|---|---|---|
| IX | Тогузунчу боорсоктун эмне кереметі бар экен? | ...баягы жеңинен түшпөй койгон тогузунчу боорсок түшүп кетет. Адыргы энесинин айтканын эсине түшүрүп, боорсокту алды. Канга кайра алып барып жегизүүдөн чочулап өзү жеп жиберди. Дал ошол замат Адыргынын ичи көөп жаны чыга жаздады. Жан талашып кандын капкакталуу кудугуна жүгүрдү. Анын ичи ошончолук көөп, жан талашкандыктан, «Эшек кулак эшек кан, чочко кулак чочко кан», – деп эчен ирет кайталап айтканын да байкабай калды. Ал капкакталуу кудуктан суу ичип, эс алгандан кийин үйүнө кетти [308]. |
| X | Суу шаарды кантип, эмнеден улам баса баштады | Ошпур кан эртең менен туруп эки жакты караса, капкакталуу кудугунун жанына эл чогулуп жатат. Акырын басып барса, кудуктун жанындагы гүлдөр, түркүн өсүмдүктөрдүн бардыгы: «Эшек кулак эшек кан, чочко кулак чочко кан», – деп үн алыша сүйлөшөт. Карап турган эл каткырып күлүшөт.<br>– И, иттин баласы Адыргы, мен жөнүндө адам менен айбанга гана эмес, жер жүзүндөгү өсүмдүктөргө да жайган тура! деп ойлоду да, кара мүртөз каардуу кан ардanганына чыдабай каарданып, капкакталуу кудуктун суусун ачып жиберет. Суу асманга атылып, шаарды баса баштайт [308]. |
| XI | Бир үй-бүлө шаарды каптаган | Абыгый желмаянын минип Адыргыны учкаштырып, Маасымкан шүдүңгүтүн минип күңгөй тоосуна чыга качат. Чар дарыясынын эки |

| | | |
|---|---|---|
| | суудан кандай кутулду? | жагындагы мелтиреген сары талааны жана шаары менен элди суу басат. Ойдо жок алаамат болуп, далай жандар өлөт, мелтиреген сары талаа төмөн карай чөгөт. Сары талааны жарып аккан Чардын суусу Чүйгө карап акпай калат [308]. |
| XII | Автор уламыштын аягында кандай жыйынтык чыгарат? | «Сары талаанын ордуна көгөргөн Ысык-Көл жаралыптыр, качып кутулган Абыгый менен Маасымкандын тукумунан ушул кыргыз эли жаралыптыр!» дешет [308]. |

Бул уламыш окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн абдан ыңгайлуу, себеби анда төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр бар: текст жеңил, жомок сыяктуу жазылган; адамдардын аттары берилет; уйкашкан жорго сөздүүлүк кездешет; диалогдор чебер жазылган; каармандар өз образын сүйлөгөн сөздөрү аркылуу айтып берет; сүйлөмдөр кыска; уламыштын идеясы таасирдүү; бүтүндөй чыгарма элдик педагогиканын нарктуу салттары менен ширелишип турат.

С.Рысбаев азыркы кыргыз мектептеринин башталгыч класстарындагы адабий окуу сабактары үчүн окутуунун төмөнкүдөй формаларын сунуш кылат:

1. Ээрчишип окуу.
2. Укканын окуу.
3. Таржымалап окуу.
4. Даярданып окуу.
5. Кубалашып окуу.
6. Бөлүктөргө бөлүп окуу.
7. Улантып окуу.
8. Үзүп алып окуу [218].

Жогорудагы тексттин окууда биздин эксперименталдык класстардын мугалимдери окуунун сегиз түрүн тең колдонду. Албетте, бир класста, бир сабакта анын баарын колдонуу мүмкүн эмес, бул формаларды бир эле тема боюнча бир нече класстарда колдонуп көрдүк. Ар бир форманын оң жагы жана

терс жагы аныкталды. Мисалы, улантып окуу ишмердүүлүгүнө бүт класс катышып турат, бири окуп келген жерден экинчиси улап кетет, же үзүп алып окууда кайсыл бир каармандын сөзүн диалогдон бөлүп (үзүп) алат да, ошону гана окуйт. Окуунун мындай түрлөрү окуучулардын текстти толук кабыл алуусу үчүн көңүл буруусун, кабылдоосун, жуп менен жана жалпы класс менен иштөө маданиятын өнүктүрөт.

Мындай чыгарманын тексттин окуу иш-аракеттерин этнопедагогикалык негизде алып баруу үчүн биз төмөнкүдөй ишмердүүлүктүн түрлөрүн сунуштайбыз:

1. Тексттеги карыялардын, аксакалдардын насаат сөздөрүн бөлүп алып окуу.

2. Тексттен макал-ылакаптарды, учкул сөздөрдү, туруктуу сөз айкаштарын таржымалап (маанисин түшүндүрүп) окуу.

3. Текст ичиндеги макал-ылакаптарды, учкул сөздөрдү, туруктуу сөз айкаштарын башка ушундай маанидеги макал-ылакаптар, учкул сөздөр, туруктуу сөз айкаштары менен алмаштырып окуу.

4. Чыгармадан улам акырында же башында автор айткан ибаратты (моралды) аныктап окуу.

5. Чыгармадан улам акырында же башында автор айткан ибаратты (моралды) окуучулардын өз сөзү менен улантып окуусу.

Мындай окуу ишмердүүлүгү ар бир жазуучунун прозалык чыгармалары окутулган сайын кайталанып турса, биринчиден, окуучулар тексттеги жазуучунун идеясын туура кабыл алууга жетишет; экинчиден, чыгармадагы элдик педагогикалык идеяларды бөлүп алат; үчүнчүдөн, окуучулар өздөрү сүйлөмдөрдү түзүп, байланыштуу кеп маданиятын калыптоо компетенттүүлүгү жогорулайт; төртүнчүдөн, өздөрү да көркөм адабият аркылуу адептик, руханий, эстетикалык тарбия алуусуна мүмкүнчүлүк түзүлөт; бешинчиден, турмушта көркөм сөздү кадырлаган, барктаган, чечендик өнөрдү туура түшүнгөн, туура жана так сүйлөй алган инсан болуп калыптанат.

## Үчүнчү глава боюнча корутунду

**III глава «Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы»**деп аталат да, анын *«III класстарда балдар жазуучуларын чыгармаларын элдик педагогика менен байланыштуу окуп-үйрөнүүнүн жолдору жана ыкмалары»* деген параграфында «Адабий окуу» сабагындагы балдар жазуучуларынын көркөм тексттеринин сунушталыш принциптери көрсөтүлөт. Биздин изилдөө боюнча көркөм тексттерде элдик педагогикалык идеялар өзүнчө бөлүнүп турбайт, окуучулар тексти окуу процессинде кыргыз элинин тарбиялык маданияты менен таанышат, дал ошол тарбиялык маданияттын өзүндө элдик педагогикалык идеялар чагылдырылат. Мына ошол идеяларды көрсөтүү үчүн *Т.Касымбековдун «Туулган жер» деген аңгемесинен* үзүндү талдоого алынат. Диссертацияда жазуучу туулган жердин сулуулугун, элдик салттарды, калктын жаратылышка кандай мамиле кылганын, чыгарманын бай тилин окуучуларга жеткирүүнүн ыкмалары жана жолдору көрсөтүлөт. Башкы каарман Тилегендин бир бейтааныш үйгө токтоп, ал жерден суусундук ичиши менен кыргыздардын ата-бабадан бери келе жаткан меймандостук, жолоочуну сыйлоочулук, кирген адамдын ким экенин билбей туруп ак ичириши ж.б. элдик салттары текстти талдоо процессинде ачып берилет. Экинчи учурда аңгемедеги этногеографиялык көрүнүштөр – жер-суу аттары (Кара-Суу, Булуңдун-Сырты, Үч-Курат, Мал-Калды, Ак-Жол) анализге алынып, алардын келип чыгыш этимологиясы окуучу менен мугалимдин ишмердүүлүгүндө ачылып берилет. Жер-суунун көрүнүшүн жазуучунун сүрөттөп бериши, пейзаждык көрүнүштөрдү чагылдыруудагы улуттук колориттүүлүгү сабакта таблица формасында чагылдырылат.

Этникалык маданият менен терең байланышкан сүрөттөө – каармандардын иш-аракетиндеги улуттук белгилерди көрсөтүү, аны үчүн башкы каармандын ат минип чыгышы, жолдо атын кароосу, аны откоруп, суугарып туруусу, минген атка кылган мамилеси тексттин этнопедагогикалык

белгилери менен ар тараптуу байланышат. Диссертациянын 3-главасынын бул бөлүмүндө кыргыздардын минген атына кылган мамилеси, жылкыны кастарлоосу элдик педагогиканын булактарына таянылуу менен ачып берилет. Т.Касымбеков «Туулган жер» аңгемесинде жаш өспүрүм Сатыкулдун кандай адам экенин сыноо үчүн анын кыргыз эли байыртадан колдонуп келген педагогикалык салттарына көңүл бурганына басым жасайт. Сабакта этнолингвистикалык түшүнүктөр менен иштөөнүн өзгөчө маанисин көрсөтүү үчүн тексттеги «жекен», «аргымак», «аргымак оозун чойдуруу», «караны минүү», «каранын оозун чойдуруу», «калкына кетүү», «киндик каны тамган», «биринчи жолу таманын койгон», «бармак басым бир айыл» ж.б. сөздөрдүн, сөз айкаштарынын мааниси чечмеленет. Бул түшүнүктөр элдин маданияты, этнографиясы, этнопедагогикасы менен тыгыз байланыштуу экендиги сабакта талдоого алынат.

3-класста балдар жазуучуларынан *Дүйшөн Сулаймановдун «Балапан»* деген аңгемеси окутууда автор тууралуу маалымат берилет, андан кийин текст көркөм окулат, анда тоодо өскөн кыргыз балдарынын ой жүгүртүүлөрү, жашоо тиричилиги, аталардын салтын улантышы көрсөтүлөт. Окуучулар менен бирге «темир канат» жана «сары ооз» деген сөздөрдүн маанилери чечмеленет. Сабакта окуучулар менен кыргыздардын жаныбарларга карата элдик ишенимдеринин маанисин, максатын талкуулоо процесси ушул бөлүмдө чагылдырылып, эл элдик гумандуу педагогика экендиги тастыкталат. Аңгеменин идеясы «Эр Төштүк» эпосундагы, Асан Кайгынын ырларындагы, «Кожожаш», «Карагул ботом» дастандарындагы элдик гуманисттик, элдик экологиялык идеялар менен салыштырылат.

Сабакта текстти терең түшүнүү үчүн колдонулган ыкмалар катары төмөнкүлөр көрсөтүлөт: текстти үн кубултуп окуу; тексттин мазмунун айтып берүү; тексти жактарды өзгөртүп айтып берүү; тексттин негизинде план түзүү (жөнөкөй жана татаал); интернеттен балапандардын учуп жүргөнүн, сайраганын көрүү; балапандар тууралуу ыр окуу; балапандардын сүрөтүн тартуу; айлана-тегеректен учуп жүргөн канаттууларга, алардын балапандарына

байкоо жүргүзүү; «Мекентаануу» китебиндеги жергебиздин канаттуулары тууралуу материалдар менен байланыштыруу.

Андан ары бул параграфта *Түгөлбай Сыдыкбековдун «Мээримдүү канаттуулар»* деген аңгемесин окутууда элдик педагогикалык идеяларды көрсөтүүнүн ыкмалары, жолдору, каражаттары чагылдырылат. Бул чыгарманы окутууда текст окуу, текстти талдоо, топтор менен иштөө, туруктуу сөз айкаштарынын маанисин түшүндүрүү, сүрөттөрдү көрсөтүү, музыканын коштоосунда интернеттен же слайддан чыйырчыктардын үнүн уктуруу, чыгарманын негизинде эссе жазуу, «Канаттуулардын адам үчүн пайдасы» деген темада оозеки аңгеме айтуу ж.б. методикалык жолдор сунушталат жана аларды өткөрүү жолдору чагылдырылат.

Мына ушундай жолдор, ыкмалар менен 3-класста Темиркул Үмөталиевдин «Наристе чакта көргөнүм», Түмөнбай Байзаковдун «Биз силердей кезибизде», «Атам кызык киши эле», Чыңгыз Айтматовдун «Кичинекей тилмеч» деген аңгемелерин окутуу технологиялары баяндалат.

*«IV класстарда балдар жазуучуларын чыгармаларын окуп үйрөнүүнүн каражаттары, окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруунун формалары жана методдору»* аттуу экинчи параграф башталгыч класстардын жыйынтыктоочу классында балдардын көркөм окуу, адабий чыгарманы талдоо, чыгарманынын негизинде ой жүгүртүү ишмердүүлүгү менен байланышкан технологияларды көрсөтүү менен байланышат. Мында көркөм текст түшүнүгүнө аныктама берилди, көркөм окуунун маани-максаты, этаптары аныкталды.

Биздин методикалык ыкма боюнча 4-класста *Касымаалы Жантөшевдун «Ысык-Көл жөнүндө сөз»* аттуу уламышын окутуу процессинде Ысык-Көлдүн сүрөттөрү, видеолору, суунун шарпылдап турган үндөрү, текстин Чыңгыз Айтматов жазып, обонун Муратбек Бегалиев чыгарган, Гүлнур Сатылганова аткарган «Ысык-Көлдү сагынуу» деген ыры заманбап технологияларды пайдаланылып үйрөнүлөт. Мында сабактын натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору: уламыш тууралуу адабий-териялык түшүнүк берүү; тексттерди

бөлүктөргө (он эки бөлүк) бөлүп окутуу, ар бир бөлүк боюнча суроо-жооп уюштуруу; уйкашкан жорго сөздөрдү талдоо; диалогдоштуруу; окуу (ээрчишип окуу, таржымалап окуу, улантып окуу, бөлүктөргө бөлүп окуу ж.б.) ж.б. Бул уламыштын идеясы бүгүнкү күн үчүн өтө актуалдуу болуп, ал элдик педагогиканын нарктуу салттары менен ширелишип турат.

Ошентип бул главада башталгыч мектептин 3-4-класстарында балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутууну кыргыз элинин педагогикалык салттары менен байланыштыруу боюнча өзүбүздүн методикалык сунуштарды чагылдырдык.

# ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Жалпы билим берүүчү мектептердин 3-4-класстарында окуучулардын окуу ишмердүүлүгү, дүйнөнү жана адамды таанып билүүгө болгон кызыгуулары жогорулаган учур болгондуктан алардын нравалык-адептик сапаттарын, акыл-эсин, эстетикалык табитин жогорулатууда адабий көркөм чыгармалардын орду чоң. Адабий чыгармаларды туура окуу, талдоо, андагы эмоционалдык-экспрессивдик маанини түшүнүү үчүн окутуунун салттуу методдору менен жаңы – заманбап технологияларын айкалыштыруунун зарылдыгы турат. Биздин «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деп аталган диссертациялык изилдөөбүз азыркы учурдагы «Адабий окуу» сабагынын мугалиминин кесиптик даярдыгын, профессионалдык компетенттүүлүгүн этнопедагогикалык аспектиден жогорулатууга багытталган.

Диссертацияда иштин максатына, милдеттерине ылайык төмөнкүдөй жалпы жыйынтыктарды чыгардык.

**Биринчи милдет** кыргыз адабиятындагы балдар үчүн жазылган прозалык чыгармаларынын этнопедагогикалык мазмунун, таалим-тарбиялык функцияларын жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-маңызы аныктоо болгондуктан дүйнөлүк илимдердин соңку жетишкендиктерге таянып, «балдар адабияты», «балдар адабиятынын спецификасы», «балдар жазуучулары», «көркөм чыгармалардагы этнопедагогикалык негиз» деген түшүнүктөрдүн аныктамаларын тереңдеттик, темага ылайык конкреттештирдик. Балдар жазуучуларынын чыгармалары дегенде биз прозалык текте жазылган, балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылган аңгемелерди, уламыштарды атап, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы таанып-билүүчүлүк жана тарбиялык функцияларын ачып бердик. Кыргыз элинин кылымдар бою топтоп, муундан-муунга өткөрүлүп келген элдик педагогикалык салттары жазуучулардын көркөм чыгармаларынын мазмунуна кеңири сиңдирилген жана алар азыркы

адамзаттын ой жүгүртүүсүнө синтезделген. Мына ушул руханий байлык башталгыч мектепте өз деңгээлинде оптималдуу методикалык ыкмалар жана жолдор менен үйрөнүлүүгө тийиш, ошондо гана мамлекеттик стандартта, окуу программасында талап кылынган шарттар аткарылары диссертациябызда тастыкталды.

**Экинчи милдет** катары башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн тарыхый эволюциясына жана анын изилденишине обзор берүү проблемасы каралган. Кыргыз жазуучуларынын балдар үчүн жазган прозалык чыгармалары XX кылымдын 20-30-жылдарынан башат алат. Адегенде элдик оозеки чыгармалардын негизинде аңгемелерди, жомокторду жаза башташат (А.Токомбаев, К.Баялинов) да, бара-бара жаңы социалисттик турмуштагы балдардын образын түзүүгө өтөт (Т.Садыкбеков, С.Сасыкбаев, К.Маликов). Ушул эле мезгилде алгачкы окуу китептери иштелип, балдар жазуучуларынын чыгармалары иргелип ошол китептерге киргизилип, авторлор өздөрү да орус адабиятынын үлгүсүндө моралдык-этикалык идеядагы чакан аңгемелерди жазышкан (К.Тыныстанов). III-IV класстарда окутулуп келген балдар жазуучуларынын чыгармаларына анализ берүү жана алардын изилденишин талдап көрүү бул процесс совет өкмөтүнүн жана анын жалгыз партиясынын чечимдерин, идеяларын аткаруу менен көп учурда саясатташтырылып келгенин, тематикалык жактан чектелгендигин белгилеп көрсөтүүгө болот. Проблеманын изилденишине Э.Бердибаев, Б.Рысбекова, К.Сартбаев, З.Маразыкова, С.Рысбаев, Б.Абдухамитова, С.Сакиева, А.Токтомаметов, А.Саттарова ж.б. окумуштуулар ар тараптуу салым кошкон, бирок конкреттүү алганда III-IV класстарда прозалык чыгармаларды этнопедагогикалык негизде окутуу багыты системалуу каралган эмес.

Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын (3-4 класс) изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана илимий методдорун аныктоого байланышкан **үчүнчү милдетке** ылайык бир кылымга жакын мезгилдеги балдар

жазуучуларынын чыгармалары, окуу программалары, окуу китептери, методикалык адабияттар изилдөөгө алынды. Изилдөөнүн методологиялык негиздери катары философиялык, педагогикалык, психологиялык эмгектер жыйынтыкталды. Изилдөөнүн методдору катары окуу-нормативдик документтери, мугалимдердин иш тажрыйбалары үйрөнүлдү, эмгекте жазууда аңгемелешүү, окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн талдоо, педагогикалык эксперимент ж.б. методдор колдонулду.

**Төртүнчү милдет** башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн формаларын жана методдорун иштеп чыгуу, аларды эксперименттен өткөрүп, жарактууларын практикага сунуштоо болгондуктан «Адабий окуу» предметиндеги балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун ыкмаларын, каражаттарын, формаларын иштеп чыктык, айрым сабактардын үзүндүлөрүн баяндап бердик. Дал ушул милдетке ылайык сунуш кылынган технологияларыбыз мектептерде педагогикалык эксперименттер аркылуу текшерилди, бул болсо биздин методикалык ыкмалардын, каражаттардын, жолдордун тууралыгын тастыктады жана илимий изилдөөбүздүн практикалык баалуулугун жогорулатты.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык изилдөөдөн алынган жалпы жыйынтыктар башталгыч мектептин III-IV класстарда балдар жазуучуларынын прозалык чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча төмөнкүдөй практикалык сунуштарды айтууга негиз берди:

1. Азыркы кыргыз мектептериндеги билим берүүнүн мазмунун этнопедагогизациялоо – улуттук менталитетти, улуттук рухту, көптөгөн кылымдар бою элдин практикалык иш-аракеттеринде колдонулуп келген баалуулуктарды кийинки муундарга жеткирүү болгондуктан бул

ишмердүүлүктүн зарылдыгы мезгил өткөн сайын улам актуалдашып келе жатат жана бул процесс көптөгөн изилдөөлөрдү талап кылат.

2. Башталгыч класстарды адабий чыгармаларды, алардын ичинде жазуучулардын прозалык чыгармаларын окуп-үйрөнүү, анын башкы ишмердүүлүгү болгон адабий талдоо процесси ошол тексттеги автордун идеялык концепциясындагы, тилдик байлыгындагы элдик педагогикалык асылнарктарды туура түшүнүү жана окуучуларга туура түшүндүрүү менен байланышууга тийиш.

3. Окуучуларга этнопедагогикалык идеяларды сиңдирүү алардын азыркы учурдагы психологиялык өзгөчөлүктөрү, кызыгуулары (мобилдүүлүк, интернет колдонушу, заманбап технологияларга жакындыгы, көркөм адабияттарды окууга кызыгууларынын төмөндүгү ж.б.) сыяктуу объективдүү жана субъективдүү факторлор менен байланыштуу ишке ашырылышы зарыл.

4. Биздин изилдөөгө ылайык балдар жазуучуларынын прозалык чыгармаларынын антологияларын, хрестоматияларын мезгил-мезгили менен жаңыдан чыгарып туруубуз керектигин, мектеп мугалимдеринин балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу боюнча тажрыйбаларын топтоп, жыйынтыктап, кайра мугалимдерге сунушташыбыз зарылдыгын, этнопедагогика боюнча окуу китептерин, сөздүктөрдү түзүп, практик мугалимдерге жеткирүүбүз мезгил талабы экендигин тастыктады.

# ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Абакиров К. Жанровое своеобразие киргизской советской детской литературы и проблема становления нового героя: 1924-1956 г.г.) [Текст]: автореф. дис. ...канд. филол. наук. – Алматы, 1987. – 20 с.

2. Абдымомунова, Г.А. «Манас» эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо [Текст]: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01. / Г.А.Абдымомунова – Б.: 2009. – 19 б.

3. Абдыраимова, Р.А. Кыргызская этнопедагогика и воспитание детей [Текст] / Р.А.Абдыраимова. – Киев: 1997. – 187 с.

4. Абдукаимов У. Адабият хрестоматиясы: Башталгыч мектептер үчүн, I бөлүк. 3-окуу жылына арналган [Текст] / У.Абдукаримов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1933. – 71 б.;

